
Цена р 17

РАХМАН РАЗЫКОВ



# КӨӨДӨН КЫЙКЫРЫГЫ

Кр Скогр Р17



*Рахман Разыков*

**Рахман Разыков**
**Кадырбек Керимбаев**

# КӨӨДӨН КЫЙКЫРЫГЫ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

Токтогул Са...
Ош облустук китепкана
ИНВ № 476940

Бишкек 2017

УДК
ББК
Р

**Разыков Рахман.**
Р Көөдөн кыйкырыгы: – Б.: 2017.
– 268 б.

ISBN

Аннотация

Р ____________ УДК ___
ББК ____

ISBN 978-_________
© Разыков Р., 2017
© Керимбаев К., 2017



**Автордон.**

Урматтуу окурман эскертүү!

Эгерде сиз саясатка кызыкпасаңыз, акыркы учурда Кыргызстанда болуп жаткан мамлекеттин тагдырын чечүүчү окуяларга көңүл кош карасаңыз, балдарыңыздын келечеги сизди ойлондурбаса, бийликке айта турган өзүңүздүн көз карашыңыз жок болсо, анда бул китепт сиз үчүн эч кандай кызыкчылыкты жаратпайт деп ойлойм.

# КӨӨДӨН КЫЙКЫРЫГЫ

Баары билип... айтпай жүргөн сыр кылып,
Каткан ишти айтам дастан ыр кылып.
Жамгыр болуп төгүлбөсөм бүгүн мен,
Жүдөп турам жүрөктөн жаш кылгырып,
Узун түндө уйку бербей кыйнаган.
Бул көөдөндөн жарып чыккан кыйкырык!

Ызы-чуудан чаң көтөргөн куюндай,
Балким калар менин үнүм угулбай.
Акыл калчап азаматтар уккула,
Ажоолука жанталашып жулунбай
Кесилсе да далай баштар бей күнөө,
Келген дайым сөз чынынан бузулбай.

Аалмустактан чектей болуп сызылган,
Акыйкаттык хан ордодо бузулган.
Сөз асылы көзөп өтүп мезгилди,
Кылымдардын кыйырынан угулган.
Кере элекмин, уга элекмин бирөөнүн,
Айткан сөзүн мойнуна алып жыгылган.





Сөз берилет жетиш үчүн мандатка,
Сөз сүйлөнөт сойкуланып ар башка.
Сөз атасы бир өлбөстөн миң өлүп,
Сөздөр калат аткарылбай ар жакта.
Сөз бермети аралашып булганып,
Сөз сасыган курал болду кармашта.

Эл көзүнчө «көсөмү» кармап куран,
Эл жок жерде колдон түшпөй стакан.
Ишенгиле оңолобуз деп коюп,
Эртели кеч башын жазып уктаган.
Эсиңе кел эртең калат кеч болуп,
Башты сайып бүгүн журтум турбасаң.

Жүрөктөргө арман кайгы толтуруп,
Жер жерлерде элдер ачка олтуруп.
Ак элечек апалардын бир тобу,
Алды бираз бийлик жакты коркутуп.
Кумтөр элге кайтсын деген чакырык,
Кете алган жок бүт кыргызды толкутуп.

Кумтөр азыр элдин бүтпөс дастаны,
Ачык болуп миллиарддарды алганы.
Аныкташып, депутаттар текшерип,
Алы жетпей турат бирок жапканы.
Акыйкатты издедиң деп Садырды,
Алып түштү ажыдаардын капканы.

Эки ажоонун келишимин аркалап,
Сиабекого кыбыла болуп чар тарап.
Алтын казат завод бир саам токтобой,
Кылым жаткан мөнгүлөрдү талкалап.
Мелтирешет парламентте жер тиктеп,
Мыйзам жазып, алчууларын калкалап.

Көзү ачыктар чечмелешип Кум Төрдү....
Кыйаматтын башталышы Кум Төрбү...?
Аалам эли мындайды эч уга элек,
Тоо жыгылды чапчып турган үркөрдү.
Ала жатты мөнгү астына кучактап,
Алтын казып жашап жаткан үйлөрдү.





Кыйамат бул кумтөрдөгү суу барып,
Мөнгүлөрдөн аккан суулар ууланып.
Үч төрт өлкө талааларын сугарган,
Наарын суусу сианитке булганып.
Дыйкандарың жерден түшүм ала албай,
Чөлгө айланат ырыскыдан кур калып.

Элин алдап, өкмөт айтып жалганды,
Эксперттер токтоткун дейт казганды.
Саруулуктар токту бербей өчүрүп,
Канжыгага канча баштар байланды.
Эл дегендер айтымында ажоонун,
Арак ичкен бандиттерге айланды.

Уга берип жомокторду жалганды,
Уятсыздар кетирди окшойт аргамды.
Каракчыны эл көзүнчө баатыр деп,
Каралашты эл деп күйгөн балдарды.
Кара өзгөйлүк калыстыкты бийлеген,
Калк башына түшкөн шорбу, арманбы?

Маакул дедик, майталкандап жеп ичсин,
Маймыл болбой ынтымака келишсин.
Эл ишенчин алгандан соң ойлонуп,
Элге дагы бирдемени беришсин.
Ачуу чындыкты айтып жатам уккула,
Мен силерди келбейт эч бир кейитким.

Учуп конуп талаадагы камгактай,
Кызматтарын алмаштырып байпактай.
Кылмыштардын изин жатат жашырып,
Кылган ишин кыргыздарга байкатпай.
Кыялында жүрөт окшойт булар да,
Кезек келсе кетебиз деп карматпай.

Саткка айланды уруштуруп эки элди,
Күн келгенде таштап качмай мекенди.
Оозун ачып олтурат жаш баладай,
Мурунку аты СНБ азыр ГКНБ.
Эртен дагы бирөөлөрдү качырып,
Издее салып сагалашат чет элди.





Элим баштан көп нерсени өткөзүп,
Эми сезип көөдөн жүрөк өрттөнүп.
Эски дешип ата мурас салтыңды,
Ээрчиткендер жөөттөрдү көргөзүп.
Эл ичинде эркин басып жүрө албай,
Эсептелген сааты калды өлчөнүп.

Тануулашып батыш жактын мыйзамын,
Танып турат чыккынчылык кылганын.
Тайраңдаткан демократ аты эле,
Табалбадык, көрөалбадык жыргалын.
Таң заарынан кечке бийлеп ырдатык,
Түшүнбөгөн башка элдин ырларын.

Куралчанды куралсызга тукуруп,
Крим дүйнө жин тийгендей кутуруп.
Ит аткандай күндө бирөө атылган,
Имиштери элге калат угулуп.
Баш айланып басаар жолду таба албай,
Бараткансыйт көч башынан бузулуп.

Бийликти эл башкачараак түшүнүп,
Бийлик баркын азыр алган түшүрүп.
Баары билет мыйзам менен бүтпөсүн,
Башка жолдон алат ишин бүтүрүп.
Башка иш түшсө тааныш издеп чуркамай,
Баарыбызда жашайт бүгүн түшүнүк.

Шайлоолордон сатып алган добушту,
Парламенттин базарына койушту.
Соодалашып менчиктеп эл ишеничин,
Эл көгөрткөн үмүт гүлүн соолутту.
Мээнет болуп келечеке жабышкан,
Мителердей элдин канын соруштту.

Ооба элим, соргону ошол каныңды,
Өзүң араң багып калдың жаныңды.
Эркелетип парламентке чыгымдап,
Эсептешпей колдо жогун барыңды.
Элдик деген эргулдарың тайраңдап,
Жумушсуздар журт которуп агылды.

Баарын сатып, бир мекендин башкасын,
Ала тоонун мөңгү суусун аскасын.
Али жаткан казыла элек кен байлыктын,
Алдын ала алып койдук акчасын.
Эми оптом Кыргызстанды базарлап,
Сатчулардан кудай өзү сактасын.

Эгер корксо жаратканда кудайдан,
Эл деп күйгөн чыгар беле булардан.
Бир жолу эмес төрт беш жолу шайланып,
Аты жөнүн туура жазат араңдан.
Билбесе да мыйзам жазуу жолдорун,
Билет жолун өөнөштү адал,арамдан.

Бөлүшкөндө кызмат тийсе азыраак,
Улам кайра коалиция чачырап.
Далдалчыдай соодалашып уктабай,
Добуш кайра доллар болуп сатылат.
Шыпырылып калгандарга бийликтен,
Шылтоо таап иш козголуп ачылат.

Кечээ турган эл тагдырын ойлонуп,
Бүгүн калат кызматы жок кордолуп.
Кол астында чуркап жүргөн кечээки,
Жардамчысы кайра өзүнө чоң болуп.
Бирге кылган бир кылмышын таптырып,
Берки байкуш кете берет соттолуп.

Жалган болуп жаңырыгы таскагы,
Орундалбай онтоп араң айтканы.
Билимсиздер улам келип бийлике,
Соруп барат коррупция баткагы.
«Билармандар» биригишип сүйлөшүп,
Бизди турат кытай жака сатканы.

Колго салып кабыл ал деп батыраак,
Күндө жаңы бир мыйзамы жазылат.
Эртең кылаар кылмыштарга жол ачып,
Эл билбеген беренеси катылат.
Жетим балдар товар болуп заматта,
Батыш жака запчасть болуп сатылат.





Айткылачы биздей деги барбы улут,
Ала-тоодой алтыныбыз бар туруп.
Ырыскысын өз элдерин уурдашкан,
Ажоолорду неге кетпейт ант уруп.
Акыретте алар берчү суроктар,
Азыр турат көз алдыма тартылып.

Мыйзам менен жолдун баары ачылып,
Кылым жаткан Кумтөр кени казылып.
Жаратылыш талкаланып мөңгүлөр,
Жатат бүгүн ээси жоктой чачылып.
Кылмышкерлер ошону бүт жасаган,
Кызматтарда отурушат жашынып.

Баары билет, бирок эч ким тыя албай,
Басып жүрөт эл ичинде уялбай.
Өзү тирүү бирок дене өлүктөй,
Баш жанчылып өлбөй калган жыландай.
Батыш жакка бүгүн эле кетсем дейт,
Бирок жүрөт Ала-Тоону кыя албай.

Эл аралык баштагандар чырыңды,
Эл башында көрүп келет сыйыңды.
Эркин деген мамлекет боло албай,
Эпчилдердин баткагына тыгылды
Муародёрлор каракчылар акталып,
Уурусу күчтү ээси доого жыгылды.

Эл ичинде жүргөн мурун айың кеп,
Уурдаганын тактап айтып далилдеп.
Чогуу кылган кылмыштарын танышып,
Актанышты карганышты жанын жеп.
Ынтымака келели деп төрөага,
Парламенттен жаап салды сабыр деп.

Унута албай кылмыштарын мурдагы,
Эл бийлике ишеними муздады.
Далил турат ой максатка жетүүдө,
Миңден ашуун өмүрлөрдү кыйганы.
Күндөн күнгө келе жаткансыйт ачылып,
Көрсөтпөстөн катып келген сырлары.





Келечекти койгон өңдүү жыргатып,
Кыйындарың жүрөт элден сыр катып.
Кыргызстан жилик болуп ташталган,
Ким тиш салса үзүп алчу жыргашып.
Көчөлөрдө жайнайт жарнак чет элче,
Кафелерде ангилисче ырдашып.

Кыргыз келген кылымдардан сактанып,
Кытай турат босогодон баш багып.
Келечегин түптүү элдин балталап,
Кыйындарың маашырланат акча алып.
Кыялында жашайт батыш тарапта,
Уурдап жыйган акчаларын жазданып.

Санжырасын санап жылын такташып,
Сансыз чыккан баатырларын макташып.
Кайсы кыйын кайсы уруудан экенин,
Кандидаттар илим менен жакташып.
Жети атасын мындай койуп балага,
Жетимиштей атасын бүт жаттатып.

Той беришип, төгүп чачып бар малын,
Уруулардын барктап, даңктап каймагын.
Жаздырышып гимн ырын ырдашып,
Жасап колго кармап алган байрагын.
Жүздөн ашкан партиялар аз болуп,
Кырк уруунун салыштырып салмагын.

Солто, саруу жедигерби,тагайбы,
Жердиги Көл, Ош, Таласпы, Алайбы.
Кыргыз үчүн кыл чайнаган жигиттин,
Жети атасын жаңылбастан карайлы.
Шайлап алып башка улуттан хан кылып,
Араң алдык кайрадан ак сарайды.

Саяктарга саякмын - деп кол берем,
Жоошторго жоошмун деп жол берем.
Кырк урууну кыйышпаган тууган деп,
Жашап келем жүрөгүмдө ойдо мен.
Тааныгандар бирөө да азыр айта элек,
Саяк эмес, сен Маңгытсың кой деген.

Маани бербей урууларга анча эле,
Жер жүзүндө деги кыргыз канча эле.
Улуу элдин урпактары кул болуп,
Тентип кеткен тарыхында бар беле?
Жумуш издеп баратканда балдарың,
Журт башында тургандарың кайда эле?

Акча менен оорун берип тизмеден,
Ой жүгүртүп он ооз сөздү билбеген.
Ууру - кески, келесоосу, бандити,
Билбейм дагы кимдер калды кирбеген.
Ошолордон беш партия биригип,
Коалиция түзүп элди бийлеген.

Партиялар бөлүштүрүп кызматын,
Урматтуулар көрүп сыйын урматын.
Эл байкуштун эсебинен бюджеттен,
Эсеп менен эбин тапсын, жыргасын.
Элге жардам бербей эле коюшсун,
Эң башкысы элге тоскол кылбасын.

Токто... ИНВ № 476940

Парламентте башталганда тытышмай,
Ушакчыдай бирин бирин чукушмай.
Адат болду дыйкандар да өзгөрүп,
Мамилеси жерге болуп кызыктай.
Жабышкансып парламенттин вирусу,
Жаакташып жер жерлерде урушмай.

Партиялар чыны элди жарытпай,
Күчөп турат жаакташып жазышмай.
Кээде калат жакалашып муштаашып,
Ынтымагы кеткен күндөш зайыптай,
Башкарганга жакпаганы олтурат,
Башын салып жолдо калган карыптай.

Сураганы калса эгер чечилбей,
Сыр көрсөтүп сыртын салып кечирбей.
Партиясын таштап, кесип куйругун,
Башын катып, башка жака секирмей.
Ала берет мурдагыдай айлыгын,
Айта турган бир дагы иши сезилбей.





Парламенттен азыр кетип ынтымак,
Башталбастан чогулушу чыр чыгат.
Бир министир бошой калса кызматы,
Сөөк талашкан иттей болуп ыркырап.
Талашкансып шайлоочунун талабын,
Жаакташып жакалашып кыйкырат.

## Парламент жыйынынан

Улуу урматтуу, баарыңыздар урматтуу,
Мен да урматтуу,төрагабыз кымбаттуу.
Уруксатпы менде мындай сунуш бар,
Келечекте баарыбызды жыргатчу.
Токтом токуп жарыялап койолу,
Тоссо бизди жылкы сойуп сыйлашчу.

Биз урматту депутатпыз ойлойлу,
Урматтуулар коллеганы колдойлу.
Түштүгүнө жорго мин дейт кыргызда,
Мансап барда май чайнайлы, тойлойлу.
Кысыр эмди тайлар турса тоок жеп,
Кыргыз эли казака уят болбойбу.

Менимче биз жакшы нерсе баштадык,
Урматтуулар депуттар чарчадык.
Жылкы союш токтом менен бекилсе,
Той топурдан кечигебиз таркадык.
Жер жерлерге мыйзамды ушу таратып,
Жамааттарга жакшы жагын айталык.





Урматтуулар кечээ тойго баргандар,
Ак молдодон анча-мынча алгандар.
Улак тартып тойдо намыс коргогон,
Эс алышсын үйгө барсын балбандар.
Бүгүн бизде каралуучу маселе,
Биз жөнүндө жүргөн ушак жалгандар

Сиз төрага, суранабыз шашпаңыз,
Залга бир аз назар салып байкаңыз.
Сыртта турган эл талабын чечээрде,
Кворумдун жок экенин айтпаңыз.
Аткарам деп сиз ажонун айтканын,
Элчиликти эми болду таштаңыз.

Биз нардеппиз эл тагдырын караган,
Жүргөнүбүз той-топурлар балаган.
Анда тарап кетелик бүт баарыбыз,
Мандат менчик эмес калган атаңан.
Айырмабыз калбай кетип баратат,
Ачык айтсам детсадтагы баладан.

Төрага ушул поступкаңыз туурабы?,
Сиз дайыма ийри дейсиз тууранЫ.
Көпчүлүккө каалагандай сөз берип,
Азчылыктын жакпайт сизге кылганы.
Оппозиция анда чыгып кетели,
Биздин ойду жок болсо эгер урганы.

Эгер азыр мен айтканды кылбасаң,
Чык, кыйыныӊ былчылдашып мушташам.
Ойду-тоону сүйлөп башты оорутуп,
Жакшы айтканды жакшылыкча укпасаң.
Керек болсо мандаттан мен кечемин,
Партиянын ар-намысын булгасаң.

Ким бирөөлөр кур калышса куйруктан,
Таарынбасын ал кудайдан, буйруктан.
Бар окшойт го арабызда бирөөлөр,
Котур ташын колго кармап буулуккан.
Өлөмүн деп бирок жардан секирбей,
Өтүп кеткен өкүмдарын туу туткан.





Шайлоочулар көрсө уят мындайды,
Коллегалар тартипсиздик кылбайлы.
Тарап кетсек мандаттарды тапшырып,
Бизге кылмыш козголгону турбайбы.
Токтобосок уят болуп туугандар,
Точно! кудай төбөбүздөн урбайбы?

Бийлик жактан бир киши жок сүйлөгөн,
Төрт жыл мурун Ошко салып дүрбөлөң.
Соттош керек элди атышкан жанакы,
Снайперлерди алып чыгып түрмөдөн.
Сүйлөсө эле оозу жаман дейсиңер,
Сүйлөбөсө итке окшотуп үрбөгөн.

Ош кылмышы так калтырып баракта,
Айтмакчы ошол снайперлер каякта?
Ушунча жыл тергөө бүтпөй темселеп,
Алар дале олтурабы абакта?
Алып чыгып эл көзүнчө аттырсак,
Башкаларга болуп калчуу сабак да.

Оштон чыккан ызычууну башкарып,
Убактылуу өкмөт элге жар салып.
Тогуз мерген чет өлкөнүн жарааны,
Жатат деген абактарда кармалып.
Аларды да Батукайдай урматтап,
Учуруп ийген жоксуңарбы алып барып.

Кармаганда жарандыгын текшерип,
Куралдарын эксперттен өткөрүп.
Бен Ладендин өзүн кармап алгансып,
Баатырларча эрте кетип кеч келип.
Эми арадан беш алты жыл өткөнчө,
Эч ким койбойт аны такыр эскерип.

Жарылгыла моюнга алып чындыкты,
Эмнеликтен Ошто ошондо чыр чыкты?
Ким даярдап камдап берип куралды,
Ким тукурду өзбек менен кыргызды?
Кадыржандар айтпай катып келеатат,
Канча өмүрдү кыйып кеткен бир сырды.





Тирешпестен жакындатып араны,
Андан көрө компромистке баралы.
Тарап кетип ырыскыдан кур калбай,
Жылуу жумшак парламентте калалы.
Сатыла элек калган болсо заводдор,
Акылдашып бөлүштүрүп алалы.

Акыйлашпай туура жолду таппасак,
Оппозиция эртең бизди какшатат.
Былыктардын бетин ачып биз кылган,
Богубузду дагы чукуп таштташат.
Баарыбызга кылмыш ишин козготуп,
Бир чекеден анан камап башташат.

Эртеңкиге эч ким бербейт кепилдик,
Биз көпчүлүк азчылыкты кечирдик.
Ойлонгула ушул күнгө жеткиче,
Канча аңдан, канча жардан секирдик.
Сатып алып эл байкуштун добушун,
Анча мынча акчабызды кетирдик.

Кээ бирөөлөр даярданып кеткенге,
Эми зорго май талканга жеткенде.
Анча-мынча колду салып казынага,
Бийлик даамын эми-эми сезгенде.
Мен кете албайм мени колдоп пикетте,
Элдер жолду тосуп турат жер-жерде.

Ойлонгула кетем деген кыйындар,
Эгер кетсең ыйлай турган ыйың бар.
Мандат барда төргө олтуруп май чайнап,
Самопол да болсо бир аз сыйың бар.
Эртең кетсек кылмыштарды жапканга,
Жетпей калат эптеп жыйган тыйындар.

Сөгүшкөндү мушташканды үйрөнүп,
Парламенттен биз көрөбүз күндөлүк.
Жакшылыкты күтпөгүн деп булардан,
Айылдагы аксакалдар сүйлөнүп.
Аралашып уурулары тазасы,
Баратат деп бир-бирине сүйрөлүп.





Айтылды деп эл ичинде аңыз кеп,
Бир-биринин былыктарын далилдеп.
Ажырабай калыш үчүн мандаттан,
Айта берет жок жалганды жанын жеп.
Жалган айтса бир кызарып койбогон,
Ушулардын бетин айткын калың деп.

Булардын бир ичинде бар арманы,
Өкүнгөнү Кудай болбой калганы.
Бийлик жокто бир жакшына жүрүшүп,
Бузулушат парламентке барганы.
Бир күн бүтүп жыгылаарга аз калды,
Жөөттөрдүн бизге сайган байрагы.

Чындык издеп айта берип жан ачып,
Ачык айтсам парламенттен тажадык.
Булар бизди алып барган жол бүтүп,
Бүгүн элим жарга турат такалып.
Айла кетип четтен камап бийлигиң,
Бөрк ал десе азыр жатат баш алып.

Мителердей элдин канын сорушкан,
Партиясы акча менен чогулткан.
Кумдан курган үйдөй болуп бирикпей,
Ыркырашат иттей болуп оорукчан.
Улам элдин ишеничин жоготуп,
Үмүттөрдүн булактарын соолуткан.

Урматтуулар, кымбаттуулар жип минип,
Колго салып каттуу койсо үшкүрүп.
“Тез жардамды” чакыр кокуй бол дешет,
Кокус калса төрагасы чүчкүрүп.
Ушул кезде айылдагы эл бүгүн,
Калган чагы карайлашып. ит минип.

Акыйкатты жашырбайлы айталы,
Болсо дагы кол тийбестик калканы.
Катардагы адамдардай жүгөндөп,
Кээ бирлерин отургузуп баштады.
Күнөөлөрү канча экенин айта албайм,
Бийлике бар жакпаганы, жакканы.





Чындыкты айтып чыркыраган коркпогон,
Секирдиң деп ак үйдөгү тосмодон.
Камчыбекке, Талант менен Садырга
Күнөө тагып кылмыш ишин козгогон.
Өздөрү да жетебиз бийликке,
Курал менен секиргенге окшогон.

Билармандар кудайды да карашса,
Кимде бийлик, чындык ошол тарапта.
Айкөл болуп кечээкисин унутпай,
Кечиримдүү болсо болмок адашса.
Чуңкур казсаң кең казгын деп айтылат,
Кайра эле өзүң түшөсүң дейт замаатта.

Эл тараза эл жаңылбайт карасак,
Адам кээде ак жолунан адашат.
Толкуп ташып чыдам сабыр чөйчөгүм,
Чектен ашып төгүлгөнү бараттат.
Азаматтар бийликтеги тирешсе,
Ачык айтсам жүрөгүмдү канатат.

Колдогун деп, кокуй бол деп чуркашып,
Эл тынч эле, бийлик жүрөт бутташып.
Парламентте бирөө сүйлөсө безилдеп,
Пахмель менен бирөөлөрү укташып.
Түшүнбөгөн депутаттын милдетин,
Партияга келгендер бар учкашып.

Саанчы бар, уй сарайдан чыкпаган,
Саясаттын "С" ын мурда укпаган.
Сарайга окшоп парламент да жыттанып,
Саясатчы барбы арак жутпаган?.
Макул деген кнопканы басышып,
Манкурт кылып башкарышат журтту
анан.

Такталбаган түштүгү да түндүгү,
Чек арабыз бүгүн бийлик түйшүгү.
Чыр чечилбей келет дале бир эмес,
Өзбек, тажик кошуна менен бүттүгү.
Күмөн кылып калды эл да бул иштин,
Жакшылыкча бүтөөрүнө түпкүрү.





Чекти бузуп кирип келген куралчан,
Арт жагынан атып үйдө сулаткан.
Жетим калды бир жигиттин балдары,
Жерге берип атакесин узаткан.
Коркпогону таң калтырат зөөкүрдүн,
Же мыйзамдан же жараткан кудайдан

Бул бүгүнкү чекаранын абалы,
Эгер үйдөн атып кетсе баланы.
Бийлик болсо коргоп калчуу калкалап,
Тириштирип тактап акты караны,
Өз жеринде тебеленип укуктар,
Кемсинткени ырбатууда жараны.

Теңсинишпей Теңир болуп сүйлөшөт,
Теги жоктор тектүүлөрдү үйрөтөт.
Чек арамды бузуп келип үйдөгү,
Балдарымды барымталап сүйрөшөт.
Котур ташын колтугунан түшүрүп,
Кошуналарга тең атадай сүйлөсөк.

Тоодон аккан сууну бекер алышат,
Жерден чыккан газды бизге сатышат.
Суугa акча төлөгүлө десе эле,
Суу жараткан кудайды эстей калышат.
Сууну дагы газдай кылып сатуучу,
Билбейм качан мыйзамдарын жазышат.

* * *

Кыргыз тилим тилге айланып утурум,
Кыйналууда коргой албай укугун.
Жарды бөлүп жазган мыйзам иштебей,
Жактырышпай чубап сөздүн учугун.
Мыйзам менен миллиард акча бөлдүрүп,
Көбөйтүшөт имиш кыргыз тукумун.

Эгер билсен кылымдардан кылымдап,
Кыргыз тили келген өчпөй ыр ырдап.
Сен айткандай акча менен кармаса,
Анда тилим эчак өспөй жыгылмак.
Биз кыргыздар кыргыз тилде сүйлөбөй,
Бараткансыйт тил тагдыры кыйындап.





Жетекчилер кызматтарда ар кандай,
Отурушат кыргызча сөз айта албай.
Жиним келет тилди бузуп сүйлөсө,
Жерден эмес Айдан түшө калгандай.
Ойун айтат тил боюнча орусча,
Ажообузда кыргыз тилин чангандай.

Күйгөн кошок болуп менин жазганым,
Армиянын азыр айтсам аквалын.
Киралинге түшүп чыккан койлордой,
Жоокерлердин көрсөң араң басканын.
Жөн жеринен эместигин билесиң,
Кызматтагы балдар үйгө качканын.

Жыйырма жылы өз формасын таба албай,
Өкмөт жүрдү армиясын бага албай.
Адегенде кытай кийим кийгиздик,
Карызгалап, нак акчага ала албай.
Кытай бизге жыртык кийим жөнөткөн..
Кызыл бетти саргартышып самандай...

Кийе элекпиз афгандардын чепкенин,
Бирок кийдик орустардын чечкенин.
Жарым кытай жарым орус кийинген,
Аяп турам кыргызымдын аскерин.
Уялбаса төбөлдөр эл башкарган,
Ырга жазып мен уялдым кантейин.

Капуста суп, кээде ачка, кээде ток,
Кийим тапсак, тамагына акча жок.
Керекпи деп бизге ушундай армия,
Кейигенден башка менде айла жок.
Жакшылыктан бирок үзбөй үмүттү,
Жашап келем жанды үрөп айла жок.

Жылдан жылга аскер иши кыйындап,
Азыр аскер кыйын болду жыйылмак.
Балдарыбыз аттанганда кызматка,
Калчуу болдук алас айтып ырымдап.
Кызмат өтөп келсе деле мекенге,
Болбой калды баштагыдай сый урмат.





Эл бөлүнгөн кембагалга, байларга,
Залакасы тийип анын балдарга.
Акчасыздар армияга алынып,
Акчалуулар жарабастан калганда.
Аллаң түшүп оозуң калат, белетти,
Акча мен үйдөн эле алганда.

Албайын деп аларманды качырып,
Азыр бизде баардык нерсе сатылып.
Дипломбу, партбилетпи кызматпы?,
Ачык турат эч ким койбойт жашырып.
Баратабыз бир кеменин ичинде,
Баш көтөрүп чындыкты айтпай жашынып

Түйшөлөмүн уктай албай күнү-түн,
Менин дагы бар деп мында үлүшүм.
Кантип барам урпактардын алдына,
Актабасам айкөл элдин үмүтүн.
“Арстаным” деп апам багып чоңойтсо,
А мен мынтип мышык болсо жүрүшүм.

Партиялар бүгүн элди башкарып,
Жүз жыйырма мандат ээси такталып.
Чыгаандары чыкпай калды жарыштан,
Эптеп бийлик ээрлерден аңтарып.
Көз көрүнө эл добушу уурдалып,
Чындык турат чыга албаган кашкайып.

Койбосо да китеп кылып жаздырып,
Санжырасы сан миң жылдар айтылып.
Кытайлардай элди жеңип, бийлеген,
Кыргыздардай айтчы башка барбы улут?
Баатыр элдин бүгүнкүсүн эртеңин,
Дастан кылып жазып жатам кайгырып.

Акылдуунун болбой сөзүн укканы,
Майдаланып улуу элдин урпагы.
Эл деп күйгөн азаматтар жүргөндөй,
Маашырланып тойсо өзүнүн курсагы.
Ажыдаардай журт башына баргандар,
Араң турат Ала-Тоону жутканы.





Ооба элим, жутканы эмей эмине,
Колун салып Кумтөр алтын кенине.
Кылымдарга кечирилбес жоругу,
Кыянаттык жасап кетти элине.
Алтын эмес кум ташына зар болуп,
Азыр жүрөт кайта албастан жерине.

Арбак урсун алдасам деп карганат,
Улам бири жаңыланып шайланат.
Жыл айланбай анык жүзү билинип,
Элди жуткан ажыдаарга айланат.
Эми кантип кутулабыз мындан деп,
Алданган эл жакаларын карманат.

Биз Ленинди бекер кылдык алдырып,
Деп карыя башын чайкайт кайгырып.
Жетимиш жыл жыйган мүлктөн байлыктан,
Жети жылда калдык минтип айрылып.
Шамал менен кошо кетти жел болуп,
Швецария болобуз деген азгырык.

Эскилерди бузгун дедик тепкилеп,
Эл бузаарды төргө өткөздүк элчи дёп.
Эмне кылсаң эч ким сени кой дебейт,
Эңсеген биз эгемендик келди деп.
Эсте калган түбөлүккө ошол күн,
Эркиндиктин туусу турган желбиреп.

Эркин болдук басаар жолду билбедик,
Бөтөн элдин моделдерин издедик.
Баш мыйзамды кабыл алдык биринчи,
Жакшы жаман беренеси иргелип.
Жаңылыппыз түбөлүккө калат деп,
Токтой да элек, тогуз бузуп ийледик.

Чыңайбыз деп туугандыкты, достукту,
Душмандарга ачып койун -колтукту.
Үндөп элди баскыла деп биз менен,
Үмүттөрдү деңиз кылып толкутту.
Кийин билсек учурушуп өрдөгүн,
Кыргыздарга көргөзүштү кордукту.





Артыбыздан айдап алып акмалап,
Иштеп турган заводдорду талкалап.
Азыр билсем келечектин тамырын,
Кесиптирбиз, кетмендеппиз, балталап.
Бүгүн дале жол таба албай келебиз,
Жөөттөрдүн баскан жолун кайталап.

Баштан өтүп жамандык да жакшылык,
Ooба оруска жерди ийгенбиз тарттырып.
Каршы чыккан куралы жок кыргызды,
Ак падыша замбиректен аттырып.
Датка энебиз сактап калган бүт элди,
Камчыбекти курмандыка чалдырып.

Орус менен окуп тамга таанъдык,
Орус менен көп элдерге таанылып.
“Баран”- десе башты салып унчукпай,
Балага окшоп кээде жүрдүк таарынып.
Кыргыздар деп атыбыз так айтылбай,
“Киргиз” - деген жаңы жарлык тагылып.

Мыкты чыкмаң кыргыз десең уялып,
“Киргиз” - десең маашырланып кубанып.
Эне тилди өгөйлөдүк кемсинтип,
Өзгө тилге наристени суугарып.
Чоң аталар «чон» атага айланып,
Мама, папа дале келет уланып.

Көп нерсени орустардан үйрөнүп,
Кээ бирлери оруска алды үйлөнүп.
Кымыз калып самогонду тарттырып,
Орус тили, эне тил деп сүйлөнүп.
Кыялымда мен кыйналып жүрчү элем,
Келечеги тилдин болуп бүдөмүк.

Биз орустан кете албастан суурулуп,
Бирге жүрдүк жетимиш жыл жуурулуп.
Кылым басып өткөн жолду унутуп,
Коммунизим идеясын туу кылып.
Манас жалган кыялдагы жомок деп,
Жан дүйнөмө жасашыптыр уурулук.





Атеистер жаратканга асылып,
Аксакалдар намаз окуп жашынып.
Салтыбызды майкандашып жатса да,
Сактайлы деп айта албадык батынып.
Ынкылаптын мыйзамына баш ийип,
Ыйык деген мазарыбыз казылып.

Орустардан башка киши таппаган,
Жер сууларга ат коюлуп башкадан.
Иличёвка, Ворошилов, Малинков,
Каганович деген аттар каптаган.
Карыялар тил күрмөлүп айта албай,
Кайран элим канча жылдар какшаган.

Ленин болуп айыл, көчөң, кыштагың,
Ата дешип Ленинди улуу кыздарың.
Манасчыны көрбөй киши оордуна,
Маркс менен Ленин болду ырларың.
Үмүт менен жашап келдик бир топ жыл,
Көрөбүз деп коммунизимдин жыргалын.

Коммунистер алыс болуп мечиттен,
Ленинди алар пайгамбар деп сезишкен.
Бирок өлсө жаназасын окутуп,
Мусулманча кепинделип кетишкен.
Мен аларга сын айткандан алысмын,
Партия үчүн алар жанын беришкен

Маданияттын жаңы агымы түптөлүп,
Арак ичтик, чылым тартып үйрөнүп.
Унуткарып улуу элдин тарыхын
Орус менен орус болуп гүлдөдүк.
Жетимиш жыл жетилбеген баладай,
Кыргыз тили өгөйлөнүп сүйрөлүп.

Кыйындарды кулака тартып тепседик,
Баатырларды басмачы деп кектедик.
Кайберендей кыргызды аткан оруска,
Кара Колдо тургузулган эстелик.
Аталарын аткан ошол зөөкүрдү,
Балдар келди башын ийип эскерип.





Орус салты сөөкө жете чырмалып,
Унутууга анча аракет кылбадык.
Кыргыз болбой келе атабыз дагы эле,
Кыялдарга сиңген ырлыр ырдалып.
Кээ бирлери канча убакыт өтсө да,
Келе жатат орус бойдон кыйналып.

Чоңойтконсуп бешикке бөлөп терметип,
Аксакалдын атын айтып сен дешип.
Арак ичип ата-бала мас болуп,
Кээ бирлери жетелешип сенделип.
Жетимишке чыккан чалдар көчөдөн,
Жакалашат арака акча бер дешип.

Келип турат бирөө менен урушкум,
Нарк насилин сактабасаң улуттун.
Кыргызмын деп басып жүрбөй калпакчан,
Кылым баскан жолуңду бүт унуткун.
Бир акындын айткандарын эскертем,
Улут болсоң тилиң менен улутсуң.

Тарыхыңды ташка чегип жаздырып,
Ата-бабабыз кылымдардан калтырып.
Өчпөй келет өзүң менен бир жашап,
Өрнөк болуп Манас болуп айтылып.
Адам атадан, обо энеден келе атат,
Жок болсо да жер жүзүнөн канча улут.

Азыр сак бол азгырыка кирбегин,
Ааламдашуу бириктирип дүйнө элин.
Деңиз болот көп улуттун толкуну,
Сен аларды улуу эл деп билбегин,
Сан миң элдин башатында турасын.
Сактап келген санжырандан издегин.

Барсбек баатыр Кызыл Жардан, Шыбырдан,
Анын данкы бүт дүйнөгө угулган.
Канды уруудан император Осмондун,
Атасы ушул Кадам Жайда туулган.
Эне Сайдан Исламбулга атын чаап,
Ата бабан салып келген чуулган.





Манас атам элди курап чачылган,
Эчен эчен жоону чаап катылган.
Тарых жолун баштап улуу Алтайдан,
Талкалаган хандыктарды асылган,
Бул жүрүштүн бүгүн дагы издери,
Сайма ташка тамга болуп басылган.

Кыргыздардын жоготом деп тарыхын,
Канча куулар жазып далай «жаңысын».
Улуу кыргыз каганатын жок дешип,
Ойдон чыккан жомок дешкен баарысын.
Санжырасы сактап калды кыргызды
Сан мин жылдап басып өткөн багытын

Азыр ушул улуу элдин урпагы,
Ойлондурат жол таба албай турганы.
Айкөл болуп азаматтарды тандабай,
Артык болуп жек жааты тууганы.
Асмандагы жылдыз жерге түшкөндөй,
Уят болду ажоолорду кууганы.

Мактанышса ажоолордун качканын,
Мен уялып айтпагын деп чарчадым.
Төңкөрүштү тактай албай турабыз,
Же астынан же артынан атканын.
Күмөн кылып дале таппай келебиз,
Ким алтынды, ким мекенди сатканын.

Кыргызымдын тунук болчу асманы,
Качан билбейм кара булут каптады.
Кылым өтүп келип турат менимче,
Калыгулдун казал кылып айтканы.
Койчу деги кайсы бирин айтайын,
Бүтпөй келет элдин арман дастаны.

Каргашалуу,кандуу күндү эскерип,
Шейттерге тургузушту эстелик.
Таазим кылып арбактарга өтөмүн,
Аянт жакка калсам эрте кеч келип.
Кайран элим экинчи ирээт жаңылып,
Калбаса дейм ажал менен бет келип.





Акыйкатка бараар жолду издедик,
Арам менен адилетти иргедик.
Адамдарды ошол күнү аянтта,
Ажал күтүп тургандыгын билбедик.
Келечектин пайдубалы үчүн деп,
Келатабыз миң жуурулуп ийленип.

Сүйлөгөнү октой болуп таш жарып,
Саясатта тазалары аз калып.
Келечегин ойлогула элдин деп,
Парламентте сүйлөйт бирөө какшанып.
А ,мен болсо үйдө олтурам ыр жазып,
Эл алдында милдетимди аткарып.

Шер Маматтын фамилиясы “шер” болуп,
Эрке айымдын аты өзгөргөн эр болуп.
Ойлончуулар келечегин кыргыздын,
Ойлонууга акыл эси кем болуп.
Эске келип этегинди жыйбасаң,
Эртең бизге кытай кирет сел болуп.

Жол боюнча жакпай турат кылганың,
Чыккынчылык темир жолду курганың.
Кылым өтпөй кыргыз элим жок болсо,
Кылым санап каргыш айтат урпагың.
Кыргызымдын бактысы ушул жол деген,
Кыйындардын ал жомогун укпагын.

Ала-Тоомдун дарбазасы ачылып,
Алтын, темир, сурмаларың казылып.
Кытайларга сиңип кетип тамчыдай,
Биз кыргыздар беребизби багынып?
Деген ойлор түн уйкумдан ойготуп,
Жүрөктү өрттөп жүрөт менде каңырык.

Жашырбастан айттым ичте болгонун,
Балким менин туура эместир ойлорум.
Жаман ойду жан дүйнөмдү туйлаткан,
Жакшы болбос айтпай элге койгонум.
Мен кудайдан тилек кылып суранам,
Туура чыкпай калса экен деп болжолум.





Башка түшкөн тагдырга эл ынанып,
Контейнерден базар жасап курадык.
Базаркомдор министрдей чалкалап,
Мингени жип майпаңдашат кубанып.
Акылманды босогого калтырып,
Акчалууну төргө алганбыз чыгарып.

Контейнерлүү адам элди башкарып,
Корабльдей контейнерчи чайпалып.
Кандидатты болсо деле илимдин,
Киши ордуна көрбөй сыртка ташталып.
Коркуп турам кетебиз деп кыргыздар,
Контейнердин өлкөсүнө айланып.

Контейнерге барымталап катынды,
Кыялдары кыйла жерге чачылды.
Кылымдардан жыйнап кеткен аталар,
Кадыр-баркың контейнерге сатылды.
Канча эрлер контейнерди талашып
Кыргызымдын кыйындары атылды.

Базар багып байкуштарды ачканы,
Басалбаган балдар сүйрөп тачканы.
Баардык нерсе сатылат деп оюнда,
Бакыт дешип ата дешип акчаны.
Байлык болуп жашоодогу максаты,
Базар менен өтүп жатат жаш чагы.

Акча десе жыланайлак чуркашат,
Акча үчүн башын сайып мушташат.
Чоңойгондо бандит болом байке деп,
Чоң муштумга шакирт болуп учкашат.
Келечегин ойлочуулар балдардын,
Келжирешип, парламентте укташат.

Кырчылдашып баштан көптү өткөргөн,
Криминалдын аты бир аз өзгөргөн.
Аралашып жүргөндөрдү бийликке,
Абактардан мурда элим көп көргөн.
Мыйзам менен сот өкүмүн алдырып,
Тазаланган тагдырлар көп өкчөлгөн.

Кечээ бандит бүгүн элдик депутат,
Келечегин кыргызымдын жеп жутат.
Отурат деп каракчыны бийликте,
Эл ичинде айтылууда кеп ушак.
Кетишпесе эртең тарап өздөрү,
Кан төгүлгөн кайра жаңы чырчыгат.

Уят болбой өнөр болду уурулук,
Жалган чындык жатып калган жуурулуп.
Киши өлтүргүч кан ичкичти айылда,
Баатыр кылып кармап алган туу кылып.
Кылмыштардын бети ачылып камалса,
Бошоткун деп жолду жабат чуу чыгып.

Колдон келбей эл арызын чечкени,
Демек бийлик ишеништен кеткени.
Бандит жасап зөөкүрлүгүн башка элге,
Өз жеринде абройго жеткени.
Кумир тутуп жаштар өсүп келе аткан.
Бекер эмес аны баатыр дешкени.

Алыс болбой жакшы жаман арасы,
Аралашып жатып калды карачы.
Жакшылардын жакшы чыкпай балдары,
Уурулардын эл башкарып баласы.
Эл башына ким келет деп эртеге,
Кыргызымды кыйнап турат санаасы.

Колдо жогу кембагалы байың да,
Баары окушат жогорку окуу жайында.
Мектептерде мугалим жок жетишпейт,
Мейли шаар мейли болсун айылда.
Дипломду алып колго турушат,
Мигранттардын жумуш издеп сабында.

Көтөрбөгөн шаар менен элетти,
Деги ушундай дипломдор керекпи?
Акчасы окуп өздөрү иштеп чет элде,
Алтын баш деп алып жүрөт челекти.
Базарчыдан академик жасаган,
Бул иштерге жалгыз бийлик себепчи.





Кармагансып жердин алып киндигин,
Кыйындарың кекетишип бири бирин.
Акча менен сатып алып добушту,
Ары жоктор жүргүзүшөт бийлигин.
Жөөттөрдүн мыйзамына баш ийип,
Жүргөндөйбүз кечип батыш сийдигин.

Баркталбастан баатыр наам алганы,
Базарчыдан баркы жеңил салмагы.
Баатыр болбой Ошто жанын бергендер,
Ак үйдү алган баатырларың жайнады.
Кайсы жоону жеңгендерин билбеймин,
Бүтпөй дале салтанаты майрамы.

Баатырга эл маани бербей анчейин,
Эки адамдын бири баатыр кантейин.
Баатырлардын урпактары мекенден,
Басып кетти колун шилтеп канча элиң.
Баатыр экен байбичеси билбеппиз,
Базардагы бозо саткан байкенин.

Бай адамды баатырдыкка көргөзүп,
Бай болсо эле биз акылдуу деп сезип.
Баардык нерсе азыр жатат сатылып,
Баатыр даңкы акча менен өлчөнүп.
«Баатыр» болуп турса коён жүрөктөр,
Байкуш болуп баатыр жүрөт өрттөнүп.

Уга элекмин көрө элекмин жүрөгүн,
Чолпонбайдай окко тоскон бирөөнүн.
Сан миңдеген «баатырлардан» ажалга,
Тике карап чыгаарына күмөнмүн.
Лөөлүлөрдөй өз чатырын өрттөшүп,
Баатыр болуп жүргөндөргө күлөмүн.

«Баатырлар» бар үйдүн чаңын сапырган,
Баатырдыгы аша түшпөс катындан.
«Баатыр» барбай эл башына иш түшсө,
Баатырмын деп аялына бакырган.
Баатыр деген башты сайып эл үчүн,
Бала кезден милдет болот катылган.





Бирөө баатыр чыкпай жүрүп айылдан,
Бирөө баатыр капыстан ок жаңылган.
Бирөө жүрөт баатырмын деп төш кагып,
Бетин жуубай чимкиригин агызган.
Баатырлар деп балдарды айтам Оштогу,
Башын сайып кечип өткөн жалындан.

Ошол күндөр өткөн күндөр Оштогу,
Акыр заман келе жатканга окшоду.
Бир досумдун жазган ыры ушундай,
Тууган элди бир-бирине октоду.
Каргашага кабылышып капилет,
Канча жүрөк кагуусунан токтоду.

Ынтымактын ыркы кетип бузулуп,
Тууган элдер бир-бирине жулунуп.
Эл бузарлар эки жака от жагып,
Эми билсем жүргөн экен тукуруп.
Ошолордун бирөөсү да камалбай,
Таң каламын кеткенине кутулуп.

Канча убакыт өтсө дагы эл какшанып,
Бүтпөйт такыр ак карасы такталып.
Каргашаны качкан ажоо кылды деп,
Куран кармап келет дале актанып.
Канды кечип келгендериң бийликке,
Кулаар жарга бизди койду алпарып.

Ымансыздар ыймандан сабак берип,
Кайрымдуулук үчүн деп арак берип.
Жетеленип жөөттөргө кыргыздарым,
Өз салттарын унутуп жатат жээрип.
Үрөөндөрүн маңкурттар өсүп чыкчу,
Мекениме менимче жатат эгип.

Ыймандан өйдө койгун кадыр-баркын,
Мен көрдүм байлар акча сапырганын.
Бечара жетимдерди мындай койгун,
Жанына жолотпогон жакындарын.
Аларга мен суктанбастан жийиркенип,
Турганымды жүзүмдөн жашырбадым.





Жараткан белек кылып сага берген,
Ыйман – бул өткөн сапат ата-энеңден.
Ыйман – бул белек эмес тартылаар,
Базардан сатып алып сага менден.
Мин жолу ыймандуу бол, садагам деп,
Эсимде атам мага бата берген.

Азыр элди ыйманга чакыргандар,
Ыймандуу болгула деп бакыргандар.
Кепинделген арбактар келаткансып,
Кайра элди өз дининен качыргандар.
Ыйманды үйрөтөмүн мен сага деп,
Жолоочуну жакалап асылган бар.

Жактырбадым жаштардын бул кылганын,
Кийгендерин ак көйнөк, ак ыштанын.
Кийим менен мусулман болуп калбайт,
Дилиң менен болооруңду унутпагын.
Арабтардай кийинип сакал койсоң,
Анда бүттүң, улутту унутканың.

Исламды чын дил менен үйрөнөлү,
Ислам – бул эң таза дин дүйнөдөгү.
Ак көйнөк, ак ыштандар токтоткунуң,
Аралап элге салган дүрбөлөңдү.
Кыргызча эле кийинип даабат айтып,
Исламга үйрөн элди үндөгөндү.

Мечиттер айылдарга жаңы ачылган,
Сүйүнөм элди көрүп агаң агылган.
Жашоодо жол көрсөтчү багыттарды,
Жамаат менен окуп келем сабагыңдан.
Акыретте мен өтчүүчү сыноолордон,
Исламдын жакшылыгы мага кылган.

Ыйманыңды таза тут бул жалганда,
Үлгү болгун балдарга улгайганда.
Насаат берип үйрөткүн жол тапканды,
Жашоодо жан дүйнөсү кыйналганда.
Таш ыргытса аш менен тосуп алсын,
Мерээз болуп мамиле кылгандарга.





Айылда эл мурдагыдан аз калып,
Аял эркек жумушу жок сандалып.
Той-топурду шылтоо кылып көптөрү,
Бара жатат ичкичтерге айланып.
Арак сурайт бере тур деп карызга,
Эртең сөзсүз кутулам деп карганып.

Анча-мынча жүргөн болсо иштери,
Уят болбой аялдардын ичкени.
Күйөөлөрүн баштап сүйлөп, чойоктош,
Кыргыздарда болгон эмес илгери.
Гисар койдун куйругундай көчүктөр,
Койкоңдошуп жынсы шымдар кийгени.

Чылым тартып көчөлөрдө басканы,
Көзүнө илбей аксакалды башканы.
Жерде жүрбөй жомокторду сүйлөшөт,
Кытай товар кыйынсынып сатканы.
Кыргыз тилин чанып сүйлөп орусча,
Кыздар азыр кыздар эмес баштагы.

Билбейм мүмкүн түрткү болуп жокчулук,
Кээ бирөөгө кесип болгон сойкулук.
Тандагын-деп соодалашып кыздарды,
Сатып калды жол боюнда олтуруп.
Канча аракет кылса дагы бийлигиң,
Коё албады бул жоорукту жок кылып.

А ,дегенде тартынышып уялып,
Күндүз чыкпай түндө чыкчу кылайып.
Азыр алып журналисттер интервью,
Кээде калат телевизорго чыгарып.
Сурап ийсе кантип жооп табам деп,
Үйдө олтурам неберемден уялып.

Айдоочуну ала кет деп токтотуп,
Жолдо калган жолоочуга окшошуп.
Анан кайра көзүн сүзүп тийишип......,
Зордоду деп арыз жазат боктотуп.
Акча берсе доо арызын кайра алып,
Бере албаган бечараны соттотуп.





Кан жолдогу машиналар агылып,
Жол бизнеси бизге болбой жаңылык.
Өлтүрүлгөн сойку кыздын денеси,
Таштандыдан жол боюнда табылып.
Деген кабар тез-тез азыр угулуп,
Жүрөктөрдүн үшүн алат каңырык.

Сойкуларга азыр болгон өнөкөт,
Кеч киргенде сауналарга жөнөшөт.
Денесинен акча жасап уялбай,
Атасы жок наристени төрөшөт.
Эртең эле келин болуп бир үйгө,
Анан кантип көшөгөсү көгөртөт.

Кантип айтпа сөзүң жетпейт кыздарга,
Тыйуу салган берене жок мыйзамда.
Абийир кеткен ушул күндү жакшы деп,
Эл баштаган кыйындарың кылган да.
Далай шумдук көргөзүшөт бийликте,
Дөөдүрөгөн демократтар турганда.

Банкротту сойкуларың билишпейт,
Милицияң кыздар менен бир иштейт.
Акча берсе чогуу алып бөлүшүп,
Бербегенди күнөлүү деп кириштейт.
Убактылуу камап акча сындырып,
Уйдай саайт бар байлыгын иликтеп.

Бул маселе парламентте айтылып,
Сойкулук да саясатка тартылып.
Эл башында жүргөндөрдү жыланач,
Эргулдарың тасма алган тарттырып.
Бул окуяң ушак болуп уланып,
Эл ичинде жомок болуп айтылып.

Эси жоктор ийменген жок кичине,
Эл уялды депутаттын ишине.
Өзү кылган өнөрүнө уялбай,
Артты күнөө тартып алган кишиге.
Эмне кылсам эл үчүн мен кылдым деп,
Кайра күнөө артып салды тигиге.





Сойкулардын соттолгонун укпадык,
Козголгон иш козголбостон кыскарып.
Сойкулардын кылмыш ишин талашып,
Соттор жүрөт бир-биринен кызганып.
Канча акчага кыскартканын иштерди,
Эл ичинде жүрөт азыр ырдалып

Кантсе дагы булар кыргыз жараны,
Сойкулардын болбойт жакшы-жаманы.
Бөрү болсо бөрү болуп байкуштар,
Түлкү болсо түлкү кылат заманы.
Кесирлиги кыздарыма коркомун,
Тийбесе деп эпкин болуп залалы.

Өзүбүзгө өзүбүздү тукуруп,
Эбегейсиз орго түштүк тутулуп.
Эч ким бизге сырттан согуш ачпады,
Өзүбүзгө калдык окшойт утулуп.
Башкарышып океандын артынан,
Башыбызга салып алган укурук.

Ар кай жактан тыйын алып булганып,
Азыр калдык эки топко ылганып.
Ыңкылап деп бирөө келип бийликке,
Ырыскыдан экинчиси кур калып.
Бийлик үчүн сойкуланып кыйындар,
Эрден чыккан аялдардай чуркашып.

Ээрчип алат ээрден чыккан жубандай,
Эл уялса булар такыр уялбай.
Билип туруп элдешпеген душманын,
Бийлик үчүн жүрөт бирок кыя албай.
Жетеленип бир тарапка баратат,
Жеп-ичкендер насиптерин тыя албай.

Узатышып аттанышып күнү-түн,
Эл бийликтен үзүп коюп үмүтүн.
Акча издеп Ала-Тоодон кетүүгө,
Айылдагы сатат жерден үлүшүн.
Арман айтаар уккан киши табылбай,
Арак менен чыгарууда күйүтүн.





Ыйлап келип жары менен коштошот,
Балдары жаш, басылбастан боздошот.
Айла жоктон башын сайып акчага,
Баратышса кана кимдер toктотот.
Ишенгиле оңолобуз деп коюп,
Жарга түртүп бараткандай ноктолоп.

Машиналар күнү-түнү агылган,
Бишкек жолу бүгүн кайра жабылган.
Үйгө кетпей жол боюнда томсорот,
Окуучулар ата-энесин сагынган.
Кемпир жүрөт дарыгерге жете албай,
Кечээ күнү жолго чыккан айылдан.

Жолду тосмой саясатпы эмине?,
Эл көнбөсө бийлик айткан кебине.
Төбөлдөрүң томсорушат сөз таппай,
Жалтаңдашат келалбай өз жерине.
Карапайым элдер тартып азабын,
Карыздарын артып арка белине.

Эл бөлүнүп азыр жамаат-жамаатка,
Жолду тосмой бизде айланган адатка.
Жетиш үчүн максатына өзүнүн,
Жетимдердей элди кыйнайт адатта.
Карапайым эл айланып куралга,
Карбаластап сазга батат заматта.

Соода жасап бала-чака багам деп,
Үмүт менен буйруса акча табам деп.
Ыйлайт келин процентке акча алган,
Эртең үйдөн эми айрылып калам деп.
Жол тоскондор жыргайт акча санашып,
Эсептешип «ставкасын» алам деп.

Жолдун минтип жабылаарын билбеген,
Дыйкан жүрөт бар түшүмүн жүктөгөн.
Ай талаада калып кылган мээнети,
Ара жолдо чарба калып түптөгөн.
Ак жүрөктөн баштаганда бул ишти,
Азыркыдай жыйынтыгын күтпөгөн.





Карбаластап айла таппай энеси,
Жаш баланын оттой ыссык денеси.
Ар ким менен жакалашып мушташкан,
Айдоочунун жанга батып жемеси.
Эне байкуш бир кудайга жалынат,
Көздөн учуп дарыгердин элеси.

Катар-катар машиналар токтогон,
Кээлеринде карыя бар онтогон.
Муктаждыкты чечип жардам жөнөткөн,
Бийлик жактан адам болбойт ойлогон.
Эл тагдырын каалагандай калчаган,
Заман келди кудайдан да коркпогон.

Бир машина сүзмөк болуп тосмону,
Башкалардан жакын келип токтоду.
Ачкын деген айдоочунун талабын,
Ачуу чыккан аял үнү коштоду.
Сөөгүн алып баратыптыр баланын,
Атасына айылдагы Оштогу.

Сөөк салган машинаны кайтарып,
Токтотушту салкын жерге алып барып.
Тирүүнү кой арбакты да сыйлабай,
Жол тоскондор милдеттерин аткарып.
Жерге сөөк берилгиче кудайдан,
Турса экен деп суранабыз сакталып.

Оор үшкүрүп, ойлуу тиктеп алыска,
Отурган бир аксакалдуу абышка.
Өзү деги камчыга сап жигиттер,
Барсыңарбы туруп берчүү намыска.
Албасаңар барып бийлик тизгинин,
Булар биздин көчтү узатпайт алыска.

Фермер жүрөт саясатты билбеген,
Чиновник бар жогор жакта иштеген.
Кээ бирөөнүн акчасы жок жанында,
Даярданбай үйдөн чыккан иш менен.
Жооп берээр кишини издеп таппайсың,
Күндүз чырак, түн ичинде ит менен.





Ачык айтсаң моюнга алып арданбай,
Ар ким чечет маселесин ар кандай.
Бийлик алса билбей калат өткөнүн,
Бүгүн эле Айдан түшө калгандай.
Так талашсаң башка жерде талашкын,
Кан жолдогу жолоочуга байланбай.

Көтөрүлүп бирөөнүн кан басымы,
А бирөөнүн калбай жолго азыгы.
Да бирөөнүн көптөн бери көрбөгөн,
Күтүп жатат жан балдары асылы.
Бирөө үчүн жол азабын тарткандай,
Айткылачы булардын не жазыгы.

Бир наристе жатса басып үйрөнүп,
Бир өмүрдүн батат күнү бүркөлүп.
Бирөө күлсө бирөө ыйлайт безилдеп,
Бирөө жүрөт бийлик жака сүйлөнүп.
Жыйырма жыл батыш жакты биз карап,
Жол тосконду алдык окшойт үйрөнүп.

Карапайым эл жүрөгүн ооруткан,
Кимге пайда жолду тоскон жоруктан.
Кыргыздардын тарыхында жок эле,
Же алдыкпы биз үйрөнүп орустан.
Чыга берип ар кай жерде пикетке,
Өзүбүз да болуп калдык оорукчан.

Баатыр болуп өз өзүнчө кол курап,
Баш мыйзамга түкүргөндөр олтурат.
Байкуш элдин көз жашынан чогулткан,
Байлыктарды чөнтөетөргө толтура.
Кыйындарың качан эсин жыйат деп,
Кыйнаган бир жүрөгүмдө ой турат.

Баштан өтүп жакшылык да жамандык,
Ооба, элим кулаар жарга такалдык.
Дүжүр чалдар айланышып куралга,
Айтпай келет сөздөрүн аксакалдык.
Элибиздин эртеңин бүт талкалап,
Эгемендүү мамлекет аталдык.





## ЖҮРГӨНДӨЙ ОН СЕГИЗГЕ ЧЫККАН БОЙДОН

Амандык өмүр берип жаратканым,
Алтымыш жыл жаашоону барактадым.
Айланбас жаштыгымды анда сезип,
Армансыз көңүл ачып шарактадым.
Аймончок кыз жытына баш айланып,
Анда сезбей кеч кирип таң атканын.

Ай жылдар арасынан өзүмдү издеп,
Азыр мен алтымышка кадам шилтеп,
Агарып чачтар түшүп бир кездеги,
Агай деп кыздар келчүү өздөрү издеп,
Алар да азыр кокус көрүп калса,
Алыстан өткөн чыгаар мени тиктеп.

Жаралган жаш кездеги асыл ойдон,
Жетем деген максаттар алга койгон.
Жараткан колдоп ишке ашып келет,
Жаралып кала бербей ниет бойдон.
Жүрөгүм алтымышка мойун бербей,
Жүргөндөй он сегизге чыккан бойдон.

# АРНА ДЕГЕН АЯШ НЕБЕРЕМЕ

*(Арноо)*

Ата-энеңе мээримдүү,
Бол деп тилек айтабыз,
Курманжандай эл үчүн,
Өмүрүңдү арна кыз.

Күлкүңдөн күн уялып,
Кышта гүлдөй жайна кыз.
Ак-Мөөрдөй буралып,
Аккуудай бол Арна кыз.

Максатынан көздөгөн,
Майтарылып тайба кыз.
Кыз Сайкалдай жалтанбас,
Кыраан болгун Арна кыз.

Каныкейдей акылың,
Тунук болсун Арна кыз.
Хан Манастай суйгөнүң,
Улук болсун Арна кыз.

*Үрүмчү 15.09.2014 ж.*





# КЫЗ УЗАТУУ

Мезгил келип кечээ алыс көрүнгөн,
Түгөй таптың бирге өтчү өмүрдөн.
Атаң үчүн наристесиң жан кызы,
Жамгыр сымал ак булуттан бөлүнгөн.

Учкан куштай убакытты тоготпой,
Сен бой жеттиң эртең кетчү коноктой.
Өз үйүңө бүгүн сени узатам,
Балалыгың эми укмуш жомоктой.

Мен энемин айланайын чырагым,
Эл алдында да бир ирээт сурараарым.
Эки кылбай айткандарын аткаргын,
Кудай кошкон кудагыйдын, куданын.

Кудай кошуп биз кыз берип, кыз алып,
Өмүр жолу келет бүтпөй узарып.
Бүгүн сага ак батасын берсин деп,
Биз турабыз дос туугандан суранып.

Түгөй болуп алганыңа жарашкан,
Таттуу болсун турмуш жолуң бараткан.
Бакыт берсин бала берсин силерге,
Кабыл кылып ниетибиз жараткан.





# КАЙЫРЧЫ

Балким буйрук бешенеге жазылган,
Кайырчыда жатат сырлар катылган.
Жал ооруган көз караштын артында,
Басып өткөн өмүр жолу жашынган.

Жол боюнда тарткан азап кайгыны,
Кимге кызык кайырчынын тагдыры.
Жанындагы түйүнчөктө түйүлгөн,
Анын жыйган бүт дүйнөсү байлыгы.

Кыйындардан эл көрүүдөн тажаган,
Бул кайырчы көптөрүнөн таза адам.
Уят көрүп уурдаганды эл мүлкүн.
Өз тагдырын чаап ийген садаган,

Артык көрөм кайырчыны байлардан,
Уялбаган кайыр сурап алгандан,
Ажообуз да дүйнө жүзүн кыдырып,
Эл шайлаган кайырчыга айланган.

Бул экөөнүн айырмасы кийимде,
Кайыр сурайт бирөө дүйнө тилинде.
Бирөө жүрсө колун суңуп эшекчен,
Боинг деген самолет бар биринде.





## ЗАЛКАРЛАР ЭСТЕН ЧЫГЫШПАЙТ

Рыспай өткөн ал убак,
Кетсе да бизден арылап.
Чыкпайт деп сендей обончу,
Чын айтсам сахна таарынат.
Кайрылыр көлгө келээр деп,
Ак куулар сени сагынат.

Сахнанын күчүн кубатын,
Сыйкырын сезип туямын.
Тоолорду даңктап ырдаган,
Аксуубай үнүн угамын.
Сага арнап колдор чабылган,
Сен турган жерде турамын.

Кыялдын черткен кылдарын,
Боздогон сүйүү сырларын.
Ак булут болуп калкыган бирок,
Жашоонун көрбөй жыргалын.

Асанды жерге жашырып,
Асырап калдык ырларын.

Керме тоо кичүү мекени,
Агамды эстеп кетели.
Ырдаган бийик нотага,
Ыйлаган жетпейт нечени.
Эшпайдын уулу Токон жок
Ээрчип биз жүргөн кечеги.

Обону кыяк үнүндөй,
Ойкуса кайрык үзүлбөй.
Сакта деп берген сүрөтүн,
Сахнадан кеткен билинбей.
Жок болуп калды Жолдошбек,
Соолуган алма гүлүндөй.

Ала-Тоо менен өрүк зар,
Ырында өчпөс өмүр бар.
Жаштарды жандап тооруган,
Айт ажал кандай өчүң бар.
Аппазды калдык узатып,
Алладан келген өкүм да ал.





Соолутуп ырдын булагын,
Сен эрте кеттиң Чубагым.
Арман деп ырдап жаш чактан,
Же сездиңби эрте сынаарың.
Экөөбүз жүргөн сахнада,
Эскерип сени турамын.

Жанымдан өтсөң жылмайып,
Жалт карайм дечүү кылчайып.
Сезгенсип бир жыл ичинде,
Сексенден ашык ыр жазып.
Алтымыш достун жар жары,
Азыр да жүрөт ырдалып.

Рыспай ырга тамырсың,
Асандын үнү жаңырсын.
Алтымыш, Чубак баарына,
Бейиштен орун табылсын.
Аксуубай, Токон, Жолдошбек,
Апазга колдор чабылсын.

*Токтогул айылы, 2014-жыл.*

## МЕН АНТ БЕРЕМ

Мен ант берем бийликти эми сындабайм,
Андан көрө кой жөнүндө ыр жазам.
Миллион кыргыз тентип кетсе мекенден,
Ак үй жактан үндөрдү угам жыргаган.
Койдой калган жайыттагы ээси жок,
Кыргызымды бүгүн көрүп кыйналам.

Мен ант берем президентке тийишпейм,
Ата болуп эл башкарган бийиктен.
Иштебеген буйруктарга кол койуп,
Ишенгин деп байкуш элди жибиткен.
Бир жарым жыл эптеп чыдап тургула,
Жүрөмүн дейт кетээр күндү билип мен.

Калканы бар мандат деген жашынган,
Мен ант берем депутатка асылбайм.
Кээ бирлери жалган алса диплом,
Кээ бири чын асыл ойлуу акылман.
Чыгаан балдар чыкпай калып шайлоодон,
Ар бир добуш доллар болду сатылган.





Мен ант берем саясатты сүйлөбөйм.
Андан көрө уурулукту үйрөнөм.
Кылмышкерлер бийлик жакта отурса,
Кылмыш кылбай үйдө олтурам эмне мен.
«Келесоолор гана уурдабайт бизде» деп,
Кезегинде өкмөт башчы сүйлөгөн.

Мен ант бердим бирок аны аткарбайм,
Көр пендемин түшкөн жокмун асмандан.
Жерин саткан, элден качкан, элди аткан,
Антты бузуу ажоолордон башталган.
Ата-Бейит күбө болуп бирге уккан,
Аткарылбай анттар турат какшанган.
Ошонлуктан мен да антымды аткарбайм.

## СӨЗҮМ КАЛААР СҮЙЛӨГӨН

Аска тоолор турат кылым тиреген,
Суулар агат аска ташты жиреген.
Пайгамбарлар өткөн ушул жалгандан,
Мен алардан аша түшчү ким элем.

Баатыр өткөн жалтанганды билбеген,
Хандар өткөн каганатын бийлеген.
Кылым жашап бир өкүмдар калбаптыр,
Кара жердин кучагына кирбеген.

Түркүк болбой өтөт баары дүйнөдөн,
Санжырадан өлбөс жолун үйрөнөм.
Улап кетчүү из калтырам артымдан,
Мен өткөндө сөзүм калаар сүйлөгөн.

*Токтогул. Нарынбектин үйү.*
*26.05.2013*





## СЕН МЕНИ ООРУБАЙТ ДЕП ОЙЛОЙСУНБУ

*(Пародия)*

Баш ооруп пахмель таппай турган кезде,
Пахмелге вино берип койбойсуңбу.
Байкабай же түшүнбөй жүрөсүңбү,
Же сен мени оорубайт деп ойлойсунбу.

Мас болуп мен балчыкта жаткан кезде,
Колтуктап өйдө кылып койбойсунбу.
Байкадым сен шылдыңдап күлгөнүңдү,
Же сен мени тура албайт деп ойлойсунбу.

Түш көрүп мен мас болуп жаткан кезде,
Түшүмө өзүң кире койбойсунбу.
Түгөйүм түк түшүнбөй койдуң мени,
Же түшүмдө иче албайт деп ойлойсунбу.

## ДҮРҮДҮМ ДҮРҮДҮМ АЖО-НУН АРИЯСЫ

Токточу Камчы,
Ишенген сенин кимиң бар.
Мен сенден коркпоймун,
Менин да сендей иним бар.
Билемин Ата-Журт,
Кайын журтундун кимдигин.
Ак үйгө тийбегин, секирип кирбегин,
Менин да жаман жиним бар.

Чай ичип отурсам,
Чак түштө чатак саласың.
Сага айтам тарыхтын,
Калтырбай оку чаласын.
Чачылып, төгүлүп,
Мага окшоп акча кетирбей.
Тарыхтан кеп айтып,
Камчыбек сен кантип.
Чынгызхан болуп каласың,





Камчыбек айт иним.
Керекпи менин жардамым,
Түрмөдө отуруп.
Түшүндүң окшойт калганын,
Секирип сен өтүп.
Аламын деген Ак үйдү,
Мен алты жыл күтүп. атышып жүрүп.
Агаңдан тартып алганмын.

*Кайрыма:*
Дүрүдүм, дүрү, дүрүдүм,
Бул ак үй менин үйүм.
Атамдын бай экенин,
Сен Камчы билип жүргүн.
Дүрүдүм, дүрү, дүрүдүм, дүрүдүм, дүм.

*30.01.2013 ж.*

# ЖОЛДОГУ БАЛА

Топурак баштан ылдый,
Жуулбай бети башы.
Жолдо ойнойт бир жаш бала,
Эки үчкө чыккан жашы.

Көрбөдүм балага окшоп,
Эркелеп ыйлаганын.
Жармашып этегине,
Бирөөнү кыйнаганын.

А көрсө ата-энеси,
Акчанын азабынан,
Аргасыз иштеп жүрөт,
Алыста баласынан.

Жанынан өтсөм басып,
«Ата» деп жерди карайт.
Кусалык ичке толуп,
Айта албайт атаганат.





Аялды көрүп калса,
«Апа» деп эркелесе.
Ойунда өз апасы,
Ойнотуп жетелесе.

Наристе кыялдары,
Билбеймин кай тарапта.
Тамактан курсагы ток,
Кусалык, көөдөн ачка.

Кареги кайгы баскан,
Көзүңө жаш толтурат.
Мээримге ачка болуп,
Жолдогу бала олтурат.

*Өзгөн, Карчыбек айылы.*
*09.06.2013 ж.*

## КАЙЫРЧЫ

Жашоонун сүзө албаган деңизинен,
Турмуштун татпай таттуу жемишинен.
Ден-соолугу темирдей кайырчылар,
Жайнаган чыккан азыр эл ичинен.

Көз менен өткөндөргө салып тузак,
Отурган жол боюнда кайыр сурап.
Оорубайт алты саны иштейм десе,
Кармаса ташты талкан кылган убак.

Көптөрү кайырчыга көңүл бурбай,
Адамдар ары бери өтөт тынбай.
Билинбей аткан таңдын кеч киргенин,
Турмушуң тоодон ылдый аккан суудай.

Бирөөсү кайырчыны көрүп өтөт,
Бирөөлөр шылдың кылып сөгүп өтөт.
Кайырчы жерде отурат дүлөйгө окшоп,
Кагаздан салып алып калың төшөк.





Бирөөлөр майда тыйын таштап өтөт,
Кээ бири бата берип алкап өтөт.
Мастары сөгүп, сагып, түкүрүнүп,
Кайырчынын башынан аттап өтөт.

Көзүнүн чылпактарын аарчып койуп,
Кайырчы бардыгына макул болуп,
Чогултуп тыйындарды жерде жаткан,
Кайра эле жолоочуга колун созуп.

Көздөрүн ала качпай тике карап,
Калтыраган колдору менен акчаны алат.
Кайыктай ыргытылган жээктеги,
Карачы тагдыр татаал атаганат.

*Ош шаары, үйдө. 02.05.2013 ж.*

# «ЭРКЕКТЕР ЭРКЕКЧЕ ЭЛЕ КӨРҮШКҮЛӨ»

Салт эле учурашуу кыргыздарда,
Сагынып мээрим менен саламдашкан.
Санаалар тынчып анан жүрөктөгү,
Сырдашып сый көрсөтүп амандашкан.

Кичүүсү улууларга колун берип,
Көзүнө аксакалдын тик караган.
Адашпай айтчу алар колун кармап,
Акыры ким чыгаарын бул баладан.

Эркектер аялдарга колун бербей,
Алыстан баш ийкешип салам айтып.
Турчу экен аялзатын периштедей,
Кыргыздар сыйлаарынан кабар айтып.

Унутуп улуулардын улуу кебин,
Азыр чын аралашып кетти баары.
Армансыз кучакташып өпкүлөшөт,
Аялы, кемпир чалы, жашы дагы.





Кол берип учурашсаң эркек менен,
Оозуңдан зордоп өбөт буруп туруп.
Баштарың иштейби деп текшеришип,
Букадай сүзүп койот уруштуруп.

Айтпаса атасы өлөт сөз келгенде,
Аялдар мейли силер өбүшкүлө.
А бирок, мен айтаарым эркектерге,
Эркексинби аялдардай кучакташпай,
Эркектер! Эркекче эле көрүшкүлө.

*Ош үйдө.*

## СЕНСИЗ МАГА

Сенсиз мага жакпай таңдын атканы,
Жүрөк сүйбөй бир өзүңдөн башканы.
Бир сендеги көз ирмемден күлкүңдөн,
Жарк дей түшөт бүт дүйнөнүн асманы.

Сенсиз булак суулар токтоп сайдагы,
Кыш чилдеге айлангансыйт жаз дагы.
Жылдыздардан бөлүнгөндөй көрүнөт,
Тоо артына жашынгансып ай дагы.

Сен жок болсоң ойлорум бүт чачырап,
Жакшы ойлорду жаман ойлор качырат.
Сендик деген сезим атын камчылап,
Сен тарапка жетсем деймин батырак.





## ТОСУП АЛЧЫ ҮРҮМЧҮ

Асмандагы жылдызың жок
баары тегиз өчкөндөй,
Кара булут турат каптап ай
жарыгын өткөрбөй.
Үрүмчүнүн алып кетип бир
Периште нурларын,
Тунгуюктук ачкычтары кара
кызда кеткендей.

Аяз дагы адамдардай кышта
тоңуп үңкүйгөн,
Ак төшөктөн кар жамынып анда
санда үшкүргөн.
Айтасыңбы кара кыздын келээр
күнүн Үрүмчү,
Акындарды асыл таштай ыры
менен сүйдүргөн.

Арман ырын жазып бирок үзбөй
келген үмүттү,
Ырга айланып айтаар сөзүн ичке
катып күйүттү.

Бир көрүүгө жаштык кезин кайра
келсе периште,
Кучак жайып тосуп алгын
суранайын Үрүмчү.





## ӨЗҮМ ЖӨНҮНДӨ

Ыр жаза салмай заматта,
Атамдан калган адатта.
Берметин сөздүн кынаган,
Байдылда болуу каякта.

Барктаган сөздү аземдей,
Жаш кеткен Жолон акемдей.
Жаралбайт кайра эми акын,
Алмаздын уулу Какендей .

Оозунан суудай ыр аккан,
Алп акын Мидин, Райхан.
Алардын болгон тамчысы,
Разык уулу Рахман.

## АК КАЛПАК

Менимче эч ким билбейт качан кантип,
Калпактын кай мезгилде табылганын.
Билебиз бизге чейин бир канча ирээт,
Коороздоп уздар кошкон салымдарын.

Чиймелер ак калпакка түшүрүлгөн,
Сыйкырдуу сырды катып келет дешет.
Алыстан бир карасаң кыргыз калпак,
Ак карлуу чокуларды элестетет.

А балким чындап эле жашырылган,
Касиеттүү сөздөр бардыр чиймеленген.
Өзгөртпөй келдик эле кылым бою,
Өзүбүз чечмелешти билбегенден.

Өтө эле сыйладыкпы биз калпакты,
Кыргыздар кийинчерээк кийбей калдык.
Касиетин, улуулугун, ыйыктыгын,
Калпактын эмнегедир билбей калдык.





Калпактын чокусунан допу жасап,
Ылдый жагын шляпа кепка кылдык.
Шамал кирип салкындап турсун үчүн,
Саймаларды кескилеп сетка кылдык.

Конок келсе алыстан, чет өлкөдөн,
Тосуп алып калпакты кийгизебиз.
Өзүбүз кийбесек да ак калпакты,
Өзгөчө сый экенин билгизебиз.

Коноктор кийип кеткен калпактардын,
Кейиштүү тагдырларын ойлономун.
Көргөндө мончодогу калпактарды,
Билемин алар дагы кордолоорун.

Ак калпакты бабалардан бизге калган,
Баркына жетип сыйлап билип жүрсөк.
Меймандар келсе урмат сый көрсөтүп,
Ак калпакты аздектеп кийип жүрсөк.

## ТАШТАЛАГАН НАРИСТЕЛЕР

Ыймансыздар бүгүн бизди башкарып,
Ыймандуулар арабызда аз калып.
Айбан кылбас жорук жасап кээ бирлер,
Ымыркайлар таштандыга ташталып.

Селдей актык мезгил менен эл менен,
Бул кылмыштыр буйрук эмес пендеден.
Сүттөй таза наристелер дүйнөгө,
Таштандыда калыш үчүн келбеген.

Бир тууганы карындашы бар туруп,
Кыргыз кызын түз жолунан азгырып.
Кетип жатат келгиндериң кол шилтеп,
Жээндерди таштандыдан каздырып.





## ДОСТОРГО КАЙРЫЛУУ
*(Обондуу ыр)*

Ачуу айтсам сен жебедей октолбо,
Акым бар дейм заманга үн кошконго.
Акыл эмес мен силерге жүрөктөн,
Сунуш менен кайрыламын досторго.

Арак дос бар, акча дос бар адамда,
Аралашкан жакшыга да жаманга.
Акыл калчап асылдарын таппасаң,
Анда жүрбө күнөө койуп заманга.

Жүлүндү өрттөп жүрөк сөзүн арнаган,
Жүрөт достор кызматыңды жандаган.
Жүздөн бири алтын башын сен үчүн
Жүргөн чыгаар канжыгага байлаган.

*Кайрымасы:*
Ойлору келбес кайчы,
Акырет досуң барбы.
Антташкан чын дилинен,

Адамдык бийик парзы.
Ичинен ирип турат,
Имааны болсо жарды.





# «КЫЗ КЫЯЛЫН ЖИГИТТЕР БИЗ ТУЯЛЫ»

## Кино үчүн жазылган ыр

Чиелешип жолдорум илмектенген,
Чындык жок мен жашоодон издеп келген.
Жазылып көз алдымдан өтөт тынбай,
Сөздөрү апакемдин тизмектелген.

Аралашып айыкпас ылаңдарга,
Ар намыс такалганда кулаар жарга.
Адептен атам берген жооп издейм,
Айланып таба албасам кылаарга арга.

Жашоодо мен чайпалам нары бери,
Үмүттүн жарыгы өчсө күйөбү эми.
Кыз дегенди эне деп ыйык туткан,
Кайдасыңар кыргыздын жигиттери.

Жараткан жардамыңды турам сурап,
Жан дүйнөм жабыркоодо жардай кулап.
Тарп жеген жорууларың бүркүтмүн деп,
Таранчы, шумкар болуп калган убак.

Абийирин акчасына жетелеткен,
Кыздарды эрмек кылып тебелешкен.
Айбандан айырмасы жок эргулдар,
Жаралган эне деген кереметтен.

*Кайырма:*
Өрт болуп түтөп каңырык,
Өзүңдү апа сагынып.
Өчөшүп кимдир бирөөдөн,
Өч алган болсом жаңылып.
Кечиргин апа кызыңды.





# БАРГА ШҮГҮР КЫЛАЛЫК

Жолу арбыбай бараткан,
Баскан адам таякчан.
Ойлоп койот бүтүмдү,
Аман койсо жараткан.
Жетчүү жерге кудай ай,
Жетпейт белем заматтаң.

Байка десе укпадым,
Бут бар кезде чуркадым.
Чарчаганды билбей мен,
Чымын болуп буйтадым.
Таяк менен алмашты,
Тайып сынып буттарым

Деген ойго чөмүлүп,
Өзүн жектеп сөгүнүп.
Демейдеги дөңсө жол,
Дабан болуп көрүнүп.
Карыя жолдо баратты,
Кайгы муңга чөмүлүп.

Буттары бар бел сынып,
Турбай жаткан кыйкырып.
Досун эстеп басңаган,
Кайра койот тыңсынып.
Барга шүгүр кылбаган,
Жашоо өзү бир кызык.

*Өзгөн, 03.07.2013-жыл.*





## АСМАНДА ЖАЗЫЛГАН ЫР

Караңгыда калып шаар жарыгы,
Кореядан кайттым сапар карыды.
Канатынан учагымдын өтүшөт,
Кайчылашып булуттардын агымы.
Корейлерге салыштырып өкүнөм,
Кыргызымдын жок экен деп сабыры.

Ээн жатпай тоонун үстү саздагы,
Эбин таап пайдаланган асканы.
Элүү миллион эл көрүнбөйт көчөдөн,
Эки экиден болбосо эрчип басканы.
Эч бир жерден таба албадым чекилик,
Эс үйрөтүп, эки ооз ырга жазганы.

Жүгүнүшөт башын жерге тийгизип,
Жүрөгүнүн тазалыгын билдирип.
Жалооруган көздөрү окшош селкиге,
Жан дүйнөңдү тартып турат сүйдүрүп.
Жараланган кыргызымды эстесем,
Жүлүнүмдөн ток өткөнсүйт күйгүзүп.

Акыйкаттын жолун издеп нечен биз,
Ажал менен беткелдикпи бекер биз.
Азырынча башка жерге суктансак,
Ала-тоонун ыйыктыгын сезээрбиз.
Акыр бир күн башкаларды тамшанткан,
Арманы жок өлкөгө да жетээрбиз.





# ЭСИМДЕ
*(Обондуу ыр)*

Эсимде алгач сага жолукканмын,
Эртеңки жакшылыкка жооруп баарын.
Азыр мен сезип турам ошол бакыт,
Аз өтпөй жүрөгүмдү оорутканын.

Эсимде алгач ирээт көксөгөнүм,
Илебин жалын болуп өрттөгөнүн.
Сендеги жылуулуктан сезген элем,
Сезимдер отко айланып өчпөгөнүн.

Эсимде кирпик какпай тиктегеним,
Көзүңдөн жаштыгымды издегенмин.
Азыр мен таанымаган жолоочудай,
Колуңду кармагандан ийменемин.

Эсимде таң атканча ырдаганың,
Эркелеп жаш балача кыйнаганың.
Эми ошол каректерге күз келгенсип,
Сеземин сезимдердин муздаганын.

# КЫЯЛ

Кыялданам, сени ойлоп үйдө жатам,
Кыялымда ээрчитип бирге басам.
Кыялдарым ээрчитип жан эргиткен,
Кыял болбой ишке ашат эми качан.

Кыялымда биз кайра жаш балабыз,
Кыялдагы ойлорду биз аткарабыз.
Кыялкеч сезимдерге жетеленип,
Кыялданган мектепте, партадабыз.





# СЕЗИМ

Эрте келген энсеп тосом жазымды,
Эскиртип мен да бир жылга жашымды.
Энсеп күткөн периштемсиң журөккө,
Эргип сүйүп жазып алдым атыңды.

Сени эстебей тура албаймын бир мүнүт,
Сен тарапка алып учат ой күлүк.
Сүйүү сезим турган энсеп өзүндү,
Сезимимде жүрөт жашап жакшы үмүт.

# ҮМҮТ

Үмүт менен жолго чыксам таң эртең,
Үмүт сага жолуктурду жан эркем.
Үмүттөрүм жалын болуп, от болуп,
Үмүттөгү ырга айланып кал эркем.

Үмүт менен айдап жашоо кемесин,
Үмүтүм сен мага кубат бересиң.
Үмүттөгү күйгөн отту өчүрбөй,
Үмүт сенин көз алдымда элесин.





# АКСАКАЛДАР АЙЛЫБЫ-ЗДЫН КӨРКҮ ЭЛЕ

Анда жашпыз ата энемдин барында,
Аксакалдар көп болчу эле айылда.
Кой дегенге болбой кайра эркелеп,
Той топурда ойночу элек жанында.

Аксакалдар айлыбыздын көркү эле,
Мактаганга таппай турам сөз деле.
Эстей албайм ким экенин аттарын,
Элдин баары атасындай көрчү эле.

Бирөөсү тың, бирөө басып таякчан,
Эртели кеч чыгып мечит тараптан.
Хадистерди жүз жолу уккан талашчуу,
Жаш балдардай жаңы чыккан сабактан.

Майпаңдашып наристеге окшошуп,
Жакшылыкта, жамандыкта жоктошуп.
Улуулары калса бир аз кечигип,
Келсин дешип, тамак тартпай токтотуп.

Бир бирине тамаша сөз айтылып,
Билсе деле билбегендей каткырып.
Чала жеген жиликтерин түйдүрүп,
Чалдар кетчү кемпирлерин шаштырып.

Азыр айыл баштакыдан башкараак,
Биз өткөндөй жашай албай кайталап.
Бата берчүү бир аксакал издейбиз,
Боло калса жакшылык, той, салтанат.

Тиштер түшүп, кара чачым агарып,
Жашым турат алтымышка таянып.
Мен өзүмдү аксакалмын дей албай,
Күндө жүрөм кузгүгө бир каранып.





## ӨМҮР

Дарак болдум тамыр жайып шактадым,
Үмүт менен тостум таңдын атканын.
Мөмөсүндөй ширин таттуу даректын,
Көлөкөмдө чоңойушту балдарым.

Алтымышка жакын жашап картайып,
Жалбырактар бир аз калды саргарып.
Кемпиримдин айтымына карасам,
Баратамын жаш жигитке айланып.

Чырпык элем атам тиккен айылдан,
Чынар болдум бутактарым жайылган.
Жакпай барат сайраганы булбулдун,
Жанды безип жаштык кезди сагынган.

Жараткан сен аман койсоң жанымды,
Эртең кайра тосом аткан таңымды.
Бүтүн койчу да бир азга сындырбай,
Периштелер сайрап турган шагымды.

Өмүр өтөт, мезгил учат закымдап,
Бул жалгандан кетээр күнүм жакындап.
Көзгө илешпей алмашканы мезгилдин,
Көрүп турам бараткансыйт бачымдап.

Ыраазымын өткөн жашка өмүргө,
Ар ким ар сөз айтат өлүм жөнүндө.
Сен жараттың сен алаарсын бир күнү,
Башкаларды албай келем көңүлгө.

Өтөт өмүр жомок болуп кечээгим,
Каарылыктын кечүүсүнөн кечемин.
Бата берсем неберимдин тойунда,
Балдарымдын алдынан мен кетейин.





## БИЗ КАЙДА БАРАТАБЫЗ

Чиркелген вагондорду,
Паравоз тартып алган.
Жүргүнчү кыргыздардын,
Жүрөгү толгон арман.

Үмүттөр үзүлбөгөн,
Шооланын нуру болуп.
Кыргыздар тарап барат,
Тагдырдын кулу болуп.

Келечек, эртеңкисин,
Тумандуу элестетет.
«Туулган жер топурагы,
Буйруса келем» дешет.

Аргасыз алыс кетип,
Айылдан, аталардан,
Дүйнөдө жер калбады,
Кыргыздар жашабаган.

Төбөлдөр эл башкарган,
Айткыла, барсыңарбы?
Же элдин келечегин,
Ойлобой калдыңарбы?

Байлыкты эл чогулткан,
Бөлүшүп бүтпөдүңөр.
Жер жутчу желмогузга,
Окшошуп түспөлүңөр.

Кыргыздар Ала-Тоодон,
Айла жок кетип жатат.
Менчиктеп баарын алсын,
Ошолор дешип жатат.

Дүйнөнү чогулткандар,
Түбүнө жеткен эмес.
Байлыкты эч ким көргө,
Көтөрүп кеткен эмес.





Акырет бар экенин,
Силер да сезесиңер.
Оролуп ак кепинге,
Бир күнү кетесиңер.

А бүгүн кыргыздардын,
Көз жашы агып көлдөй.
Алыска сапар тартат,
Максатын анык көрбөй.

Отурат ойлуу келин,
Колунда жаш баласы.
Ата-эне алыс калган,
Тынчыбай ой-санаасы.

Жолдошу сүйүп тийген,
Жоголуп ичип кеткен.
Жыландай бөтөлкөнүн,
Ичине түшүп кеткен.

Арактан ала турган,
Барчудай аласабыз.
Аз-аздан ичкичтерге,
Айланып баратабыз.

Аксакал акыл айтчу,
Аракка тоюп алган,
Аттиңай: ай, аргасыздан,
Айтылган бул бир арман.

Эл болуп бөтөн жерде,
Муштумдай түйүлө албай.
Жаманда жөлөк болуп,
Жакшыга сүйүнө албай.

Мушташып эки кыргыз,
Бири-бирин сайып салган
Бирөөсү көздү жумса,
Бирөөсү айыпталган.





Орустун шаарлары,
Кыргызга түнөк болуп.
Оюнда Ала-Тоосу,
Опол тоо, жүрөк болуп.

Сагынып жолугушат,
Саргарып көөдөн толуп.
Чыр менен кайра тарайт,
Түштүксүн түндүк болуп.

Урууга, жердештикке.
Бөлүнгөнүңдү койуп.
Качан биз биригебиз,
Жөн эле кыргыз болуп?

Айла жок Россиянын,
Жараны болуп алдык.
Кыргыздар бул кадамга,
Айласы жоктон бардык.

Төрөлгөн бала көзүн,
Ачканда орус көрөт.
Киндигин орус кесип,
Жаткырат орус бөлөп.

Киндик кан тамган жерин
Мекен деп сүйүп калат.
Ошого кызмат кылат,
От болуп күйүп-жанат.

Көп элдер аз улутту,
Саз болуп соруп барат.
Жоголот кыргыз десе,
Жүрөгүм ооруйт канайт.

ЮНЕСКО айтты дешет,
Кыргыздын келечегин.
Жок болуп кетерге биз,
Элуу жыл бар экенин.





Качан биз мекен үчүн,
Жалындап от болобуз?
Күйө албай түтөй берсек,
Күл болуп жок болобуз.

Ташталган кыргыз балдар,
Жетимдер үйлөрүндө.
Армандын күүсү бардай,
Ыйлаган үндөрүндө.

Бирок биз ал үндөрдү,
Укпайбыз, алыстабыз.
“Бийликти алам”,- деген,
Бүтпөгөн жарыштабыз.

“Кетсин!”,- деп ураан кылып,
Кыйкырып барыш керек.
Кан төгүп болсо дагы,
Бийликти алыш керек.

Жүз элүү партияда,
Жүз элүү түрдүү желек.
Эл үчүн күйгөнү жок,
Баарына бийлик керек.

Кыргызга баш оорутпай,
Керт башты ойлош керек.
Пайдасы чыккан жерди,
Паралап колдош керек.

Дүйнөнү мындай койуп,
Ойлогун ушуларды.
Бийликте бүгүн бизде,
Билерман киши барбы?

Кыргыздар өз тагдырын,
Өздөрү чечип жатат.
Чет элди мекен кылып,
Четинен кетип жатат.





Соодада достук жок деп,
Саргарып базарларда.
Жоготуп ден соолугун,
Айланып араң жанга.

Бизнести бөлүшө албай,
Талашкан чырды көрдүм.
Негрге аял болгон,
Татына кызды көрдүм.

Бир кыргыз жүрөт жолдо,
Таяк жеп каракталган.
Жоготуп ар-намысын,
Таштанды тамактанган.

Күлкү жок жүзүндөгү,
Күйүттөн кемсингендей.
Кыялда комуз болуп,
“Кыргыз көч” чертилгендей.

Кыргыздар бийик эле,
Ырыскы таразабыз.
Ким билет кайсы жолдо,
Кай жакка баратабыз.





# БИР КЫРГЫЗДЫ БӨЛБӨГҮН

Жүрөк муздап, жүлүн бошоп,
Айтылган бул арманбы.
Улуу Манас урпактары,
Экенибиз жалганбы?

Келбедикпи кылымдарды,
Кыргыз болуп карытып.
Кыйын кезде Манас руху,
Сүрөп жолго салышып.

Акылмандар сүйлөгүлө,
Киминерди угабыз?
Бир ууч кыргыз бүгүн неге,
Бириге албай турабыз.

Эгер күнөө элде болсо,
Жашырбастан айткыла.
Туңгуюктан жол көрсөтүп,
Туура жолду тапкыла.

Түштүксүңбү, түндүксүңбү,
Кел бийликке бийлегин.
Акты ак деп, көктү көк деп,
Калыс болуп иргегин.

Тууганыңа, жердешиңе,
Үй-бүлөөңө жан тартып,
Бир кыргызды, бир мекенди,
Эки бөлүп ийбегин.





# МАЙЫП ТӨРӨЛГӨН БАЛАНЫН АРМАНЫ

Отуз жылдай жүрдүм окшойт кеминде,
Чогуу жашап мен атамдын белинде.
Жакшысынан жамандары көп болуп,
Жаадыбалдай калды чиркин эсимде.

Атам ичсе мен да кошо мас болуп,
Арак даамын үйрөнгөнмүн жат болуп.
Баштаганбыз адегенде аз-аздан,
Андан кийин канча ичсек да аз болуп.

Мен атамдын каны менен айланып,
Мезгил өтүп, бүчүр болдум байланып.
Таза болсо тазалыгын үйрөнүп,
Жалган айтса мен да кошо карганып.

Мен атама кыялымда окшошуп,
Канча кызды, канча аялды боздотуп.
Ажырашып атам жүрсө ар жылда,
Мен да жүрдүм алар менен соттошуп.

Акыл айткан аксакалды укпадык,
Ар ким менен жакалашып мушташып.
Баш жарылып, бет айрылып, көз шишип,
Көчөлөрдө үйгө жетпей уктадык.

Кээде атам ичпей калат “бузулат”,
Мен кыйналам мээ жарылып тыбырап.
Анан мага шыңгыр эткен тааныш үн,
Музыкадай кулагыма угулат.

Жыргал жашоо кайра бизде башталат,
Жолборс болуп атам үйдө чаң салат.
Белден ылдый сөздөр чыгып ооздон,
Акыл эмес арак бизди башкарат.

Мен атамдын жакшы сөзүн укпадым,
Кээде үшүп, кээде ачка уктадым.
Өзүм тунук тамчы суудай болсом да,
Кыйшык өсүп жаткансыды буттарым.





Мен атамдын үйрөнүп бүт өнөрүн,
Белдин ичин чоң ааламдай көрөмүн.
Чексиз дүйнө ойго келбей бир күнү,
Энекемдин курсагына жөнөдүм.

Кенен дүйнө сууда жашайм таң калып,
Тамактанам тамырдан кан айланып. ,
Баягы мен тамчы кезде сезилген,
Буттарымдын кыйшыктыгы байкалып.

Бул атамдын күнөөсү деп мен билем,
Жиним келип ээ боло албай эркимең.
Кыйшак бутту колум менен кармалап,
Апакемдин курсагын мен тепкилеп.

Алгач ирээт апам тарткан түтүндөн,
Жашоо бүтүп үмүттөрүм үзүлгөн.
Анан барып көнө түшүп аз-аздан,
Көк түтүндүн кайф экенин түшүнгөм.

Улам күчтүү арак түтүн иргелип,
Кээде экөө калса чогуу бир келип.
Апам тойдо, а мен болсо курсакта,
"Андижандык полькасына" бийледик.

Болсо ичип, болбосо арак ичпеймин,
Пахмел менен закусканы билбеймин.
Бирок апам тартпай калса чылымды,
Бир нерсемди жоготкондой издеймин.

Бир күнү апам толгоо тартып, толгонуп,
Мен тогуз ай жаткан жерден козголуп.
Суулар менен туңгуюкка кошо актым,
Корктум ыйлап, өлдүм го деп ойлонуп.

Кечире албай апам мага кылганын,
Ыйлай бердим, көзүмдү ачпай ыйладым.
Өлдүм десем төрөлүпмүн жаңы эле,
Көрүш үчүн тирүүлүктүн жыргалын.





Түйшүк болуп мен жашоого келмегим,
Элжиреткен мээрим деле сезбедим.
Башкалардай бала жытын сагынган,
Энекемдин эмчек сүтүн эмбедим.

Төрөлгөн күн өлгөн күнгө окшошуп,
Таштандыдай таштап мени боздотуп.
Кыйшык өскөн бутум болуп себепчи,
Апам кетти түбөлүккө коштошуп.

Мага окшогон наристелер ташталган,
Майып балдар үйүндөбүз катталган.
Ата-энебиз тирүү туруп баарыбыз,
Топ томолок жетимдер деп такталган.

Түз боло албай жок болсо эгер тирөөбүз,
Дүлөй, сокур, мунжу баспайт бирөөбүз.
Ата-энебиз жаратышса ушинтип,
Айткылачы барбы биздин күнөөбүз.

Үмүтүм жок келечекти көрбөдүм,
Үшкүрүктөн үшүйт бошоп көөдөнүм.
Жарты болуп жашаганча жараткан,
Жакшы болмок төрөлгөнчө өлгөнүм.

Айткылачы кимге менин убалым,
Кыйналамын күндө тартып убайым.
Калгычакты таштандыдай ташталып,
Мен өлүмдү жараткандан сурадым.





# УУ ИЧПЕЙЛИ

Майып балдар үйлөрүнө баш багып,
Айып такчу күнөөлүү издеп баштадык.
Илдет ушул бүт дүйнөгө таралган,
Илим менен бүтө элек да такталып.

Ата-энесин ал жеткенче сөгөбүз,
Анан калса кудайдан да көрөбүз.
Өмүргө эптеп келген адам тукумун,
Өлгүчөктү баккан болуп келебиз.

Сокур, мунжу, көбүнүн кем акылы,
Төрөлгөндүн кайдан болсун жазыгы.
Таштандыдай апкелгендер балдарын,
Таштандыдан өздөрү жок ашыгы.

Майып балдар кыргыздарда чанда эле,
Мажирөөлөр качан жайнап калды эле.
Илдет болду “ийри жылаан” дегендей,
“Индом”, “детдом” кыргыздарда бар беле.

Жылдыз карап тукум улайт мал деле,
Кыргыз качан малча болбой калды эле.
Учур өтөр анча-мынча чайпалган,
Улуу жолун урпак табат кайра эле.

Деңиз деле акыл менен ченелет,
Тегиз баарын керекпи ушу жемелеп.
Ден соолугун сакташ керек улуттун,
Дени соодон дени сактар төрөлөт.

Кыргыз эли аз болсо да керемет,
Кыртышына далай элдер көгөрөт.
Кыргыз жерин жердегендер кылымдап,
Кыргыздардын үрөөнүндөй өнө элек.

Суудай ичип, уудай болгон арагын.
Жеп жүрөбүз желимге окшош тамагын.
Ден соолугун кыргыз өзү ойлонбойт,
Ден соолугу болмок беле баланын.





Тукумуңду түйүлдүктөн мас кылып,
Түтүн сайын түрө кирсе масчылык.
Балакеттер төлдөп жатат чычкандай,
Басып кетчү “индомдорго” тапшырып.

Ойлонуп көр эркегиң да аялың,
Ойлон жытын самагандар баланын.
Ууга чылап төрөлө элек перзентти,
Убалына ата-энеси каларын.

# ТӨРӨЛБӨЙ КАЛГАН АРМАН

Билемин үйдөн чыктың,
Врачка баратасың…
Эстээрсиң мени бир күн,
Агарган кезде чачың.

Эркекмин, уксаң апа,
Мен сага керек болом.
Намыска туруп берчү,
Карысаң медер болом.

Ырыскым Кудай берген,
Бар чыгар, кыйнабаймын.
Алдырбай… төрөп алчы,
Апаке ыйлабаймын.

Агам бар бешке чыккан,
Мен ага ини болом.
Атабыз башка билем,
Балаңдын бири болом.





Жүрөгүң менен сүйлөш,
Ал деле кыйбай турат.
Атасыз төрөбөйм деп,
Абийириң кыйнап турат.

Жашоого беш ай мени,
Эмнеге жараттыңар.
Тирүүлүк ыраа көрбөй,
Жүрөктү канаттыңар.

Апаке суранамын,
Кеч болуп кете электе.
Бычактын муздак мизи,
Жүрөккө жете электе.

Орунсуз жаңылышкан,
Оюңдан кайтып кетчи.
Колуна шум ажалдын,
Таптырбай тартып кетчи.

* * *

Жараткан бере албаган,
Жардамды кимдѐн күтөт:
Чымындай чыркырап жан,
Каңырык турат түтөп.

Бычактын курчутулган,
Үндөрүн угуп жатты.
Жатында жаткан бала,
Ажалды туюп жатты.

* * *

Буйруган мени өлүмгө,
Апамды көргүм келет.
Бир жолу кош эмчегиң,
Эркелеп соргум келет.

Мен деле балага окшоп,
Төрөлүп көрсөм эмне.
Оролуп ак кепинге,
Адамча өлсөм эмне.





* * *

...Жан алчу бычак келди,
Түйүлдү бала жаткан.
Туш келди кесип кирди,
Байкушту аябастан.

Күрөшүп жашоо үчүн,
Кесилген тартып ичин…
Кичине колу менен,
Кармады бычак мизин.

Кыпкызыл гүлдөй болуп,
Бөлөндү бала канга.
Жүрөктүн кагылышы,
Угулуп анда-санда.

Жатса да түйүлдүктө,
Ажалга тик караган,
Абийирин сатпай турган,
Айрылдык бир баладан.

Ажалдын каткырыгы,
Жүрөктү тилип кетти.
Жашоонун ааламында,
Бир жарык жылдыз өчтү.

Күнөөсүз периштеге,
Айланган бала кетти.
Апага таарынычын,
Айталбай ала кетти.

Кош апа, төрөлөлек,
Баланды көрбөй калдың.
Жаралып жарык көрбөй,
Жок болуп өлгөн жанмын.

Бейиштен, чын жашоодон,
Буйруса жолугабыз.
Баары бир, сиз апамсыз,
Бар болуң, оорубаңыз.





Төрөлбөй канча балдар,
Бейкүнөө шейит кетет.
Эненин таман алдын,
Эмнеге бейиш дешет.

Айласыз бул кадамга,
Аялды эркек түрткөн.
Баландын кереги жок,
Дегенде жашоо бүткөн.

«Атанын сөзү ок» - деп,
Айтылган бир макал бар.
Балдарды кудай берет,
Сактайлы биз адамдар.

## ТОКОЙДОГУ ШАЙЛОО

*(Тамсил)*

Сөз эркиндиги деген илдет,
Токойго да жетиптир.
Арстанга баш ийген жаныбарлар,
Оппозицияга жана хоппазицияга
Бөлүнүп кетиптир.

Токойдун ичи бардак,
Бирин-бири кыйнап,
Сакалдуу эчки арак куюп,
Улактары төрдө олтурушат ырдап.
Күйөөсү жок эшек,
Зебрадан бозуп алган.
Арстанга нааразы болгон теке,
Эчкилери менен,
Жолду тосуп алган.

Түлкү эки жактан кабар алып,
Бир күн бийликке,
Бир күн оппозицияга барып.





Бир сөздү экөөнө,
Эки башка айтып,
Ортодо жүрөт бүлүк салып.
Түлкү менен баары эсептешет.
Эки жак тең,
Бул бизге керек дешет.
Анткени анын,
Менчик гезити бар.
Жинине тийсең,
Жазып ийет,
Шерменде кылып кезек-кезек.

Баарынан да үкүгө кыйын болду,
Күндүзү байкуштун көзү көрбөйт.
Же берки ызы-чуу кылгандар,
Пикеттерин токтотуп, тынчып өлбөйт.
Айласы кеткен Арстан,
Айбанаттардын өкүлдөрүн,
Бүт чакыртып алыстан.
Келгендерге,
Көз кырын таштады,
Сөзүн минтип баштады:

– Ушу кезге чейин токойду,
Жалгыз башкарып келдим эле.
Баардык маселени өзүм чечип,
Кыйынчылыктарды жеңдим эле.
Кээ бирөөлөрдүн айтымында,
Мен «диктатор» имишмин.
Жанагы, жаагы тынбаган сагызганды,
Саясый матив менен,
Аттырып ийипмин.

Анын кантип өлгөнүн,
Баарыңар жакшы билесиңер.
«Сагызган сактыгынан эмес,
Суктугунан өлдү»- деп,
Айтып эле жүрөсүңөр.
Ушундай ушак сөздөргө,
Бүгүндөн баштап «Точка» коёлу.
Парламенттик шайлоо өткөрүп,
Демократиялык токой бололу.

Ошентип, шайлоо болчу күн такталды.
Талапкерлер арыздарын жазып,

Мыйзамдын негизинде катталды.
Айбан да болсо,
Жек-жааттарын издешип,
Шайлоонун, шайтан оюну башталды.
Дасторкондор жайылып,
Арак-шарап суудай агылып,
Үгүт иштери жүрүп жатты,
Музыкалар жаңырып.
Жардамга чакырышып,
Алыс-жакынды.
Жолго шагыл төшөлүп,
Асфальт да басылды.
Бүтпөгөн көпүрөлөр бүтүп,
Көчөлөргө жарык тартылды.
Өмүрү суу келбеген
Арыктардын багы ачылды,
Өзгөчө ыкма менен казылды.

Талапкерлердин баары,
Бири-биринен жакшы.
Өмүрүндө   бирөөнү
«Сиз» дебеген карышкыр;

– Эгерде мени шайласаңыздар,
Сиздер үчүн,
Өлүп берем! -деп жатты.

Айбанаттардын көпчүлүгү,
Акчалуу талапкерге ыктады.
Аскада жашап алысты көргөн,
Бүркүттүн сөзүн эч ким укпады.
Тандалып талапкерлер мыкты,
Шайлоонун, жыйынтыгы да чыкты.
Карышкыр, Чычкан, Кашкулак,
Атаандаштарын,
Биринчи турдан эле утту.

«Депутат» деген кыпкызыл,
Мандаттарын алышты.
Салмактуу басып чалкалап,
Парламентке  барышты.
Эң кызыгы алар менен,
Чынын айтсам, бир аз жүдөп,
Галстук тагынып,
Байкуш, Эшек да жүрөт.
Шайлоого чейин эшекти,





Эч ким билчү эмес.
Үйүнө чакырса дагы,
Конокко бирөө кирчү эмес.
Эми болсо минтип,
Көзүнө көз айнек тартып.
Парламентте олтурат,
Арстанга акыл айтып.

Анткени эшек шайлоого,
Чоң даярдык менен барыптыр.
Айбандардын добуштарын,
Акчага эле сатып алыптыр.
Көрсө ал, байкуш эмес тура.
Ишенбесең элден сура...
Анткени эшек,
Наркотик ташып жүргөн экен,
Акча тапса эле
Депутат болорун билген экен.

Тамсилден жыйынтык чыгарып,
Эшекти шылдыңдап күлбөгүлө.
Акча тапкан эле адамды,
Акылдуу деп билбегиле.

# КОРООДОГУ КУРУЛТАЙ

Бир күнү, короодогу эчкилер,
Ызы-чуу эле түшүп калды.
Эмне болуп кетти деген эшек,
Акырын басып, короонун жанына барды.
Картайып калган эчки,
Алыстан баштады кепти.

– Эгер биз ынтымак болсок,
Койчуну жумуштан алуу да кеппи?
Негизгиси биз,
Эчки экенибизди унутпайлы.
Тиги койлорго окшоп,
Кызмат талашып, урушпайлы.

Жолдош эчкилер,
Кимде кандай сунуш бар?
Акырын, кезектешип сүйлөгүлө.
Короо кайтарган, иттердин кайырмагына,
Капысынан илинип жүрбөгүлө.

Койчунун, саясаты жарабайт.
Ал койлорду жакшы көрүп,
Эчкилерди, такыр карабайт.
Керек болсо бизди,
жандык катары да санабайт.
Койчуман кетсин деген,
оюмдан кайтпайм.
Бүгүн союп салса да,
Баары бир, тилимди тартпайм!
Кара курсактын айынан
Канча улактарыбыз,
Зоодон учуп өлдү.
Койчунун кайгырганын,
Же келип кабар алганын.
Айткылачы, кана ким көрдү?

Чет өлкөлөргө дайым,
Кочкорлор барат.
Короого бөлүнгөн байгени,
Корсулдашып,
Ошолор алат.
Кара жанын аябай иштеген,

Биздин теке,
Качан болсо унутулуп калат.

Ошондуктан,
Койчуну кетирүү боюнча
Текебиздин оюн колдойлу.
Колубуздан эчтеме келбейт деп,
Кайдыгер болбойлу.
Улактарыбыз,
Жакшы жашасын десек,
Келечекти ойлойлу.

Сакалымды сыйласаңар,
Менин сөзүмдү уккула.
Койчуну кетиребиз десеңер,
Өзүңөр эле кыйкыра бербей,
Койлорду да алып чыккыла.

Антпесеңер,
Койчуга күчүңөр жетпейт.
Он эки эчки, бир теке,
Канча кыйкырбайлы.

Бир короо кой,
Колдоп турган койчу,
Баары бир кызматынан кетпейт.

Койлорду бизге кошкондон,
Калдык окшойт,
Бир аз кечигип.
Анткени,
Биз ишенип туу туткан,
Кээ бир эчкилерибиз.
Койлор жакка,
Өтө качпадыбы секирип.

Мен өлсөм да,
Койлор тарапка өтпөйм
Андан көрө,
Эчкиче өзүмдү өзүм,
Өрттөйм!
Жолдош эчкилер!
Теке менен кеңешип,
Коюлган маселени чечели.
Койчуну тезирээк кетир деп,

Көп кыйнабайлы,
Байкуш Текени.
Эчкилердин баары,
Бизди колдойт деген,
Туура эмес экенин.
Далилдеп койбодубу,
Болуп өткөн,
Ызы-чуулар кечээги.

Мени уксаңар күзгө чейин,
Башка, короолорго барып.
Керек болсо,
Чет өлкөлүк эчкилерден,
Жардам алып,
Өзүбүзгө келели.
Ал эми,
Азырынча акыйлашпай.
Ушу боюнча эле калып,
Күзгө чейин «Тайм-аут» алып.
Макул десеңер,
Таркап кетели.





Мени ээрчисеңер
Теке, Койчуну жумуштан,
Кетирем- деген экен.
Эмне эле азыр,
Сүйлөбөйт десе.
Кечээги ызы-чууда,
Койчунун таягынан. Тумшукка,
Өлө жеген экен.

Эчкилерди угуп туруп эшек.
Көп нерсеге түшүндү.
Жаңы койчу келсе эле,
Менден акыл сурамак беле.
Ал деле пайдаланат да,
Менин кара күчүмдү.
– Өлө турган эчки,
койчунун таягына сөйкөнөт,
- дечү беле деп.
Басып кетти,
Өзүнчө чыгарып коюп,
Туура бүтүмдү.

# ОБОНДОР
## «Отряд баб оссобого назначения»

Эки көшөгөлү, төрт Сүрөттү комедия

### Катышуучулар:

1. **Бусыке** – дыйкан
2. **Турдукан** – дыйкандын аялы
3. **Бермет** – мурдагы айыл өкмөттүн кызы
4. **Самат** – дыйкандын кошунасы
5. **Мурап**
6. **Кабарчы**
7. **Оператор**
8. **Милиция**
9. **Тынар** – пикетчи киши
10. **Патила** – ОБОНдун жетекчиси
11. **Кымбат** – ОБОНдогу аял
12. **Айыл аксакалы**
13. **1-чи киши** - жаңы айыл өкмөттүн досу
14. **2-чи киши** – жаңы айыл өкмөт





### I Көрүнүш
### Эгин айдалган талаа
*(Кабарчы камерага карап):*

Мына туугандар Кыргызстандын Таш-Коргон районунун «Ынтымак», азыркы «Чыркырак» айыл өкмөтүндө азыр гана айылдык депутаттар жаңы өкмөттү заочно шайлашты. Себеби, ал жигит ушул маалга чейин чет мамлекетте иштеп жүргөн экен. Бирок, бизде салтка айланып калган тирешүү башталганы турат. Азыр эски айыл өкмөттү жактоочулар менен жаңы айыл өкмөттү жактоочуларынын ортосунда пикир келишпестиктер күчөп турган кези. Биздин каналдан алыстабай туруңуздар, кызыктын баары алдыда....

Азыр болсо айылдык дыйкандардын алакыбалы менен таанышып, бул чыр чатактын себебин аныктайлы.

Кабарчы саатын карап:

Мына, саат 10 болуп калыптыр, бирок талаада эч ким көрүнбөйт. Деги биз жерди кимдин колуна бергенбиз (өзүнчө сүйлөнөт), -дыйкан деген дыйкандай эле болбойбу, буларга саясатты ким коюптур. Илгери мен билгенден дыйкан күн менен кошо турчу. Ошондо түшүм болот, нан болот, ыр болот дегендей. Эл ток болсо, чыркырашмай жок болот. Демек чырдын себебчиси – бул дыйкан! (сөөмөйүн өйдө көтөрүп) Во!

*(Аңгыча кетмен көтөрүп дыйкан кирип келет. Аны көрө калган кабарчы өңүн өзгөртө жылмайып) :*

**Кабарчы:** -Мына, туугандар, баба дыйкан келгенде, айлана да өзгөрүп, күн чыгып, талаа да шаңга бөлөнүп, кандайдыр бир коздук жарала түшкөнсүдү. Ассалому алейкум, аксакал!

**Дыйкан:** - Алейки салам!

**Кабарчы:**- Аксакал, мен «Чагылган ТВ» сынын кабарчысы, атым Куюн Мамыт,- сиз түз эфирдесиз, айтсаңыз, дыйкан деген эрте туруп, талаага кун менен......

**Дыйкан:** - Ии, карга бок чокуй электеби? *(дыйкан кетменди жерге койуп)*

**Кабарчы:** - Ии, ошентсе да болот, бирок мага андай сөздү эфирден айтса болбойт да, аксакал *(кыйшалактап)* – этикага туура келбейт.

**Дыйкан:** - Парламентте депутаттарын этика - метикасы жок эле айтат го?

**Кабарчы:** - Темадан алыстабаңыз, аксакал. Андан көрө айтыңызчы, эмнеге түшкө чейин талаада жоксуз?

**Дыйкан:** - Тиги депутаттарыңын жарымы жумушуна келбей, төрт депутатың отуруп алып, башка бирөөлөр үчүн голосовайт этип кнопка басып жүргөнүн эмнеге сурабайсың? *(ачуулана)*

**Кабарчы:** - Кечириңиз, аксакал, ал менин ком... комп... компитентиме... *(аягына чыга электе)*

**Дыйкан:** - Аа, байкуш кабарчым, сен деле ар кимдин атын чаап жүргөн байкуш турбайсыңбы. Мен тээ райондо жаңы аким келип, дыйкандарды чогултуп семинар өткөргөнү жатыптыр дегенинен, ошого барып келатам.

**Кабарчы:** - Ии, аксакал, ошону айтсаңыз *(шашкалактап),* демек, жаңы аким келсе, темирдей тартип болот турбайбы?

**Дыйкан:** - Ээ, балам, мурдагы иштеп кеткен акимдин кесиби милиция болчу. Ошол темирдей тартипти кыла албаган... *(пауза)* бул сүроөтчү эмне кылмак эле?

Кабарчы: - Кайсы сүрөтчү?

Дыйкан: - Ээ, азыркы жаңы келген аким сүрөтчү экен

Кабарчы: - Кандай сүрөтчү?

Дыйкан: - Эк...*(ачуулана)* Кадимки эле сүрөтчү, кол менен мынтип – мынтип





сүрөт тартат го. *(колун тияка – бияка булгалап).* Кабинетине кардын астынан жаңы эле өсүп чыккан пахтанын сүрөтүн өзү тартып илип коюптур *(үнү капалануу),* ошол сүрөт жөнүндө семинар болду. Түшүм кардын астында калбасын десеңер, пахтаны күздө эккиле дейт. Ошондо пахта сүрөттөгүдөй, кар кетээри менен эле өсүп чыгат дейт.

**Кабарчы:** - Дыйкандар бул кабарды кандай кабыл алышты?

**Дыйкан:** - Болбойт дедик. Пахта күздө эгилчү буудай эмес, бул жазда эгилет деп түшүрдүрдүк.

**Кабарчы:** - Анан...

**Дыйкан:** - Аким түшүндү *(мурчуя).* Жакшы бала экен, биз менен талашпай эле макул болду. Мурдагы милиция акимибиз деле жакшы болчу, көп нерселерди үйрөтүп койдук эле *(допусу менен бетин сүртө).* Эми үйрөнгөндө кетип калды да. Ничего, бул акимди да үйрөтүп алабыз.

**Кабарчы:** *(дыйкандын колундагы тактайды карап)* – Аксакал, бул тактай эмне? Кетмен го түшүнүктүү, а буга түшүнбөй турам.

**Дыйкан:** - Ээ, балам, айтпадымбы акимибиз сүрөтчү экен деп. Оо, талаада жөн отурбай, ички дүйнөңөрдү байытасыңар, сүрөт тартканды үйрөнгүлө деп ушул тактайды берди. Күзүндөсү тарткан сүрөтүңөргө жараша, кылган ишиңерге баа беремин дейт. *(Колундагы тактайды көрсөтүп)* Мындай тактайдан бир камаз жүктөп келиптир. 200 сомдон сатып алдык.

Сүрөт тартпасамда кемпириме алып барып берем, сабиз басканга жакшы экен.

**Кабарчы:** - Аксакал, айтыңызчы, чарбаны билбегендер ушинтип келип алып элди кыйнап, чарбага да залакасы тийген жокпу? Районду кантип башкарат?

**Дыйкан:** - Ошону айтпайсынбы? Эми аны менден сурабайт экенда. Эл эптеп

– септеп өзүн багып атат. Как-будто биз алардын эшигин тепкилеп, акимибизди алмаштырып бергиле деп аткансып, эл айтып атат дей беришет. Же эл үчүн бир нерсе... *(кабарчы сөзүн жулуп алып)*

**Кабарчы:** - Айтсаңыз, аксакал, мен өзүм шаарда чоңойсом да, айыл – чарбасына аябай кызыгам. Бул помидордон канча түшүм алайын деп турасыз *(колу менен талааны көрсөтүп)*

**Дыйкан:** - Сен бала, өзүңө окшогондон 5 – 6 айыл-чарбасына кызыккандарды чогултчу, мен бир силерге семинар өтүп коеюн.

**Кабарчы:** - Бизге семинардын эмне кереги бар?

**Дыйкан:** - Керек. Себеби, бул талаадагы өсүп турган помидор эмес, а картошка. *(көңүлсүз сүйлөнөт)*. Картошка менен помидордун айрымасын билбейт дагы ... кабарчы имиш. Эмне деген заман? Аким пахтаны күзүндө эк десе, кабарчы кар-

тошканы памидор десе... Кой мен кеттим, өз жумушумдан калбайын *(кол шилтеп дыйкан кетет)*

*(Журналистэкижелкесинкууштуруп):*

Подумаешь, кичине жерден жаңылыпмын. Экөө тең эле тоголок. Бирөө жердин астында, бирөө үстүндө.

*(камерага карап)* - Урматту теле көрүүчүлөр, маек анча кызык болбой калды көрүнөт, бирок азыр көңүлүңүздөрдү пикет жака бурмакчыбыз, кызыктын баары ошол жакта, бизден алыстабаңыздар. *(чыгып кетет)*

*(Дыйкан ары барып каналдагы суунун токтоп калганын көрөт. Жогору жактагы сууну жыгып жаткан адамга кайрылып)*:

**Дыйкан:** - Эй, жигит, бул эмне кылганың? Мен сууну кечинде эле алдым го.

График бойунча мен үч күн сугарышым керек. Сен бир суткага жеткирбей буруп салыпсын. Кудайды карасаң боло!

Же эмне, мен да тигилерге кошулуп пикетке чыгайынбы, ыя?

**Мурап:** - Чык! Чыгабер! Эмне коркутасың?! Силердин урууңардын баласы он жыл өкмөт болуп турганда, биз төргө өтпөй, босогодо отурганбыз. Сууну качан силер бошотот экен деп, алсак алып, албасак эгинибиз куурап калып жүрбөдүк беле?! Келме кезек болот, биздин көчөдө да майрам болор күн келди. Жаңы айыл өкмөт менин бир тууган тайкем, туугандарына срочно суу керек экен, май кармаган бармагын жалайт дегендей жыгып бердим.

**Дыйкан:** - Ой, болуптур! Эртең мага тиеби деги?

**Мурап:** - Эртең өкмөттүн жээни сураган.

**Дыйкан:** - Эми өкмөттүн туугандары деп, менин эгиним суу ичпей калабы?

**Мурап:** - Сен бакырба. Керек болсо, сен керектүү сууну уже алдың.

**Дыйкан:** - Ушу кенедей труба менен би?! Сенин акыл эсиң жайындабы?

**Мурап:** - Жайында жайында! Сен айткан кенедей трубаңдын диаметери 96 мм. туурабы?! Секундасына бир куб метр же болбосо 50 литр суу агып өтөт. Он саатка көбөйтсөк, сен ашыкча суу пайдаланган болосун. Сууну ысрап пайдалангандыгын үчүн мен акт жазсам, сен түрмөгө отуруп каласын!

**Дыйкан:** - Эй, жигит, сен мага билимдүү болуп көрүнбө! Мен кетмен көтөрүп, керзовый өтүк кийип жүрсөм, мени келесоо ойлоп турасынбы? Мен суу алган трубаны 96 мм. аның туура, бирок сен айткандай секундасына 50 литр суу агып өтүш үчүн, жок эле дегенде 5 атмосфералык басым болуш керек, а менин трубамдагы суу самотек менен агып жатпайбы! Мындай шартта, секундасына 2 литр да суу акпайт! Анын үстүнө мен айдаган картошканы вегитационный периоду

60 күндү түзсө, ал эми поливной убактысы 10 күнгө барабар. Ушул учурдагы картошканын трасформационный коефиценти 800 литрге барабар, ошондо мен ала турган суунун жалпы көлөмүнүн 25% араң түзөт, түшүндүңбү?!

*(Мураптын колундагы кетмени жерге түшүп, дыйкандын сөздөрүнө таң калып, оозу ачылып, шалдайып отуруп калат)*

**Дыйкан:** - Эмне, аллаң оозуңдан түшүп калдыбы? Мен айыл чарба академиянын суу чарба факультетин кызыл диплом менен бекер бүтүптүрмүнбү?! Эртең жаңы өкмөт менен таанышуу чогулушу болот, ошол жерде көрүшөбүз.

*(Бурулуп сахнадан чыгып баратканда, жанатан бери экөөнүн кыйкырышып жатканын алыстан карап турган Самат артынан кубалап келип токтотот)*

**Самат:** - Ой, Бусуке, сен урушуп жаткан тиги Мураптын ким экенин биле-

синби? Жаңы айыл өкмөттүн бир тууган бөлөсү экен. Сен аны коркпой кантип уруштуң?!

**Дыйкан:** - Мага десе атасы болбойбу! Качанкыга чейин ушинтип жашайбыз?!

Эски айыл өкмөтүң кыйраткан жок эле, жаңысы эмне кылып бермек эле? Али келбей жатып, тайке, жээндерин айланасына чогултуп алыптыр. Чынын айтсам, эч кимисине ишенбей деле калдым.

**Самат:** - Бусуке, мен сага бир иш менен келдим, бир аз акча керек, балам жумушка кирип жатты эле.

**Дыйкан:** - Ал балаң налоговыйда иштейт элего?!

**Самат:** - Ооба, азыр деле иштейт, бирок, андан да жакшы иш чыгып жатат. Билесиң да, май талкан иш бекер болбойт, 5000 $ керек.

**Дыйкан:** - 5000$???

**Самат:** - Ооба, иштеп калсам, 1 айда табам дейт.





**Дыйкан:** - Ал эмне деген жумуш, 1 айда 5000$ тапкан?

**Самат:** - Коррупцияга каршы өкмөттүн астында бир бөлүм түзүлүптүр. Эми ошого кириш үчүн, комиссияга бере турган акча керек болуп жатат.

**Дыйкан:** - Оххооо.... Өзү акча берип, жумушка кирип, анан акча алчу коррупционерлер менен күрөшөт экен би?!

**Самат:** - Иии... эми ошондой да.

**Дыйкан:** - Сени жакшыле адам деп жүрдүм эле, жаңылыптырмын.

**Самат:** - Мен сага эмне жамандык кылдым?! Муну көрсөң?!, жаңылыптырмын деп... Кошуначылыкка бир жолу карыз сурасам, ошого да жарабайсың!

*(Дыйкан өзүнчө нааразы болгон кишидей сүйлөнөт):*

**Дыйкан:** - Атаңдын көрү, мурда балыкты башынан сасыйт дечү эле, азыр куйругунан сасый баштагнбы?

*(Колун шилтеп, сахнадан чыгып бараткан Бусукеге артынан кыйкырып сүйлөп):*

**Самат:** - Элдин баары эле ошентип атпайбы! Сен бербесең да, кудай буйруса баламды баарибир ошол ишке киргизем! Жерден чукусамда акча табам!

## II Көрүнүш Бусукенин үйү

*(Бусукенин аялы алдындагы эки үч дептерди барактап койуп, ырдап отурат. Сырттан кызматтан алынып калган мурдагы айыл өкмөттүн кызы Бермет кирет)*

**Бермет:** - Жеңе, үйдөсүзбү?

**Турдукан:** - Ой, үйдөмүн, үйдө болбогондо, Чүйдө болмок белем? Кел отур, айланайын. *(Ушул учурда телефону чыңгырап калат.)*

**Турдукан:** - Ой, саламатчылык, куда. Тынчсыздарбы? Кудагый кандай? Ой,





жакшы болгон турбайбы! Болсун, болсун! Бирок, эртерээк айтсаңар болчу экен, бара албайбыз го... Таластамын. Дагы бир жакшылыгыңарда буйруса барабыз. Эми капа болбогула.. Макул..

*(Телефонду өчүрүп, таң калып карап турган, Берметтин жанына эми эле отурганда, Берметтин телефону шыңгырап калат.)*

**Бермет:** - Ало, менби? *(Турдукан жакты карап),* - Менби? Азыр Таластамын. Ооба, эми эле үйдөн чыккам. Турдукан жеңемдикине келсем, жеңем Таластамын деп жатпайбы! Анан жеңем Таласта болсо, мен Ошто болмок белем?! Мен да Таласта болом да!

*(Экөө тең каткырып күлөт)*

**Турдукан:** - Ушу мени тамашалаганыңызды койбодуңузда, кыз. Таласта болсом, мен Таластамын, сизге эмне жок? Тээ тойдон качып, тоңколок ашып бир

тойго барсам, экинчиси калат. Таарынып калбасын деп, үйдо олтурсам, Чүйдөмүн деп, жалган айтып отурам. Качан бул тойлордон кутулам?!.

**Бермет:** - Э, жеңе, сиз барбай эле койуңда.

**Турдукан:** - Кантип барбай койом?! *(Тетрадты көрсөтүп),* - бул кара тизмени көрдүңбү? Мындан кутулмайын, тиги дүйнөдө да жөн жатпайм. Бул сом кир-генге чейин рубль менен, а бул уже сом менен. Бул романды өзүм жазгам, бул болсо апам раматылык калтырып кеткен черный список. Өлөрдө да акыркы сөзүн *(пауза)* – Айланайын балам, бул карызда-рымдын тизмеси, ушудан кутулмайын тынч жатпайм. Мени акыретте тынч жат-сын десең, эптеп кутул деген. Ошого сары майдай сактап жүрөм. Эми түшүн-дүңүзбү?

**Бермет:** - Эмне деген черный список?

**Турдукан:** - Тойдуку, жакшылык-жамандыктыкы дегендей. Иши кылып, биз той кылганда ким келди, эң башкысы эмне алып кели, канча алып келди, акча-бы, калпакпы же талпакпы...

**Бермет:** - Койуңузчу, жеңе, талпакты да алып келеби?

**Турдукан:** - Ээ, балекетиңизди алайын, илгерки талпактар, азыркынын калпагынан да кымбат болгон. Ии, калпак демекчи, 15 жыл мурун апам өз колу менен тиккен бир калпакты, бир тойго кошкон болчу. Өткөндө ошол калпак айланып жүрүп, өз колума кайра келбедиби! Апамдан эстелик деп, ал калпакты оборottон чыгарып, үйгө эстелик кылып койуп койдум.

**Бермет:** - Оборотуңуз эмне, жеңе?

**Турдукан:** - Ал калпак как антиквар катары кошумча болуп башка тойлорго эми берилбейт да!... Мыны бул дептер-

дегилер рубль менен взаимозачет болот, а булар болсо сом менен.

**Бермет:** - Ой, жеңе, мунуңуз өзүнчөле өкмөттүн бюджети го!

**Турдукан:** - Бул бюджеттен да тата-ал. Эки революция болуп, экөөндө тең казына чачылып, тизме жоголуп эле кетти. А бул дептер 200 революция болсо да жоголбойт.

**Бермет:** - А, кокустук болуп жоголуп кетсечи?

**Турдукан:** - Ну, жоголсо. Копиясы бар.

**Бермет:** - Копиясы да жоголсочу?

**Турдукан:** - Копиясы жоголсобу? Мына флешкага көчүрүп, мойнума тумар кылып илип алгам.

**Бермет:** - Чын элеби?

**Турдукан:** - Ооба *(Экөө тең каткырып күлөт),* - Антпесең болбойт да. Мына 1985 - жылы Бекмурза акам, апамдын





туулган күнүнө 10 рубль кошумча кошкон экен.

Азыр апам да жок, акам да жок, бирок бул менин мойнумда дефольт болуп *(пауза),* - эми карыз болуп турат да.

**Бермет:** - Эмнеге карыз? Экөөт тең жок болсо.

**Турдукан:** - Экөө жок болгону менен, кара тизме турбайбы!

**Бермет:** - Ушул убакытка чейин эмнеге кара тизмеден өчкөн эмес?

**Турдукан:** - Эми-и акем туулган күнүн өткөзгөн эмес, ошондуктан апам акемин 10 рублин кайтып бергенге шарт болбогон. Кокустан эртең акемин балдары туулган күн өткөзүп калса, мисалы, мен канча акча кошушум керкек?

**Бермет:** - Билбейм! 10 сом болсо керек да.

**Турдукан:** - Көрдүңүзбү, сиз эч нерсени билбейс! А мен билем! Мисалы, сом киргенде 200 рублиң 1 сом эле, та-ак,

ошондо 100 рублиң 50 тыйын, ал эми 10 рублиң азыркынын 5 тыйнына барабар!

**Бермет:** - Ошончо эле болуп калабы?

**Турдукан:** - Ооба. Көрдүңүзбү кандай татаал нерсе! Эми элестетиңиз, мен 5 тыйын көтөрүп барсам,! жоок мен 100 сом деле алып барышым мүмкүн.

**Бермет:** - Сизди ким кой дейт, ошентиңиз!

**Турдукан:** - Ии, ошондо нак балээге калам да *(Тизесин чаап),*

**Бермет:** - Эмнеге? Кайра сүйүнбөйбү?

**Турдукан:** - Ээ, алардын үйүндө да ошол кара тизме бар да, алар 100 сомду курска чагып көрүшөт, анан естественно ашып кетет! Ошондо балее башталат. Тим эле кыйын болуп, акчалуу болуп калдыбы, эми киши болуп калган тура, өзүбүздүн эле акчаны бербейби ж.б.у.с сөздөр айтылыт. Эсиңизде болсун, бирөөгө ашыкча кайтарым кылсаң,





балээге каласың! Сиз бул дептерди жоготуп ийиң дейсиз! Бул жоголгуча, өзүм жоголуп кетпейнби!? Мына, шеринеге чакыруу келиптир. *(колундагы кагазды көрсөтүп)*

**Бермет:** - Дагы Таласта болот экенсиз да, же Нарынга кетип каласызбы?

**Турдукан:**- Мен ушу жалганды да жөндөп айталбайм. Бир жолу таанышым тойго чакырып калды, акча бир аз тартыш эле, Алайдамын деп койдум. Алайда болосуңбу, Савайда болосуңбу бирок артыңды карап кой десе болобу! Көрсө артымда 5 метр жерден чалып жатыптыр. Просто өл деген киши болгон эмес, жаман уят болгом.

**Бермет:** - А бул шеринеңиз каякта?

**Турдукан:** - Өткөндө мен шерине өткөргөм, досторум келген, черный касса деп 1000 сомдон топтомойубуз бар. Бир досум берген конверттин ичин ачсам, «карызмын» деп жазып койуптур. Азыр

ошол досум чакырып атат. Мен да конвертти алып барып, ичине «карыздан кутулдуң» деп жазып койом. *(Экөө тең каткырып күлүшөт),* - Азыраак акча болсо, 4-5 тойдун оозун жаап койот элем. Үйдө бир аз акча бар, аны чалым дыйканчылыкка иштетип жатат. Кудай буйруса, түшүм жакшы болсо, баарынан кутулуп калат элек.

**Бермет:** - Жеңе, сизге канча акча керек?

**Турдукан:** - 6000 сом болсо жетет эле.

**Бермет:** - Мына 6000 сом, мен бере турайын.

**Турдукан:** - Ой, рахмат! Ушу сиз атаңызды жазбай тартыпсыз. Ал киши да жардамын эч аябайт эле. Ошондой адамды өкмөттөн алып салышты!

**Бермет:** - Ооба, Жеңе, атам ооруп да калды.

**Турдукан:** - Доктурга бардыбы?





**Бермет:** - Жоок, үйдө эле. Кызматта жүргөн адамга жаман болот экен. Анын үстүнө дос – душман деген бар.

**Турдукан:** - Ал жагы бар деңизчи, бирок эми эс алсын. Атаңыз жакшы эле иштеди, иш эми бүтпөйт.

**Бермет:** - Биз да айттык. Атам өзүм баштаган ишти акырына жеткизишим керек деп болбой жатпайбы.

**Турдукан:** - Оо-ой, катыгүн десе! Эми эс ала бербейби, жарыктык?! Өзү биз баарыбыз жакын тууганбыз, бир атадан таркаган, бир уруунун балдарыбыз.

**Бермет:** - Ооба, бир урууйдан экенибиз чын. Анан эми атам аксакал болуп туруп, каяктагы бир тентип келген башка уруунун баласына кызматын алдырып койгону оор тийип кетти окшойт.

**Турдукан:** - Кой, антпе, ким болсо да айылды көтөрсө болду. Жаштарды көрүнгөн жака темселетпей, жумуш берип, бизге окшогон бечараларга кичине

кридит – придиттен жардам берип турса, кайсы уруу болсо деле боло берет да. Эми атаңызга деле жалко деңизчи.

**Бермет:** - Азыр кимге жолуксам, атамды мактап жатып калышат. Анан эле айылдын депутат сөрөйлөрүнө барып, атамдын кызматын кайра өзүнө бергиле деп айтып койгула десем, бир ооз сөзгө жарашпайт. Эмнеге адамдар мынча эки жүздүү, ыя, жеңе? Тиги Касиет жеңеге рахмат. Эки күндөн бери айыл өкмөттүн алдына барып, жаңы шайланган өкмөт кетсин, биз ишеним көрсөтпөйбүз деп ачкачылык жарыялап отурат.

**Турдукан:** - Эмне?! Касиет ачка отурабы?!

**Бермет:** - Жо-ок, эми эл көзүнө отурат да. Кечинде өзүңүз билесиз да.

**Турдукан:** - Ии, ошондой десеңиз. А то аныңыз ар жарым саат сайын оозу кыбырап турбаса болбойт эле дейм да.





**Бермет:** - Касиет жеңем жалгыз болуп жатат, ошого сиз да *(ыңгайсызданып)* 1–2 күн кошулуп койсоңуз кантет, жеңе?

**Турдукан:** - Ии, бетим, менби? Шерменде! *(колу менен бетин көрсөтүп),* - Эл эмнне дейт?! Кайнагаларым көрсө...койуңуз, андайды бетин нары кылсын! Мен бетимди табактай кылып отурсам... кой кой болбойт! Ак каранны териштиргидей мен сот болбосом, же депутат болбосом, уят кой.

**Бермет:** - Ой, жеңе, атам сиздин тууганыңыз да?. тууганды топурагы алтын дейт эмесби.

**Турдукан:** - Аныңыз туура деңизчи. *(Берметтин телефону шыңгырайт):*

**Бермет:** - Жанымда акча калган жок. Болгонун жеңеме берип койдум. Эмне, жогорку айылдан 3 эле аял келдиби? Женемби?... *(Жеңесин карап),* - сөзсүз барат. Мен айта электе эле, мени кайра урушпадыбы! Ушул убакытка чейин

асманды карап отура бербей мурдараак эле баштасаңар болбойбу?! – деп. *(жеңесин карап),* - сизге атам салам айтты, мени колдогонуна рахмат деди.

**Турдукан:** - Өзү кайсы жерге барыш керек?

**Бермет:** - Эртең өкмөттүн алдына. Элди чогултуп, жаңы айыл өкмөттү таанытырат экен. Ошондо эле «кетсин» деп ызы - чуу түшсөк, өзү эле кетип жоголот да.

**Турдукан:** - Мейли, чалыма бир ооз айтайын. Келиңиз, сиз чай ичкенче отуруңуз. *(Эшиктен Бусуке кирет. Ачуусу келип, өзүнчө сүйлөнүп,чапаны меңен кетменин ыргытып ):*

**Бусуке:** - Ушулардыкы өттү. Жардамды го бербесин, деги тоскоол кылбасынчы!

**Турдукан:** - Ой, тынчылыкпы?. Эмне болду?. Кел, колу – башыңды жуу *(суу куя),* үйдө мейман бар.





**Бусуке:** - Кел, кызым. Кайсы кыз элең?.

**Турдукан:** - Эски өкмөт аканын кызы да. Сен жакшы тааныбайсың, бир уруудан болобуз.

**Бусуке:** - Ааа, азыркыча айтканда, бир партиядан экенбиз да. *(колун арчып)*

**Турдукан:** - Жакшына болчу, абышка!

**Бусуке:** - Өзү көп партиялуулукту кыргыздар ойллоп тапкан. Мына биз маңгыт урууусунанбыз, ошону уруу дебей эле партия деп койсо, бүттү!

**Бермет:** - Между прочиим, акам туура айтат! Эгер ошондой болгондо, партиясын байпактай алмашкан саясатчылар токтомок.

**Бусуке:** - Кызым туура айтат. Бир карасаң ак партия, бир карасаң көк партия, бир туруп ала карга, кара карга... бети жоктор! Дагы элдин алдына келип

сүйлөгөндө, сүттөн ак болуп чыга келишет, уялбай!

**Турдукан:** - Картошканы суугардыңбы?.

**Бусуке:** - Суу бербей, сууну башка жака жыгып салыптыр.

**Турдукан:** - Апеей, ким, ботом?.

**Бусуке:** - Жаңы айыл өкмөттүн бир тууган жээни бар экен го?....

**Турдукан:** - Ии, жанагы алкаш бы?

**Бусуке:** - Ой, билбейм. Оозу кыйшык болсо дагы, байдын уулу сүйлөсүн болуп атат. Заманың кургур!

**Турдукан:** - График бойунча суу биздики беле?.

**Бусуке:** - Ооба, биздики эле.

**Турдукан:** - Анан эмнеге бербейт? Өлүгүндү көрөйүн!

**Бусуке:** - Жаңы өкмөттүн туугандары суугарат имиш. Анан бошосо, биз алат экенбиз.





**Турдукан:** - Ой, өлүк тиригинди көрөйүн! Жаш бала экен, иштесе иштеп турсун десе, муну көрсөң?! Келе албай жатып... азыр ушинтсе, кийин эмне болот?!

**Бермет:** - Элге ошону айтып түшүндүрө албай жатпаймбы!

**Бусуке:** - Сен оозунду бас, кемпир! Эртең эл чогулат, ошондо айтар сөздү айтабыз.

**Турдукан:** - Жетет ушунча басканым! Качанкыга чейин унчукпай жүрөберебиз?! Жөн койсо, ар кимиси бирден келип тебелеп – тепсеп кетишет! Бир жакшы иштеп жаткан айыл өкмөттү жумуштан алып... эртең бетин тытып, колуна карматпасам! Мен, мен болбой калайын!

**Бусуке:** - Эл эмне дейт?

**Турдукан:** - Эмне десе, ошо десин!

**Бермет:** - Жене, менимче, кеңешип туруп, пландуу иш кылбайлыбы? Жалгыз аттын чаңы чыкпайт дейт.

*(Бусуке колун шилтеп),* - Э! Билгениңерди кылгыла!!! Мен чарчадым, эс алайын.

**Бермет:** - Жеңе, келсеңиз, жанагы Гүлүмкан эжени билесиз да!? Жер алам деп жүрүп, байкушту депутаттык комиссия өткөзбөй койбоду беле?

**Турдукан:** - Ии, ооба десеңиз! Байкуш телевизорго чыгып, ыйлап, арызданып да жүргөн.

**Бермет:** - Ии, ошого сиз айтпайсызбы. Мен айтсам туура көрөбү, жокпу... же башкача ойлоп калабы?. А сиз айтсаңыз болоберет, туура эмес чечим чыгарган депутаттар да кетсин деп айтабыз десеңиз. Жол кире, – ашын төлөп беребиз. *(Турдукан телефон чалат)*

**Турдукан:** - Алло, Гүлүмкан, кандайсың?....Ии, мен да жакшы. О, жанагы... жериңдин маселеси чечилдиби?... Оо, бети жоктор! Ушу сага тийбей эле койушпайбы! Сенин ахывалыңды угуп,





аябай кейидим. Сени антип талаага тентитип,... бизге бүгүн мынтип суу бербей,... жаңы айыл өкмөттүн туугандарына бериптир. Мейли, эркектер чечпесе, мына өзүбүз чечебиз! Эртең айыл өкмөттүн алдында чогулуш болот экен, келесиңби? Күтөбүз.

**Бермет:** - Дагы ким бар, жеңе, эстесеңиз?

**Турдукан:** - Кошунамдын күйөөгө тийе элек балдызы бар. Өзү да жарым тонна келет. Бирок *(колу менен чыкыйын көрсөтүп),* - акылы бир аз кемиреек. Справкасы бар.

**Бермет:** - Ии, жеңе, идеальный вариант! Тем более справкасы болсо. Алдыңкы катарга ошону койобуз.

**Турдукан:** - Эмнеге?

**Бермет:** - Аларды камаганга болбойт, жеңе.

**Турдукан:** - О, шумдугуң кур, ошондойбу?

**Бермет:** - Ошондой, жеңе! *(алаканын чаап),* - Буйруса, негизинен отряд даяр болду. Миңдей адам нанимать этилди, 500 көрүүчү келсе, анан революцияга катышкан опуту бар 2–3 «тарпеданы» алдыга салсак, бүттү! Өкмөтүң 5 мүнөттө алмашылат т.е алмаштырабыз.

## III Көрүнүш Көчө

*(Мойнуна «наразымын» деп илип алган киши чыгат):*

**Тынар:** - Нааразымын!... Нааразымын!... Чынын айтсам эмнеге нааразы экенимди билбейм, бирок нааразымын!

**Милиция:** - Салам алайкум!

**Тынар:** - Алейки салам!

**Милиция:** - Аксакал, бул акцияга уруксат алгансызбы?

**Тынар:** - Кандай акция?

*(Милиция нары караганда «нааразымын» деген кагаз «ыраазымын» дегенге*





*алмашып калат),* - Балам, кимден уруксат алам?

**Милиция:** - Биз демократиялуу мамлекетбиз, ар ким өзүнүн ойун ачык айтканга укуктуу....

*(Тынар милициянын сөзүн акырына жеткирбей),* - Ап, баракелде! Мен да өзүмдүн ойумду айтып, жаратканга ушул заманды көрсөткөнүнө ыраазымын деп отурам балам.

*(Милиция мойнундагы жазуусун көрүп, чочуп кетет)*

**Милиция:** - Кечиресиз, аксакал. Улам пикет, митингтер болоберип, сиздин алдагы кагазаңыз көзүмө башкача көрүнүп кетиптир. Демек, сиз ыраазысыз.

**Тынар:** - Ыраазымын, айланайын. Жаратканга, сага, өкмөткө, баарыңарга ыраазымын.

**Милиция:** - Эч кимге зыяныңыз тийбесе, отура бериңиз, аксакал.

**Тынар:** - Рахмат! Барагой. *(Милиция кетери менен, кагаз «нааразымын» га алмашат),* - көп жылдан бери иштейм да. Мындайда иштин көзүн билип калат экенсиң. Зачем конфликтке барып? Мисалы парламенттеги кээ бир депутаттар, өзү отурган фракциясында бир деме болоорун билип калганда, шарт этип башка партияга өтө качат. Мен ошолордон үйрөнгөнмүн да. Өзү мен Бишкекте площадда иштейм. Мага акча төлөп берсе болду, кайсы жерге бар десе, ошол жака кетеберем, Бүгүн заказ ушул жерге болгон.

- Оо, өткөндө бир заказ чыгып калды. Саясий эмес, бытовой. Эки куда тойдон бир-бирине таарынып, уруша кетишет. Кыздын атасы кудасына таарынычын айталбай мени заказ кылган. Имине заказ десем:

- кудамдын үйүнүн алдына үч күн «наразымын» деп отуруп бер десе болобу?





*(жакасын кармап)* О, шумдугуң кур. Өзүнүн жан кудасын заказ кылып атат. Миң жылга нааразымын. Сөзүңө турбадың, дегин дейт. Заказчик мени жеткизип коюп, өзү тээтигиндей олтуруп алып, карап турду.

Обычно саясий заказдарга 500 долларга турам. Бул бытовой болгондуктан күнүнө 100 долларга, үч күнгө 300 долларга чыктым. Мага эмне, акчасын алгандан кийин туруп бердим. Плакатты илип алып *(чалкалап көрсөтөт)* турсам, жарым сааттан кийин үйдүн ээси *(Кудасы)* чыгып:

- чынынды айт, сени канчага заказ кылды? - деди. Үч жүз доллар дедим. Ал бир азга мени карап турду да, - ал мурда эле жмот болчу , дале жмот боюнча калыптыр, мен сага 600доллар берем, - Мэ,ошол кудамдын

- үйүнө карап «ыраазымын» деп кыйкырып тур, - деди. Мага эмне?. Эки жактан

тең акча алып бул жакты карап «наразымын», бул жакты карап «ыраазымын» - деп кыйкыра бердим. Зато экөөнүн тең акчасын да алдым, көңүлүн да алдым.

*(ушул учурда акча издеп жүргөн Самат кирет. Эл жакты карап, ким акча иштегиси келсе тизмеге жазылгыла күнүнө 500 сомдон ...колундагы тизмени карайт. Анан Тынарды карап):* - Аксакал, сиз кызык киши экенсиз, эч ким жок жерге отуруп алыпсыз да? (Эңкейип мойнундагы кагазга карап): -Кимге «наразымын» деп атасыз?

**Тынар** - Э, үка заказ ушул жерге болгон

**Самат:** - Бүгүн бизде пикет, бирок мен сизди али заказ кыла элекмин.

**Тынар:** - Заказчик бир эле сен бекенсиң, мен билбеген имине деген пикет? Кимди кетсин деп атасыңар?

**Самат:** - Айыл өкмөттү.

**Тынар:** - Мелочь турбайбы! Айтам да, чоң пикеттер башталарда биринчи мага айтышат эле деп.

**Самат:**- си-из антип бизди паска урбаң. Нормальный акчабыз бар. Деги күнүнө канча акча аласыз?

**Тынар:** - канча бересиң?

**Самат:** - 1000 сомдон жетеби?

**Тынар:** - Сүйлөбөй олтурганда күнүнө 5000 алам.

**Самат:** - Эй, 5000ге мен жакшылап суйлөшсөм 60-70 адам алып чыгам.

**Тынар:** - Жүз адам алып чыкпайсыңбы?! Кеп санда эмес, сапатта болуп жатпайбы?

*(сахнага кабарчы камерасы менен кирип пикетчи чалды тарта баштайт)*

**Тынар:** - Эй, бекер ашка уйрөнгөндөр. Ушулардан күйдум, сурабай эле тарта бересинерби? Гонорарын ким төлөйт?., гонорарын?

**Кабарчы:** - теледен чыгасыз, аксакал.

**Тынар:** - Мен давно спутниктен бүт дүйнөгө чыгып койгомун. Сенин телең эмне болуп калыптыр. Биринчи тополоңду мына мен баштагамын да. Азыр эми мынтип профессияга айланып кетти. Азыр менин оозуман чыккан ар бир сөз акча, так что акчаңы төлөп койуп, каалаганча тарта бер.

*(сахнага марш музыкасынын коштоосунда ырдашып ОБОН аялдар кирет. өтуп баратып пикетчи чалды тебелеп өтуп кетишет)*

**Кабарчы:** - Аксакал тирүүсүзбү?

**Тынар:** - тирүүмүн, тирүүмүн (калпагын кагып башына кийип) Булар менин конкуренттерим, Чоң пикеттерди ээлеп алышкан. Макул деп площадды бошотуп берип келсем, эми бул жака да келип алышыптыр. *(өзүнчө сүйлөнүп)* – кой булар бар жерде мага нан жок. *(чыгып кетет)*





*(Кабарчы аялдарга келип)*: - Апа, бүгүнкү саясый акциянын катышуучулары негизинен аялдар экен, мунун себеби эмнеде деп ойлойсуз? Биздин «Чагылган ТВ» га бир эки ооз маек куруп бербейсизби?

**Патила:** - Макул. Берсе берейин. *(Бети-башын оңдоп)*

**Кабарчы:** - Саламатсыздарбы урматтуу теле көрүүчүлөр! Бугун бизде мейманда өзгөчө десем да болот, акыркы күндөрү ОБОНДОР деп эл оозуна айтылып жүргөн. же болбосо - отряд баб особого назначения - дегенди укканда чоңдордун жүрөгүнүн үшүн алган топтун жетекчиси Патила апага сөз берели. - Апа, айтсаңыз, сиздин ушул топту жетектеп алып жүрүшүңүзгө эмне себеп болду? же жумуштун жоктугунан келип чыктыбы?

**Патила:** *(минайым сылык)* - Биринчиден - жалпы кыргыз элиме, анын ичинен аял затына. Өзүмө окшогон энелерге

салам айтам. Эми-и, биз бул жерге эл үчүн, жер үчүн, кыргызстандын тынчтыгы үчүн арга жоктон чыгып жатабыз.

**Кабарчы:** - Кечиресиз, мен сиздерди башкача элестетип жүргөм. Сизден чыныгы аялдык назиктикти, энелик мээримдүүлүктү көрүп турам. Азыр сизди мурда көрүп жүргөн телекөрүүчүлөр деле түшүнбөй калды болуш керек. Айтсаңыз, - сиз жумуш убагында кандай образда болосуз? Мисалы, бир мамлекеттик кызматкерди жумуштан алуу керек болуп калса;

**Патила:** - Эми, андай ахвалга түшүш үчүн, ошондой шарт болуш керек да, балам. Ансыз образга түшүш кыйын го.

**Кабарчы:** - М: Мен ошол акиммин.
Сиз мени кубалаганы келдиңиз дейли.

*(Патила жоолугун башкача байлап,- жеңин түрүнүп, бетине кара тактарды сүртүп)* - О, өлүк тиригиңди көрөйү! Кайсы бетиң менен бул жерде бетиңди табактай кылып олтурасың? Бетиңди тытып алайынбы? Жеп тойбогон кулундай болгон акмак. Жогол бул жерден. Азыр сени да өлтүрүп, өзүм да колуңа өлүп берем. *(кабарчыны жакасынан кармап жулкулдата баштайт)*

**Кабарчы:** - Эне, болду.Жүрөгүм түшүп калды. Сиздин колуңузга түшкөндөн кудай сактасын.

**Патила:** *(кайра жоошуй)* - Эми бул бир чекеси. Просто показательный номер. Ал эми реальный турмушта ушундан жүз эсе күчтүрөөк болот.

**Кабарчы:** - Сиздин азыркы кебетеңизден он эсе коркунучтуу болот экенсиз да?!

**Патила:** - Эми бул жумуш да, айланайын

**Кабарчы:** - Мынча болуп калды ар бир жумуш үчүн канча акча аласыңар?

**Патила:** - Акча маселеси заказга жараша болот. Тариф ар кандай, балам. Степень риск деген болот.

**Кабарчы:** - мисалы:

**Патила:** - Мисалы, кимге каршы барышыбызга жараша - ажоогобу, министиргеби, губернаторгобу? Же болбосо акимди кетириш керекпи, же айыл өкмөттүбү. Кыскасы өз өзүнчө тарифный сеткасы бар. Ал эми пикет учурунда убактысы эске алынат. Кыскабы же узак мөөнөткөбү. Жазбы, күзбү, кышпы - дегендей. Кыскасы, убактысына жараша болот. Азыраак мөөнөт арзаныраак, продолжительный, анан дагы кыш мезгили болсо кымбатыраак болот.

**Кабарчы:** - Сиздерди пайдаланып алып анан кидать эткен заказчигиңер боду беле?

**Патила:** - Биздиби? Жанынан тойгон, же башы экөө болбосо эле, пусть только попробуют.





**Кабарчы:** - Күч органдары тарабынан кандай мамиле кылышат?

**Патила:** - Эми алардын деле энелери бар да. Анын үстүнө уят дешип кол көтөрбөйт, байкуштар. Анча-мынчасын эске албаганда анчалык деле каршылык кылышпайт.

**Кабарчы:** - Апа, сиздин команданыздан дагы кимдер менен маек курсак болот?

**Патила:** - Четинен чакыр. - Ай, Кымбат, бери бас. *(бети таңылган жашыраак келин кирет)* Биздин ОБОНдордун эң алдыңкы катардагы жүрчү тайманбас аялдардын бири. Аты Кымбат, өзү да кымбат.

**Кабарчы:** - Саламатсызбы?

**Кымбат:** - *(көкүрөк кере)* Саламатчылык. - Эй, жигит, эгер биз жөнүндө жаман маалымат чыккан болсо, сен трупсуң! Түшүндүңбү?

**Кабарчы:** - Түшүндүм. Жаман нерсе чыкпайт.

**Патила:** - *(кабарчыга карап):* - Сен буларды туура түшүн. Булар азыр чоң жоопкерчиликтүү жумуштун алдында турушат. Мындайча айтканда психологиялык даярдыкта туруш керек. Эми сура, эмнени сурайсың?..

**Кабарчы** – Рингке чыкчу мушкерлердей бети башыңызды байлап алыпсыз го? Телекөрүүчүлөргө кызык болсо керек, ошол боюнча кыскача айтып бербейсизби?

**Кымбат:** - Бул производственный травма. Өткөндө бир козел, ишкананын жетекчисин алмашып бергиле дегенинен барсак, ал бизди алдап, охрана менен стычка кылып койбодубу?!. Ничего, биз еще встречатся кылабыз!

**Кабарчы:** - Демек, силер менчик ишкана менен иштебейсиңер?





**Кымбат:** - Ооба, биз жалаң мамлекеттик ишканалар менен иштейбиз. Бирок кандай травма албайлы, гонорар эки эсе төлөнөт. Бирок, ОБОНДОРдун аялдары больницага жатпайбыз, мына кечээ травма алган болчумун, азыр өзүңүз көрүп турасыз, жумуштамын.

**Кабарчы:** - Мына урматтуу телекөрүүчүлөр! Биз эмне дейбиз?! Обондордун аялдарына ийгилик гана каалайбыз. Биз коштошпойбуз. Алдыда кызыктар күтүп турат. Биз менен болуңуздар.

*(Өкмөттүн кызы Берметтин өтүп бараткaнын көрүп, кабарчы аны кепке тартат)*

**Кабарчы:** - Кечиресиз, сиз пикетте кимди колдоп жатасыз?

**Бермет:** - Мен негизинен ушундай нерселерге каршымын. Акыры мүмкүнчүлүк бериш керек да! Биз азыркы бийлик жакшыбы, жаманбы, анын иштеп кетишине жардам беришибиз керек. Ким кел-

се эле «кетсин» демей бизге адат болуп калды.

-Ушуну ким уюштуруп жатат деп ойлойсуз?

- деп *(кабарчыны карайт)* Муну биздин айыл өкмөттүн өсүп-өнүгүп кетүүсүн көралбагандар уюштуруп жатат. Мен ойлойм, алар өз максаттарына жетпейт. Бизде айыл өкмөт үчүн жан берген патриоттор бар.





**Төтүнчү көрүнүш**

**Айыл өкмөттүн алды.**

*(сахнага эки жаш жигит сүйлөшүп чыгып келишет)*

**1 -жигит:** - Мына, досум, бул биздин айыл өкмөттүн борбору. Депутаттар кеңешинин төрагасы мени ушул кызматка кандидатурамды көрсөтүптүр. Угуп бир чети аябай толкундадым. Бир чети коркуу менен кабыл алдым. Бирок эл ишенген соң, ишеничти акташ керек да, туурабы? (колу менен талаа жакты көрсөтүп) - Тээ талааны көрдүңбү? - Ошол жерге такыр суу чыкпайт, бирок жаңы технологиянын жардамы менен суу чыгарса болот. Ошондо канчалаган жерлер суу ичип, дыйкандарга канча жардам болот.

**2 -жигит:** - Эми, досум, чет жерде алган билимиңди ушул айылга жумшап, айыл жаштарына үйрөтсөң, кудай буйруса кыйынчылыктан чыгып кетербиз. Ага

сенин толук мумкунчулугуң бар. Акчаң болсо деги бар.

**1-жигит:** - Эң кызыгы, мен бул жерде Жоомарт авадан башка эч кимди тааныбайм. Илгери мени ошо Жоомарт ава балдар үйүнө алпарган болчу. Калганын билесиң да. Так, что менин келгеним айыл үчүн жаңылык болот

*(акча таркатып жүргөн Самат, тиги экөөнү көрө калып токтоп калат)*

- Эй, жигиттер, конок окшойсуңар акча иштеп албайсыңарбы?

**1-жигит:** - Кантип?

**Самат:** - Караан болуп туруп бергиле. Азыр бул жерде пикет башталат. Мына 500 сом, ал эми бүткөндө дагы 500 сом берем.

**1-жигит:** - Эмне деген пикет?

**Самат:** - Э, ишиңер болбосун, андан көрө паспортуңар барбы? Мен да кийин отчет кылам... а, мейли кийин бересиңер.





*(Сахнага музыканын коштоосу менен ОБОНдор жулкунуп чыга келишет. Бир жактан Мурап менен айыл өкмөттүн кызы, ал эми бир жагынан жаңы айыл өкмөт досу менен, ортодо айыл аксакалы чыгып)*

**Айыл аксакал:** - Айланайын эл журт, биз деги эмне болуп баратабыыз? Уят эмеспи? Аралашпай эле коейун дегем. Дагы баягы дүжүр чал чыкты дебесин деп, бирок аралашпасам болбочудай. Эми эмнеден баштасам?... *(Мурап чуркап келип кулагына шыбырап чөнтөгүнө бирдеме салып кетет)*

**Айыл аксакал:** - Эми жаштарга кезек берели. Келечек ушулардыкы. Депутаттарыбыз ишеним көрсөтуптур, демек алар туура чечим чыгарган. Биз депутатарды өзүбуз шайлабадык беле.....

*(Самат аксакалга шыбырап, чөнтөгүнө бирдеме салат)*

**Аксакал:** - Мм, мурдагы айыл өкмөт деле жаман иштеген жок, туурабы? Эмне эле аны ордунан козгоп атасыңар билбейм. Иштеген адам өзү силерге жакпайт.

*(Мурап чуркап келип аксакалдын чөнтөгүнө дагы бирдеме салат)*

**Аксакал:** - Деги уруу, уруу болуп бөлүнгөнүңөрдү качан токтотосуңар? Кечээ бирөөсү айтат – бул жаңы айыл өкмөт Маңгыт уруудан эмес экен. Басыз экен деп. Эмне болуптур маңгыт болбосо...

*(Бусуке анын сөзун бөлүп):* - Ушул ойунуңарды качан таштайсыңар? Мен жаңы өкмөттү көрө элекмин. Жаш бала дейт. Мен аны тааныбайм. Бирок тиги бир тууган бөлөсү, ал келбей жатып суу бербейт. Тиги жээндери вопшум мени тойгузду. Ал айыл өкмөту келе электе ушинтсе келгенде, шорубуз кайнабайбы? Ушинтип уруу-уруу кылып айылдын





адамдарын кырылыштырганча, эски айыл өкмөт өзү эле калган жакшы эмеспи?!.. Андан көрө жэк-жаатка бөлүнбөй, өзүбүздүн айыл өкмөттү кайра шайлап бергиле.

*(ОБОНдор - жаңы өкмөт «кетсин, кетсин...........»)*

*(жанатан бери окуянын жүрүшүн досу менен карап, түшүнбөй турган жаңы айыл өкмөт элдин алдына басып чыгат)*

**Айыл өкмөт:** - Айланайын, эл журт! Деги, эмне болуп баратасыңар? *(комуздун коштоосу кетет).* Алмуздактан келаткан салтыбыз кана? Мындайда ак сакалын жайкалтып акыйкатты как жарган аталарыбыз сүйлөчү. Ак элечек кийинген Курманжан Даткадай болгон энелерибиз сүйлөчү. Алар кайда кеткен? Жанатан бери карап турсам, бириндин сөзүңдү бириң укпайсың. *(аңгыча «обон» аялдардан бирөө)* - бул ким, бизге акыл үйрөткөн? *(ар жактан ко- штоп кетишет)*

**Айыл өкмөт:** - мен силердин баладармын. *(ар жактан шыбыр-күбүр башталат.)* - Кимдин баласы экен? Сен тааныйсыңбы? Кайсы уруудан экен?

**Айыл өкмөт:** - Ооба, мени биринчи көрүп турасыңар. Жанатан бери кетсин деп кыйкырып аткан жаңы шайланган айыл өкмөт менмин. *(ары жактан бирөө)* - Опей, жанагы башыңы жегир мураптын бир тууган бөлөсү, сенсиңби?..

*(ар жактан экинчи үн)* - Эмнеге башын жейт? Сразу эле башын жегизе саласың да. О, айланайын биздин уруудан турбайсыңбы.

**Айыл өкмөт:** - Ой, талашпагылачы.. Мен жетимдер үйүндө тарбиялангамын. Кимдин баласы экенимди да, кайсы уруудан экенимди да билбейм.

*(ар жактан үн)* - жети атасын билбеген тентиген кул дейт кыргыздарда.

**Айыл өкмөт:** Уруусун билип туруп. уруу-урууга, кокту-колотко, жек-жаатка





элди бөлгөнчө, ошо урууму билбей калганым да жакшы болгон экен.

**Бусуке:** - Кой антпе, айланайын. Бул аялдар кыйкыра беришет. *(аялдар тарапка карап).* Ызылдабай угуп турбайсыңарбы.

**Айыл өкмөт:** - Мен төрөлгөндө эле апам, балдар үйүнө калтырып кеткен экен. Ошентип балдар үйүндө чоңойдум. Жети жашымдан ушул силердин айылдагы мектеп-интернатта 5-класска чейин окудум. Алтылчы классыман Жоомарт авам мени шаарга которуп жиберди. *(шыбыр-күбүр)*

Кайсы Жоомарт? - О, интернаттын мурдагы директири.

Раматылык сооп иш кылган экен.

- Раматылык жакшы киши болчу. Жаткан жериң жайлуу болгур.

**Бусуке:** Эми, угузбайсыңарбы?!

**Айыл өкмөт:** - Ошол кезде менин жакшы окуганыма көзү жетип шаарга ко-

торсо керек. Кийин институтка киргениме да жардам берген. Ошондо, - мен чоңойгондо сөзсүз ушул айылга келип иштеп берем дегемин. Мына, буйрук насип дегендей келип олтурам. Мен кичинемде тээтиги адырлардан далай жолу гүл тергендерим али эсимден кете элек. Жогорку окуу жайын бүтүп чет мамлекетте жүрдүм. Ал жакта окуп жатып, чакан бизнес ачып иштедим. Кийинчерээк бизнесимди чоңойттум. Ошентип завод курдум. Азыр ал жерде миңден ашуун жумушчулар иштеп жатышат.

Бул жерге жергиликтүү кеңештин депутаттарына раматылык Жоомарт авам менин талапкерлигимди сунуштаган экен. Силер шайлаган айылдык кеңешинин депутаттарынын чакыруусу менен келип калдым. Бир кездеги максатыма жетип, эми элиме-жериме кызмат кылат экемин деп ойлогом. Жоомарт авамды да сүйүнтүп ишеничин актайм го дегем. К

сожалению, көзү өтүп кетиптир. Силер болсо уруун ким, жердигиң ким? - дейсиңер  Мен ушул жердин кулунумун. Улутум кыргыз, уруум да кыргыз. Жердигим кыргызстан. Мекенимдин алдында карызымдан кутулайын деп келдим.

**Бермет:** - Өзү сиздей адам келиш керек эле деп качантан бери какшайм. Ким экенин билбейм, жакшы эле жашап жаткан элдин ортосуна бүлүк салып, жэкжаатка элди бөлүп жүргөндөр бар имиш. Менимче, жанакы жогорку жактан айтылып жүргөн үчүнчү күчтөр болсо керек. Мына турган эл сизге ишенет.

*(Турдуканга карап):* - Жеңе, башканы койуп, сиз бул ишти жасабашыңыз керек эле. Аксакал башыңыз менен уят эмеспи?

*(Жеңесинин кулагына):* - Карасаңыз куруттай бала экен. *(жымыңдап, чыканагы менен жеңесин түртөт)*

**Айыл өкмөт:** Рахмат, карындашым, сендей жүрөгү таза кыз-жигиттер өкмөткө абдан керек.

**Турдукан:** - О, өлүгүңдү көрөйүн. Жүрөгү таза имиш. Бардык ишти... *(Берметке кол көтөргөндө)*

**Бермет:** *(Жеңесине)* - алты миң сомду кечтим, жеңе.

**Турдукан:** - Андай болсо, мейли.


**Бусуке:** -Туугандар! Өзүбүздүн бала турбайбы?! Убагында Жоомарт раматылык тарбиялаган бала жаман болбос. Кудай бизди эми чындап колдогон экен. Келгиле бир бата берип коелу.

АЯГЫ





## Кадырбек Керимбаев (Саяковский)



Акын Кадырбек Керимбаев 1949-жылы Жалал-Абад облыстынын Кетмен-Төбөнүн Торкент айылында төрөлгөн.Үч китептин автору. Кыргыз мамлекети, кыргыз салтында өнүгүш керек деген көз караштЫ жайылтып, Кыргыз эли эгемендүүлүктү алгандан бери саясатчыларга азил чыны аралаш ырларды жазып келе жатат.

# БЫТЫРА ШИЛТЕМДЕР

«Опаа чиркин, шум жалган»...
Ошондойсуң» гум жардам.»
Жетекчилер бөлүшүп,
Жетим, жесир кур калган.

* * *

Кытайдын кийген шайысын,
Кытайдын ичкен дарысын.
Кыргыздар кантип оорусун да,
Кыргыздар кантип карысын.
Түкүрүп салдык баарына,
Түрктөрдүн чайнап сагызын.

* * *

Салт сыяктуу кеп салдык,
Самопал экен деп калдык.
Санап да жоктур кереги
Самопал ичип жеп калдык.





* * *

Алладан мурда оозанган,
Арагыбыз самопал.
Алып келген кытайлар,
Товарыбыз самопал.

Сайраган сасык саясат,
Заманыбыз самопал.
Үйдө тышта жумуш жок,
Адамыбыз самопал!

«Мальборо» соргон балбандар,
Алар мафия багып алгандар.
Маңкурттун анык тукуму,
Махорка тартып калгандар.

МАИ дейби, май дейби,
Май талкан эле жай дейби.
Мантайышат балдары,
Талкансыз жалаң май жейби?

* * *

Баргандан көрө ажыга,
Барган оң дешет бажыга.
Ажыга барган тайыйт дейт,
Бажыга барган байыйт дейт.

* * *

Кармаганча алтын балыкты,
Кармаган оң дейт салыкты.
Сапырып туруп салыкты,
Сатып ал «любой» балыкты.

Мурда: Чаңырып келчү «Тез жардам»,
Бүгүн чакырган жерге кеч барган,
Же - «бензинибиз жок эле,
Бейиши болсун» - деп калган.

Ак үйдө күлүп чоң турат,
Айтууга тил жок. Ой турат.
Сийгиң бар ушул заманга,
Сийгизбей турган сом сурап





# БУЛ КҮНДӨ

Алайга кат жөнөтсөн айда жетет,
Өзгөнгө өзүн жетпей айла кетет.
Тойгонбай Токиодон сакэ жутуп,
Бишкектен бешбармак жеп кайра кетет.

Автобуска бензин жок камынганда,
Америка жапжакын айылдан да.
Станбек лайнер минип сызып учат,
Стамбулдун кыздарын сагынганда.

Медер ташыйт Мексиканын ичкилигин,
Мээрим сатат Марокконун ич кийимин.
Саясатчы итибиз, битибиз да,
Сары чайга күнүбүз түштү бүгүн.

Мектептен агай качат тыйыны жок
Мектептен бала качат кийими жок.
Сагалап эл кетпеген эшигинен,
Самогончу Сайрадан кыйыны жок.

Апасын өз баласы сатып кеткен,
Адамды ит катары атып кеткен.
Наадандыктын чегине жеттик бүгүн,
Нанга да жаба сийип басып кеткен.

Бул күндө атан базар, энен базар,
Бирөөнү бирөө күлүп жеген базар.
Өздөрүн өзү билет, өтүгүн Ак үйгө илет,
Өкмөткө өкүл ата алып-сатар.

Карышкырлар калгансып үйүгүшүп,
Партиялар жатышат биригишип.
Басмачылар бийликте дагы калса,
Байкуш элдин калбайбы күнү бүтүп

Кор башылар антташып кол беришип,
Кошоматчы шүмшүктөр той беришип
Алдап көнүп шайлоодо момун элди,
Айдап алган калышты кой көрүшүп.





Баш мыйзамды өздөрү жазган алар,
Баарынан бийик койгон акчаны алар.
Ээлеп алган байлыкты, бийлигинди,
Эсептешпейт адам деп башканы алар.

Ак калпак эл аз калды тентип кетип,
Акүйдү шумдар алды мечиктещип.
Мансапкор бир ууч шылуун тайрандоо
Манастын урпактарын жер тиктетип!

Салт санааң, нарк насилиң тебеленип,
Саясат, динге башың тегеренип.
Баш кошо албай турабыз курултайга,
Басмачылар топ топко бөлө берип.

Базар кылган амалкөй жеп ичкендер,
Парламент- байлык бийлик бөлүшкөн
жер. Элди журтту ойлогон бирөө да жок,
Эшек сойсо « халалдап» беришкендер.

Мародерлор жамынат партияга ,
Эшек сойгуч эпчил да партияда.
Аралашып «радикал» «криминалдар»……
Азап тарткан кыргыздын калкы гана.

Шайтанга окшоп алдаган,
Шайлоо келет кайрадан.
Үйүңө тынч жаткырбайт,
Үгүүтчүлөр жйнаган.

“падаркесин” көтөрүп,
Партиялар камдаган
Шайлоо десе чамынып.
Шаар, кыштак камынып.

Жарнак, көрнөк көчөгө,
Жалаяктай жайылып.
Шаңшып чыгат шайырлар,
Шарты сонун табылып.





Саясатты сайрайбыз,
Самын жасай албайбыз.
Шайлоо десе кыргыздар.
Шакар болуп кайнайбыз.
Тандап ..тандап...акыры..
Таз жоруну шайлайбыз.

Шакар болуп кайнайлы,
Булбул болуп сайрайлы.
Калкым өзү тараза.
Калыстыктан тайбайлы.
Бакылдашкан бүгүнкү.
Парламентти талдайлы.

Жүз жыйырма баш эсеби,
Жүрдү ээрчишип Текени.
Жыргап алды өздөрү,
Жылыткан жок чекени.
Жандары анык чыккан кез,
Жакындаса кетери.

Евро үйгө кирүшти,
Евро кийим кийишти.
Эшектин жеп чучугун,
Евро мыйзам чийишти.
Кылган иши душмандай,
Кыргыздарга  тийиштүү.

Элге журтка караштуу,
Эмне калды жарактуу?
Беш бөлүнгөн басмачы,
Беш жагынан талашты.
Катындарын тойгузуп,
Жакындарга  таратты.

Талап алып мекенди,
Тапкансышат бекерди.
Олигархтар чачкан сом,
Айдан түшкөн экенби?
Тойушкан жок буга да.
Токтун баасын көтөрдү.





Өкүмөт жок туруктуу,
Өз билгенин кылышты.
Бабановду байкатпай,
Байталынан жыгышты.
Жантөрөнү жайлашып,
Жоомартты алып тынышты.

Калса мүлктөн жактырып,
Канчыгына жаздырып.
Сакталганын мураска,
Сариевге саттырып,
Талоон кылган парламент,
Тарап кетет каткырып.

Бирөө чыкпай намыстуу,
Бут алтынга жабышты.
Кум-Төрдөгү шайканын,
Кулу болуп калышты.
Эрип жаткан мөңгүдой,
Элдин жашын агызды.

Арам ишти билишкен,
Аралашып жүрүшкон.
Ак калпакчан баштарын,
Аткинсонго ийишкен,
Садага НЕ кетишПЕЙТ
Садыр деген жигиттен.

Ар-Намыстуу эл элек,
Андай ызаа көрө элек.
Батукаев кетти го
Башыбызды тебелеп!
Күнөөлүлөр   табылбай,
Бирөө да  жооп бере элек.

Шанс бергиле бизге деп,
Шакалдарын тизмелеп.
Байкуш көргөн ажону,
Басмачылык күч келет.
Коконду чаап алгансып,
Корбашылар түш көрөт.





Шайла мейли шайлаба,
Кайна мейли кайнаба.
Керсейишип турушат,
Келебиз деп кайра да.
Шариятка такашты,
Шайланат деп бай гана.

Атамбаев сүйлөсүн
Атпай кыргыз бийлесин.
Басмачылар коркутса
Башын кантип ийбесин.
Кетер күнүн санабай.
Кетпеймин деп жүрбөсүн.

Текебаев сүйлөсүн,
Текши кыргыз бийлесин.
Мародер деп айтпайлы,
Марттык кылып жүрбөсүн.
Эркек алган эркекти,
Эшек мыйзам чийбесин.
өзү да эрге тийбесин!!

Жээнбеков сүйлөсүн,
Жээндери бийлесин.
Кызы сүйсө кытайды(ханзу)
Кыргыз неге сүйбөсүн.
Кара-Кулжа, Ош жакты,
Ханзу кылып ийбесин.

Беш партлидер сүйлөсүн,
Бечаралар бийлесин.
Теспелерин жөн тартсын,
Кесмелерин илбесин.
Эл, журт толук түшүндү,
Эч пайдасы тийбесин.

Атамбаев көсөмү,
Текебаев чечени.
Парламентте толтура,
Бакиевдин тезеги.
Юрсландын сойгону
Ушулардын эшеги!!





Партиялар эки жүз,
Башка уюмдар жети жүз.
Көптүгүнөн «акылман»,
Көк мээ болгон кезибиз.
Шакалдарды шайлайбыз,
Шайланбайбыз өзүбүз.

Курал кылып акчаны,
Куулар жортуул баштады.
Чылым келбес тыйынга,
Чыгат добуш сатканы.
От чыкпасын ортодон,
Ойлон эрте жаш кары!

## КЕҢЕШИ ....... КЕСКЕН ЖОК.

Өзгөлөр айткан “барандай”,
Өз жолун кыргыз таба албай....
Убара. Чейрек кылымдай.....
Убакыт учат шамалдай.

“Демооруу” жуккан жаштары,
Делбетап болгон адамдай.
“Арак-оорулуу” азайса,
Андан, “Араб-оорусу” жамандай.....

Жат нерсени шумдар жамашып,
Же, анысы калбайт жарашып.
Байлыкты басып алгандар
Бийликти жүрөт талашып.

Күтпөй да калдык жакшылык,
Бүттү го такыр жадатып.
Сандалып калды кайран эл,
Салт, нарктуу жолдон адашып.





Мыйзамды жазбай кагазга,
Мырзасы түшпөй талашка.
Аткарган жашоо тартибин,
Айлантып салтка, адатка.

Чектеген ажо-кожону,
Чегинен ашып баратса.
Саясат келди сасыган,
Салтыбыз калды каякта?

Кыргыздын көчү баскан жол,
Кыялап кылым... ашкан жол.
Жоо тосуп коргоп мекенин,
Жошодой каны аккан жол,

Уютуп акыл кеңешке,
Туюктан тешик тапкан жол.
Ман кылып бүгүн турбайбы,
Массондор акча чачкан жол.

Урпагы болгон Манастын,
Улутум жолдон адаштың!

Ар-намыс, уят-сыйыт жок,
Акча эле чачса талаштың.

Союлу болдуң - ойлоп көр,
Сом эле берген тараптын.
Басмачы бийлик кылган соң,
Байкушту кайдан аяшсын!

Генийи(А.Ш.А) бир иш чеккен жок,
Кеңеши (Ж.К) чочок кескен жок.
Кыргыздын басар өз жолун,
“Кыйындын “ бири сезген жок.

Мен айтпасам ким айтат,
Мээлери деле жеткен жок.
Он баш мыйзам котордук,
Оңолуп турмуш кеткен жок.

Эми, Адаттагыдан башкараак,
Ажо шайлоо башталат.
Чайкап келген мээбизди,
Чачкандар акча аттанат.





Алданып берсек андайга.
Алты жыл дагы башкарат.
Талпынган талапкерлеге,
Талапты эл койсо аткарат.

Кылбаган сөзүн талаштын,
Курултайын курсун Манастын!,
Партия атын жамынган,
Басмачыларды таратсын.!

Өнүгөт,өсөт кыргызым,
Өз жолу менен шар аксын!
Чалынбай ”дерьмократияга”,
Чалмасын таштап арабдын.!

## КӨСӨМ ЖОК........

Көргөндү кылат башкадан,
Көсөм жок көчтү баштаган.
Акынбыз деген толтура,
Аш менен тойдо какшаган.

Кеңешти кенен салчу экен,
Келечек жолун чалчу экен.
Кылымдап сактап келаткан,
Кыргыздын Улуу салты экен.

Тамырың тереӊ катмардан,
Табылды тарых казгандан.
Улуу журт тура кыргызым,
Улутпуз бүгүн аз калган.


Ааламдын сырын чечкен эл,
Ак булут болуп көчкөн эл.
Калчаптыр жердин бир бетин,
Каганат курган көчмөн эл.





Күн чыккан жерден аттанып,
Күн баткан жерди жазданып.
Кылымдап далай тайпаны,
Кыргыздар келген башкарып.

Өкүмдар баштап Теңирдей,
Тартиби болгон темирдей.
Салт жолу менен келишкен,
Салаалап жикке бөлүнбөй.



# САЛТКА КАЙТ

Күн келди дедик, ЭГЕМЕН!
Күндөбүз бүгүн не деген?
Бактыбыз тоодой деп жүрдүк,
Башка элге башты теңеген.

Жетекте жүрүп көнүппүз,
Желкеге койсо өлүппүз.
Ойлонбой улуу салт жолун,
Орусту эле ээрчип келиппиз.

Ээрчиген сокур, кор экен,
Эл бийлеш татаал жол экен.
Көтөрөөр туусун Улуттун,
Көсөмдөр бизде жок экен.

Демократия,партия ,
Деги,эмине берди калкыма?
Улут жок болуп кетет го,
Үңгүлүү түшпөй салтына





# «ДЕМООРУ»

Акынча салып кеңешти,
Айталы сөздү керектүү.
Үмүткө улам алданып,
Үзүрүн көрбөй эл өттү.

Эгемен заман келгени,
Эл байкуш көрдү эмнени.
Камандар талап өлкөнү,
Заңын да ыраа көрбөдү.

Көр дүйнө колдун кириндей,
Колдон колго өтөт билинбей.
Рухка балта чапкан го,
Утуру берчү ириндей.

Бай болуп шумдар «жапжаңы»,
Баш бербей калды жаштары.
«Дем.ooру» каптап кыргызды,
Делбетап кылып таштады.

Уул, кыз чыгып тыйуудан,
Улуулар калып сыйынан.
Улут, эл чыга баштады,
Уңгулуу жолдун нугунан.

Ар-намыс туусу жыгылып,
Акчага калдык сыйынып.
Теңгени теңдеп келем деп,
Тентиди самсып бир улут.

Сөөгүн жыйнап бел-белден,
«Соодурбай» баштап эл көмгөн.
Ошол «Эр» бирин апкелбейт,
Оруска барып өлгөндөн.

Кири жок Кыргыз дилинде,
Кирдеди сасып бу күндө.
Аша чаап ата салтынан,
Ар элдин жүрөт дининде.





## ЭЛ ТҮШҮНӨ АЛБАДЫ

Жүздөй эле деп коёлу санабай,
Жүздөрүн да тек коёлу карабай.
Жан кыйнаган оору сымал жармашып,
Алдашты алар элди-журтту аябай.

Жүздөй шылуун талап алды байлыкты,
Жүздөй зулум басып алды бийликти.
Кылбаганын душмандардын кылышты,
Кыргызча айтсак “кыргызды итке мин-
гизди”.

Жолубуз жок карыш деле узаган,
Жолтоо кылган баягы эле жүз адам.
Жөргөмүштөй кыргыздарга тор жайып,
Жөөттөрдүн мыйзамына тушаган.

Заман куруп кулу болгон акчанын,
“Адам” дешип, арам акча чачканын.
Бөлүп элди, ээрчитишип жүз бөлөк,
Бириктиргис кылып салды баштарын.

"Жыргатат" деп кытай келсе иш берип,
Жылмыңдашат сөздү туюк бүткөрүп.
Энөө кыргыз эмнегедир байкабайт,
Элди, журтту салышканын жүз бөлүп.

Малай кылып, малдай айдап алганын,
Маң болгон эл эч түшүнө албадың.
Кутулбасаң жүз шүмшүктөн эртерээк,
Кул болушат балдарына балдарың.

Ак калпактуу кыргыз туруп улутуң,
Акчалуунун неге малай, кулусуң?
Өлгөнү ошол Ардын дагы Намыстын,
Өчкөнү ошо Рухтагы угутуң!.

Көйгөйдү тарткан киши көп,
Көбүнүн чачтан иши көп.
Акындын жыргал, азабын,
Акындар гана түшүнөт.





Ойдо жок кезде жазылып,
Ойлорум кетти чачылып.
Кызыккан адам окуса,
Кызылын алар сапырып.

Каптады ойлор тумандай...
Калыптыр катым уланбай.
Ак үйгө балдар өкүрүп...
Акылды калдым жыя албай.

Саат сайын болуп жаңылык,
Саясат жатса жаңырып.
Шайтандар ачык кеңешип,
Шайлоого жатса камынып...

Имишти уккан ар кандай,
Ит болуп адам калгандай.
Чычалай берсе далилсиз,
Чындык да болот жалгандай.

Башкага болот санак дейт,
Бармактын тагын алат дейт.
Сөлкөбай келсе «западдан»,
Сөйкөнү дагы тагат дейт.

Болот дейт паспорт башкача,
Болжол го... болот тактаса.
«Уялаш» болоор бекенбиз,
Улуттун атын жазбаса.

Адамды мендей карыткан,
Айтаар сөзүм бар тарыхтан.
Көчүбүз жарга такалды,
Көз салбай айтам алыстан.





## САЛТ БАР ЭЛЕ

Көңүлүнө кир сактоону билбеген,
Көрүнгөндү сөсүз үйгө жүр деген.
Кирпигинин арасынан кыргыздын,
Кирди душман эгемендик күч менен.

Кирди үйүнө, кирди жалкоо жаныңа,
Кирген турат ойгонбосоң каныңа.
Ириткени дилиндеги рухту,
Ичтен, тыштан иштеп жатат жабыла.

Бааны бычкан намысыңа, арыңа,
Базар-заман, арзан алат аны да.
Эбак эле «прихваттап» кетишкен,
Эл башы деп отургандар тагына.

Салт бар эле, жол бар эле кыргызда,
Салып келген элди-журтту бир нукка.
Арам сийдик мыйзам-ченем, жол-жобо,
Анык болду сиңбейт экен турмушка.

Анык болду, сиңбейт биздин турмушка,
Кыргыз гана күйөт экен кыргызга.
Оору чачып жүргөндөрдү элиме,
«Оптом» бүгүн ашаткым бар кыргызча.

Коммунисттер өрттөп кызыл билетин,
Өлүп-талып бербей бийлик сересин.
Жамынышып демократия дегенге,
Жөөттөрдүн билбей тузак, желесин.

Бири-бирин тебелеген эл белек?
Болгон эмес бийлик бөлөк, эл бөлөк.
«Чоңдугуна чокоюм» деп кедейи,
Чоңдор өзүн сезген эмес өйдөрөөк.

Болсо дагы көсөмдөрү, чечени,
Болгон эмес элден аттап өтөөрү.
Ыйласа ыйлап, күлсө күлгөн эл менен,
Ыйык болгон меккеден да, мекени.





Болуп келген байлык, бийлик талашы,
Болгон эмес сырттан келген арачы.
Жалпы журттан бүтүм чыкса ылайык,
Жаратканды̆н буйругундай саначу.

Адам тургай, ар бир затты жараткан,
Жайгаштырган өз орду бар жарашкан.
Талкаланып жок болоору белгилүү,
Табияттын мыйзамынан адашкан.

Жөөт кирип чыккан элдер ооручу,
Жөтөл эмес «демократия» оорусу.
Ирип кетти кислота куйгандай,
Ирак баштап арабдардын коому ушу.

# АЛТЫМЫШТАН АШКАНДАРГА

"Кыргызмын" деп бүгүн тирүү баскандар,
Турмуштун бул балын, уусун таткандар.
Адам атын, ар намысын булгабай,
Арууланып алтымыштан ашкандар.

Өлкө болуп көтөрүлсө түндүгүң,
Өз колуңа тийип турса бийлигиң.
Көз арткандар уусун чачат тымызын,
Көпкөн балдар тебелешет бир-бирин.

Жыйырма жылдай жылбай турат көчүбүз,
Жыккан, чалган, бастырбаган өзүбүз.
Улут, Өлкө чачылабы чаңга окшоп,
Ушу биздин тирүү туруп көзүбүз?!

Курактабыз ажалга тик караган,
Уятты биз өлүмгө тең санаган.
Эгер мезгил талап кылса берели,
Эл, жер үчүн жаныбыз жок аяган!





Эки жолу жасагандан төңкөрүш,
Элиң жыргап, оңолгон жок өлкөбүз.
Алып-сатар, басмачылар башкарып,
Анык шорго түшүптүрбүз көрсө биз.

Кыргыз жатса самсып, тентип чачылып,
Кытайларды улам жатат чакырып.
Жоголбосо басмачылар бийликтен,
Жок болобуз Үркөргө окшош аз улут.

Кыйналгандын болот чеги, ченеми,
Кайнап турат жанар тоодой эл эми.
Адашпастан кылым, доордо кыргыздар,
Агып келген нукка салып көрөлү.

Ар намысты туудай келген көтөрүп,
Ата салтын өрнөк кылып өтөлүк.
Кыл үстүндө турган Мекен тагдырын,
Кыргыз эли, акыл менен чечелик.

Элдин, журттун бар чыгар деп убалы,
Эстүүлөрү бул бийликтен чыгабы?
Автоматты дүрмөттөшүп турушса,
Аксакалдар, окту тосуп чыгалы!





## КУЛ БАЗАР

Кул базарга келгиле келе элегиң,
Кул болгула, кул болуп көрө элегиң.
Же кул жумшап бир күндүк жумушуңа,
Жемелегин жекирип, жемелегин.

Бул жерге курган турмуш кыстап келет,
Адам деген атын да тыштап келет
Эшектей иштеймин деп эшек болуп,
Эзилип эт жүрөгү сыздап келет.

Бирөөнүн күндө жаңы болуп кулу,
Бүлбүлдөп үмүт менен ой учкуну.
Тим эле жерге кирип кеткиң келет,
Тиктебей балдарыңды, колуктуңу.

Мырзалар келаткансып мал аралап,
Кулдарды малдай сынап, карап алат.
Усталар улутунса арзан кетип,
Шордуулар кык ташышат арабалап.

Жакпасаң өтө берет карап гана,
Жактырса тазалайсың ажаткана.
Дөөлөттүн күчүн сезсин дегендер бар,
Дөгүрсүп олурая карап сага.

Тартынбастан келе бер бул базарга,
Табылат сырдашар да, чырдашар да.
Кээде бар, кээде болбойт жумуш деген,
Кетесиң кечке туруп күн батарда.

Турушат Көлдүк, Чүйлүк, Таластыгың,
Тизилет Ош, Жалал-Абад тараптыгың.
Так талашат мыктылар, бак талашат,
Жугундусун шордуулар талашкының.

Жөн турушпай кулдар да бөлүнүшүп,
Жөкөрүндөй хан, бектин көрүнүшүп.
Сарбагышын, бугусун сабап кирет,
Самогонду өбүшүп бөлүп ичип.





Куулары кул базарды курган кыргыз,
Кулдары да купшуңдап турган кыргыз.
Күзгүдөн  карасакчы  өзүбүздү,
Күзгү болуп чачырап сынбай кыргыз.

Жашообуз такалганда барып жарга,
Кел иште, кул деренге намыстанба.
Кыйындык ийлеп, ийлеп тез бышырат
Кыргыздар чыдамдуубуз кайыштан да.

Шишиктер толгондугу билине элек,
Шишедей жарылуучу күнү келет.
Самандай сапырылат мажүрөөлөр,
Замандын биз көтөрчү жүгү бөлөк

# ШАЛКЫ КҮҮ

Базарыбыз «Ош» болду,
Баарынын колу бош болду.
Чечинип тосту селкилер,
Чет элден келген досторду.

Комокко комок чапташып,
Комокто желим кап сатып.
Мас туруп калдык, мас жатып.

Белгисиз алган, сатканы,
Бет келди толо басканы.
Жайдандап «жаңы» кыргыздар,
«Эскилер» базар таптады.

Кыйнаган кимдер өз элин,
Кыйраткан кимдер Мекенин.
Көз айнек кийген «көсөмдөр»,
Көрсө эле көрөт төшөгүн.





Эрден чыккан катындан,
Элден чыккан «акын» көп.
Минден бири айткан жок,
Мидикемдей асыл кеп

## ЧЫН КУРАНДЫН ЖЕТИСИНДЕ

*(7-апрель)*

Майрамдайбыз кантип кайсы бет менен
Майданды ошол пенде барбы эстеген..??.
Кырылышып… кыргыз атып кыргызды…
Кызыл канын КЫРГЫЗ өзү тепсеген.!!

Майрамдайбыз кантип, кандай бет менен!
Маркумдарды барбы ак үйдө эстеген??.
Акыйткаттык, чындык үчүн деп келип,
Аткан окту тосуп берген төш менен.

Майрамдайбыз билбейм кайсы бет менен!?
Майыптарды бүгүн ким бар эстеген? ,
Манаайларын жадыратып тургансып,
Маянасы дарсына жетпеген.





Майрамдайбыз бүгүн кайсы бет менен?!
Максатына кыргыз калса жетпеген!
Манап толсо акүй менен көк үйгө,
Мансабынан жыйрма жылдап кетпеген.

Майрамдайбыз билбейм кандай бет менен,
Маскарад го мансапттуулар көксөгөн.
Басып алып бийлик, байлык дегенди,
«Бардак» курса эч маселе чечпеген.

## ТОСТ

Кыргызың да “киргизиң” алгыла,
Толо куюп тост көтөрөм бүгүн мен.
Эч ойу жок эркегиң мас, зайбың мас,
Элден болдук эртеңкиден түңүлгөн.
Амалкөйлөр ийлейт бизди камырдай,
Азаматтар жашык чыкты ийилген.

Эр жигиттер колун карап зайбынын,
Эптеп тирүү жүргөнүнө сүйүнгөн.
Карап көрсөң заманаңды, күнүңдү,
Каның токтоп, ток жүгүрөт жүлүндөн
Көтөргүлө! Көңүлдөрү чөккөндөр!
Көз жашындай жалаң арак шимирген!

Айдалбай жаткан аңыздар үчүн.
Суу акпай калган арыктар үчүн.
Суурдан башка мал барбас болуп,
Сумсайган жайлоо, жайыттар үчүн.
Жумушсуз баскан жигиттер үчүн,
Жулунуп чыккан зайыптар үчүн!





Тепсенди болгон мазарлар үчүн,
Теңселткен элди базарлар үчүн.
Башыңды чайкап баа быча салчу,
Базардагы алып-сатарлар үчүн,
Адамга адам карышкыр болгон,
Заманды курган шакалдар үчүн!

Кытайдан келчү товарлар үчүн,
Кымырып алчу “наварлар” үчүн.
Ак үйгө кирип чыккандар үчүн,
Адалдары үчүн, арамдары үчүн.
Кошомат кылып көчүктү сүрткөн,
“Козелдор “үчүн “барандар” үчүн!

Сатылып жаткан папкалар үчүн,
Сапырып алчу акчалар үчүн,
Онтосоң жылбас турмуштай болгон
Ош базардагы тачкалар үчүн.
Кутуруп жүргөн “крутойлор” үчүн.
Кул базардагы ачкалар үчүн!

Партия, коом,агымдар үчүн.
Батектей бети калыңдар үчүн.
Ооздон жалын от күйгөн кезде,
Отунсуз калган айылдар үчүн.
Теринди сыйрып Текеске сатып,
Темирди аш кылган карындар үчүн!

Жардамга келчү Соростор үчүн,
Жакалашкан "короздор" үчүн.
Кийерге таппас "керз" өтүк үчүн,
Кирпикке сүрткөн бойоктор үчүн,
Депутат болом деп жүргөн кезде,
Делөөрүп айткан жомоктор үчүн!

Жогорку, кичи кеңештер үчүн,
Жоон топ көңдөй челектер үчүн.
Кыянат, кылмыш иштерди жасап,
Кыйшайчу кылы эместер үчүн,
Кебетеси кеткен шаарлар үчүн,
Кемпир-чал калган элет жер үчүн!





Ар үйгө кирген масчылык үчүн,
Акылдарды алган азгырык үчүн.
Тартуута берчү четинен жерди,
Так минип турган таксырың үчүн.
Аксыдан чыккан өкүрүк үчүн,
Ак үйдөн чыккан каткырык үчүн!

Ооз менен оргон ороктор үчүн,
Оорду эстен чыккан заводдор үчүн.
Чечинип чыккан селкилер үчүн,
Чет элден келген коноктор үчүн.
"Желиндеп" койчу кыздарың үчүн,
Желим кап саткан комоктор үчүн!

Сексти көрчү тасмалар үчүн,
Сезимди козгоор басмалар үчүн.
Ажыга барып азанап келген,
Ажилер үчүн,акталар үчүн.
Сайраган сасык саясат үчүн,
"Самапат" үчүн,накталар үчүн!

Сарбагыш, Бугу, Саяктар үчүн,
Саясий катуу талаштар үчүн.
Кайнаса каны кошулгус болуп,
Кармашып турчу тараптар үчүн!
Жер бөлүп алган жеке таз үчүн,
Элбөлүп турчу манаптар үчүн!

Жапжаңы ак сөөк байларың үчүн,
Эскирип журтта калганың үчүн.
"Контракт" менен чоң окуу бүтүп,
Жалтырак диплом алганың үчүн!
Дубалын согуп, пиязын отоп,
Дунгандан кийген дамбалың үчүн!

"Общий дом" мекен жерибиз үчүн,
"Обьщакка" кеткен кенибиз үчүн.
Орустан үркүп качканын унтуп,
Оруска кирген элибиз үчүн.
Эшикти кенен, чоoң ачып таштап,
Көчүтөн чыгар желибиз үчүн!





Тартипти сактайт дегендер үчүн,
Талканды майлуу жегендер үчүн.
Ак үйдөгү элдин ичи өтүп кетсе,
Аарчышка."..өтүн" белендер үчүн.
Акчанын жытын алыстан билип,
Арыз укпай турган керендер үчүн!

Сот деген өкүм чыгарганы үчүн,
Соо бүтпөй жылдап уланганы үчүн.
Сокуга жанчып мыйзамды түзөп,
Созулуп чыккан "тумандар үчүн.
Таңгактап сунган долларбай үчүн.
Тайраңдап жүргөн жылаандар үчүн!

Саясий, коомдук ишмерлер үчүн,
Салыктан качкан ишкерлер үчүн.
Алладан башка алы да жетпес,
Акүйдөн кожо күткөндөр үчүн.
Пайда издеп жүрүп банкрот болуп,
Баштары жыдып бүткөндөр үчүн!

Акчасыз көрбөс врачтар үчүн,
Акүйдү сааган" браттар"үчүн.
Жетекчи болбой эгемен элге,
Жетекте калган жыластар үчүн.
Кадимки "чылык" "былыктар" үчүн,
Каныңа синген мурастар үчүн!

Жыгылып, турчу сомубуз үчүн,
Жыртылып бүткөн тонубуз үчүн.
Акылга сыйбас карзыбыз үчүн,
Арылбай турган шорубуз үчүн.
Айрандай болуп төгүлүп турган,
Арыбыз үчүн, корубуз үчүн!!

Басмачы бийлик турганда
Батынбай келдик жазгандан,
Байлык жок түшкөн асмандан.
"Бай" дегендердин баары – ууру,
Башында, азыр да, элди башкарган.
Мингендери Джип – танкадай,

Салгандары бүт – Хансарай.
Алгандары бир чойоке,
Дээрленсе, деми – Ханшадай.
Эсепте жалаң айлыгы,
Эсепсиз каткан байлыгы.
Ачкадан өлчү немелер,

Акча деп тартат кайгыны.
Ээн эркин баспайт алчактап,
Эл-журтту карайт жалтактап.
Жашоосу бир иттин жашоосу,
Жан сакчы күтүп, жан сактап.

Бастырып ишке келгени,
Байлардын кылган эрмеги.
Кызматты сатып алгандар,
Кыйратат эле эмнени?

Кыргыз эл жетпейт жыргалга,
Кыйындайт жашоо мындан да.
"Партия" деген ат менен,
Басмачы бийлик турганда.

## “МАНКУРТИЗМ”

Таштандыга таштап салган баласын,
Таш боор,мерез кыздарга таң каласың.
Чыйпылдаган балапанга үйрүлүп.
Чымчык деле калкалайт ко канатын?

Күчүгүнө имерилет ит деле,
Итче болбой калган наадан бизде эле.
Ата болбой ,аңги болгон жигиттер,
“Арстан,жолборс” жүз граммды ичсе эле!

Тукум курут болуш оңой эл үчүн,
Туягынын мал каалабайт өлүшүн.
Уй байкуш да кайра туруп келчүдөй,
Музоосунун жыттай берет терисин!

Мыкаачылар кечээ көктөн түшпөдү,
Мыжып эзди элин кыргыз “бектери”.
Жанталашкан шордуу кыздар бала эмес,
Жандарынан араң турат кечкени!





Таштай каткан, муздай тоңгон боорубуз,
Баштагыдай эл эмеспиз, оорубуз.
Майда барат чайкоочулар башкарып,
“Манкуртизм” жашап жаткан доорубуз!

Арык койдой өз козусун жериген,
Арсыз корсуз кыздар чыкты элиңен.
Бычынсыздар парламентке шыкалды,
Бычакка сап чыкпай жигитериңен.

Оо,Жараткан көргөздүң го шумдукту!
Неге мынча мүңкүрөттүң кыргызды!?
Туугандарга сүйүнчүгө чапкан эл,
Туулганын туалетке ыргытты!

Таштай каткан, муздай тоңгон боорубуз,
Баштагыдай эл эмеспиз оорубуз.
Майда барат чайкоочулар мээ чайкап,
МАҢКУРТИЗМ жашап жаткан доору-
буз!!

# КЫРГЫЗЫМ ТАПКЫН ЖОЛУҢДУ

Киргизбей жатты ичине,
Кийлигиштирбей ишине.
Өнүгүп өстү түркмөндөр,
Өлкөсү биздей кичине.

Согушуп бийлик талашкан,
Соолугуп кайра жарашкан.
Жөөлөгөн бизди тажиктер,
Жолуна түштү адашкан.

Орустун алган көмөгүн,
Орус – деп билген өнөгүн.
Казактар бизге тыңсынат,
Катуурак айтат өлөңүн.

Батыштын албай акылын,
Орустун чектеп басымын.
Салт жолун бекем кармаган,
Сарттар да өстү акырын.





Батышты туурап башкарып,
Орусту карап жазганып.
Кыргыздар күнгө туш келди,
Кытайга калчу тапталып.

Токтотуп бардык оюнду,
Топтогун акыл, оюңду.
Кыргызча куруп КУРУЛТАЙ,
Кыргызым тапкын жолуңду!

# ЧАКЫРЫК

(Алты жыл мурда жазган ыр,
«Асаба» гезит баскан ыр.
Жашоого турат дал келип,
Жаңылык жок да башка бир.

Жол тоскону жол тосуп.....
Митингиси....митинги..
«Кыйындар» кылган бул ишти,
Кыргызым кайдан түшүндү......)

Арыз укпайт деп кызы ушул Отунбайдын.
Ак үйдүн эшигине отурбаймын.
Өчөшүп өкүмөткө, парламентке,
Өзөрүп өлчүлөргө кошулбаймын.

Аралашкан адалы арамына,
Алдуусу жырткыч болгон чабалына.
Чакырамын күрөшкө кыргыз элин,
Чайкоочулар чайкаган заманына.





Ириткен ийри жылан ичибизде,
Батыштын батып барат тиши бизге.
Партия, партиялап балта чабат,
Баш кошуп туу көтөрчү күчүбүзгө.

Жыйырма жыл чыдап келдик чыдабайбыз,
Жылмакай шылуундарды кубалайбыз.
Ак калпак кыргыз эли өзү чечет,
Ар кимден акыл, акча сурабайбыз.

Кадырма, сөзү өтөт деп балдарына,
Кайрылам жашы өйдөлөп калганына.
Ээрчип келдик жыйырма жыл
шумшуктөрдү,
Ээрчип дагы алданып калбагыла.

Мыйзамын 93түн кайра апкелип,
Мырзаларды бүгүнкү талдап көрүп.
Отургузуп көрөлү түрмөлөргө,
Отургузбай бийликке мандат берип.

## МАЗМУНУ


Көөдөн кыйкырыгы ................................ 2
Парламент ............................................ 20
Жүргөндөй он сегизге ............................ 71
Чыккан бойдон ...................................... 71
Арна деген аяш небереме ....................... 72
Кыз узатуу ............................................ 73
Кайырчы ............................................... 75
Залкарлар эстен чыгышпайт .................. 77
Мен ант берем ....................................... 80
Сөзүм калаар сүйлөгөн .......................... 82
Сен мени оорубайт деп ойлойсунбу.... 83
Дүрүдүм дүрүдүм ажонун ариясы ... 84
Жолдогу бала ........................................ 86
Кайырчы ............................................... 88
«Эркектер эркекче эле көрүшкүлө» .. 90
Сенсиз мага .......................................... 92
Тосуп алчы үрүмчү ................................ 93
Өзүм жөнүндө ....................................... 95
Ак калпак ............................................. 96
Ташталаган наристелер ........................ 98
Досторго кайрылуу ............................... 99







Кино үчүн «кыз кыялын ........................101
Жигиттер биз туялы» ...........................101
Барга шүгүр кылалык ...........................103
Асманда жазылган ыр ..........................105
Эсимде ..................................................107
Кыял .....................................................108
Сезим ....................................................109
Үмүт .....................................................110
Аксакалдар айлыбыздын көркү эле 111
Өмүр .....................................................113
Бир кыргызды бөлбөгүн .......................125
[illegible] төрөлгөн .................................127
[illegible] арманы .......................................127
[illegible] ........................................................133
[illegible] калган арман ...........................136
[illegible] шайлоо .....................................142
[illegible] курултай ..................................148
[illegible] ....................................................154
[illegible] Керимбаев
[illegible] ..............................................211
[illegible] ..............................................215
[illegible] Кескен жок .............................226

**Көсөм жок............................................ 230**
**Салтка кайт ........................................... 232**
**«Демоору»............................................. 233**
**Эл түшүнө албады .................................. 235**
**Салт бар эле ........................................... 239**
**Алтымыштан........................................... 242**
**Ашкандарга ............................................ 242**
**Кулбазар ................................................ 245**
**Шалкы күү.............................................. 248**
**Чын курандын......................................... 250**
**Жетисинде .............................................. 250**
**Тост......................................................... 252**
**"манкуртизм" ........................................ 260**
**Кыргызым тапкын жолуңду ............ 262**
**Чакырык ................................................ 264**

**КӨӨДӨН КЫЙКЫРЫГЫ**

**Рахман Разыков**
**Кадырбек Керимбаев**

Басууга 16.09.2017-ж. кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Форматы 70х100 1/32.
Көлөмү 16,75 б.т. Нускасы 5000д.



*Урматтуу [illegible]*
*Мукарам[illegible]*
*Китепти басма[illegible]*
*га кошкон [illegible]*
*чоң [illegible]!*
*Үй[illegible] [illegible]*
*ңыздын небере[illegible]*
*жакшылыктар[illegible]*
*өмүр сүрүңүз!*
*Урматым [illegible]*

*[illegible]*

*Ыр болуп менин акыл [illegible]*
*Ыр жазып өтөт алтын [illegible]*
*Элүүдөн ашкан кезде сезим [illegible]*
*Эргиген жүрөгүмдө [illegible]*
*Аңтарып жан [illegible]*
*Аталдын [illegible]*

